Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КЫРГЫЗ ТИЛИ 6

*Жалпы орто билим берүүчү мектептеринин 6-классы үчүн окуу китеби*

Жаңы басылышы

Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги басууга сунуш кылган



ТАШКЕНТ – 2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УЎК 811.512.154(075.3)
ББК 81.2(5Кир)я72
У 69

**Түзүүчүлөр:**

Ш. Уринбаева, Г. Шерматова

**Пикир жазгандар:**

**Н. Алисултанова** – Андижан мамлекеттик университетинин Кыргыз тили жана адабияты багытынын улук окутуучусу, филология илимдери боюнча философия доктору (PhD).

**Г. Маматхалилова** – Андижан облусунун Жалакудук районундагы 29-жалпы билим берүүчү мектептин кыргыз тили жана адабият мугалими.

**М. Каламбекова** – Андижан облусунун Коргонтөбө районундагы 29-жалпы билим берүүчү мектептин кыргыз тили жана адабият мугалими.

## ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР:

– текст менен иштөө

– угуп түшүнүү

– оюн

– накыл сөздөр

– грамматикалык тапшырма

– топтор менен иштөө

– үйгө тапшырмалар

?! – суроолор

Оргинал-макет «O‘zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө даярдалды.

Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.

ISBN 978-9943-8174-0-1

© Республикалык билим берүү борбору 2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МАЗМУНУ

## I БӨЛҮМ. МЕН, СЕН, АЛ ЖАНА АЛАР

Киришүү ........ 5

Тил –пикир алышуунун маанилүү куралы ........ 8
Дарыканада ........ 12
Базар кылууну билесиңби? ........ 25
Тектеш элдер ........ 34

## II БӨЛҮМ. ЖАРАТЫЛЫШ ЖАНА БИЗ

Тоолор – жердин казыктары ........ 44
Суу – өмүрдүн азыгы ........ 49
Экологиялык ыйман ........ 52
Кайра иштелип чыгуучу таштандылар ........ 56

## III БӨЛҮМ. ДЕН СООЛУК–ТЕРЕҢ БАЙЛЫК

Көз нурун асыроо керек ........ 62
Артыкча тамактануу ден соолукка зыяндыгы. ........ 65
Боор – эң мээнеткеч мүчө ........ 69
Сүзүүнү билесиңби? ........ 73

## IV БӨЛҮМ. КЕСИБИМ – СЫЙМЫГЫМ

Жөндөмдүүлүк жана кызыгуу. ........ 78
Дарыгер ........ 85
Дыйкан элди багат. ........ 88
Компьютер графика ........ 93
Журналист кесиби ........ 96

## V БӨЛҮМ. ЖАШ ЭКОНОМИСТ

Салыктарды төлөп барасыңарбы? ........ 110
Коммуналдык төлөмлөр ........ 113
Структуралык бөлүмдөр ........ 114

## VI БӨЛҮМ. ИЛИМ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАР

Интернет жана электрондук почта. ........ 118
Менделеев элементтери ........ 122
Техника коопсуздугу. ........ 128



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## VII БӨЛҮМ. ТИЛ ЖАНА ДИЛ

Имам аль-Бухарий... 134
Англис тили – дүйнө тили 142
Саякатчыларга «гид»дик кылсамчы? 145

## VIII БӨЛҮМ. ТАРЫХ КАЗЫНАЛАРЫ

Муздук доор 150
Ал дүйнөнү өзгөрткөн 153
Улуу жибек жолу 156

## IX БӨЛҮМ. ИСКУССТВО ЖАНА МАДАНИЯТ

Миниатюра жөнүндө түшүнчө. Камалиддин Бекзат 160
Аксарайга сиңдирилген акылмандык 164
Улуттук музыкалык аспаптар 167

## X БӨЛҮМ. БИЗДИН УКУКТАРЫБЫЗ – СЫЙМЫГЫБЫЗ

Конституция – өлкөнү негизги мыйзамы, мамлекеттин өзгөчө укуктук документи 172
Мамлекеттик тилде иш жүргүтүүнү үйрөнөбүз. 175
Мамлекетти ким башкарат? 178
Өз депутатыңды билесиңби? 181



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## КИРИШҮҮ

Урматтуу окуучум!

Бул окуу китеби толукталып, «Кыргыз тили» сабагы боюнча базалык билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына эне тилин сапаттуу жана натыйжалуу окутуунун сыналган тажрыйбаларына, педагогикалык жана практикалык өбөлгөлөрүнө таянып түзүлдү. Ошондой эле окуу китебинде маалымат технологияларын колдонуп, окуучулардын долбоордук жана изилдөөчүлүк ишмердикке катышуусу каралган. Окуу китебиндеги материалдар окуучуларга улуттук идея жана элибиздин тарыхы, каада-салттары, маданий өзгөчөлүктөрү, жалпы адамзатка тиешелүү рухий баалуулуктары менен таанышууга өбөлгө түзөт. Ошондой эле бул материалдарды үйрөнүү менен кеп ишмердиктин түрлөрүн (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу) комплекстүү өнүктүрүүгө багытталды.

Окуу китебинин мазмуну таанып-билүүчү материалдарга багытталган; машыктыруучу тапшырмалардын комплекси кыргыз тилинде активдүү баарлашууну жөнгө салат; тексттер дискуссия жана аңгемелешүү жүргүзүү үчүн пикир алышуу материалынын кызматын аткарат.

Китепте сунуш кылынган ар бир тема төмөнкүлөрдү камтыйт:

– лексика-грамматикалык көндүмдөрдү калыптандыруучу тапшырмалардын комплексин;

– угуп түшүнүү, сүйлөө, окуп түшүнүү жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруучу тапшырмалардын комплексин;

– негизги жашоо чөйрөлөрү менен байланышкан маалыматты угуп түшүнүү;

– жөнөкөй суроолорду колдонуу менен маектешүүчүдөн керектүү маалыматты сурап билүү;

– кызыктырган бир тема боюнча өз пикири менен бөлүшүү;

– алдын ала даярдыксыз түрдүү темаларды талкуулоо;

– байланыштуу текст түзүү;

– түрдүү типтеги жана мүнөздөгү тексттерди окуп түшүнүү жана түзүү (мисалы, аңгеме, интервью, диалогдор, баяндамалар);

– тиги же бул маселелер боюнча көз караштарын аргументтеп берүү;

– силерди кызыктырган ар кандай темада кеңири маалымат түзүү жана түшүндүрмө берүү;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– грамматика боюнча практикалык тапшырмаларды аткаруу көндүмдөрүн машыктыруу;

– окшоштуктар боюнча тапшырмаларды аткаруу;

– сүйлөмдөрдүн маанисин грамматикалык жактан толуктоо;

– текстти окуп түшүнүү боюнча тапшырмалардагы суроолорду талдоо;

– тексттен керектүү маалыматты иргеп алуу;

– текстти окуп түшүнүү боюнча тапшырмаларды, суроолорду талдоо ж. б.

Ошондой эле бул окуу китеби мүмкүн болушунча жаңыча, жаңы көз караш, жаңы идея менен түзүлдү. Бул болсо силердин азыркы талапка ылайык билим алышыңарды камсыз кылат деп ойлойбуз.

Окуу китебинде грамматикалык эрежелерди үйрөнүүнүн практикалык жагына көбүрөөк көңүл бурулган. Ошондуктан силер берилген тапшырмаларды, көнүгүүлөрдү аткарганда анын маанисин жакшы түшүнүп, турмушта колдоно алууга жетишкиле.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# I БӨЛҮМ. МЕН, СЕН, АЛ ЖАНА АЛАР




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ТИЛ – ПИКИР АЛЫШУУНУН МААНИЛҮҮ КУРАЛЫ

Тил – улуттун баа жеткис зор байлыгы.

Тил – улуттук руханий курал, ал улуттун мүнөзүн, өз алдынчалыгын айкындайт. Ошондой эле улуттардын ортосундагы байланыштын, пикир алышуунун куралы.

Тил байлыгы – учу-кыйыры жок, океан,казып бүтпөй турган кен экендиги.

«Илим менен билимге көпүрө – тил, Көкөлөткөн адамдын тили деп бил»,– деген накыл сөзүндө Жусуп Баласагын эмне үчүн тилди жогору баалаган?

Тил – ар бир улуттун негизги улуттук белгилеринин бири кыргыз элинин улуулугу кылымдар бою өзүнүн улуттук тилин сактап келгендигинде. Тил – улуттун баа жеткис зор байлыгы. Тил– улуттук руханий курал, ал улуттун мүнөзүн, өз алдынчалыгын айкындайт. Тил адам коому менен бирге пайда болгон жана аны менен бирге өсүп өнүгөт.Коом өнүккөн сайын, тилдин лексикасы байып, грамматикалык түзүлүшү өркүндөй берет. Тил – пикир алышуунун куралы, адамдар ортосундагы байланышты, баарлашууну, карым-катышты тейлөөчү каражат. Эгерде тил болбосо, өз ара пикир алышууга, биргелешип эмгектентенүүгө мүмкүн эмес. Турмушта мунун баары оозеки да, жазуу аркылуу да ишке ашырылат. Ошондуктан тил аркылуу берилип жаткан ой-пикир угуу жана көрүү аркылуу кабыл алынат. Натыйжада оозеки айтуу сүйлөшүп жаткан белгилүү мезгилдин бир гана учурунда кызмат өтөсө, жазуу аркылуу берилген кеп узак мезгилге чейин сакталып, адам баласынын бир канча муундарын курал катары байланыштырат. Ошентип, тил пикир алышуунун эң маанилүү куралы. Ошондуктан биз эне тилибизди урматтоого, аны сүйүүгө жана үйрөнүүгө тийишпиз.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Тексттин негизги маанайы эмне жөнүндө?
2. Тилди эмне үчүн ар бир элдин негизги улуттук белгилеринен бири дейбиз?
3. Коом өнүккөн сайын тилде кандай өзгөрүүлөргө жетишет?
4. Биздин пикир алышуубузда тилден башка кандай каражаттар бар деп ойлойсуңар?
5. Тил аркылуу кандай улуулуктарга жетишүү мүмкүн жана кандай жолдор менен?
6. Тексттин мазмунунан кандай тыянак чыгарууга болот?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Тил жөнүндө макал

Адамга эки нерсе тирек деги, бири тил, бири жүрөктөгү дилиң.
Адамдын даңкын чыгарган да – тил, тарпын чыгарган да – тил.
Акыл сокурга көз, өлөсөгө жан, дудукка тил боло алат.
Ачуу тил – жыландын заары. Таттуу тил – жүрөккө дары.
Ачуу тил таттуу турмушту бузат.
Адамдын даамы тилинде (сөз менен).
Баланын тили «апа» деп чыкса да, атанын тарбиясын алат.
Булбулдун мукам үнү бар, торгойдун жумшак тили бар.

**Тапшырма 1.1.** Төмөнкү текстти окуп чыгып, мазмунун айтып бергиле. Кыргыз тилинин бүгүнкү күндөгү абалы жөнүндө эмне айта аласыңар?

Азыркы дүйнө абдан чоң болгондугуна карабастан, компьютер байланышы күчөп, интернеттин желелери жалпы ааламды аралап турат. Жаңылыктар ушунчалык көп. Бүгүнкү ааламдашуу доорунда тилдер да бири-бирине таасир тийгизип турат. Кыргыз тили – эң байыркы тилдердин бири. Жалпы түрк элдеринин башатын изилдеген Кашкарлык Махмуддун «Түрк тилдери жыйнагы» деген китебинде көп сөздөр азыр да кыргыз тилининин курамында колдонулуп келет. Байыркы Орхон-Энесай таш жазууларын окуй келгенде да биз азыр пайдаланган сөздөр учурайт. Дүйнөдө кайталангыс ири чыгарма болгон «Манас» да кыргыз тилинде жаралган. Эгер кыргыз тили жарды болсо ушундай чоң байлык ушул тилде жаралат беле? Ошондой эле биздин төкмө акындардын айтыш өнөрүн абройлуу ЮНЕСКО уюму да кайталангыс өнөр катары баалады.

Ата-бабабыз бизге мурас калтырган тилибиздин өмүрү – түбөлүктүү. Мына ошол мурасты аздектеп, сыйлап колдонуп, өзөгүн бузбай, көркүн бузбай, кийинки муундарга өткөрөлү. Тилибиз менен мактанып, сыймыктанып, ар дайым башыбызды бийик көтөрүп сүйлөп жүрөлү. Биздин тил сан миңдеген жылдарды, узун тарыхты тулкусуна батырган көрөңгүсү бай тил. Демек, бул тил дүркүрөп өнүгүү жолуна бет аларына терең ишенебиз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.2.** Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор.

1. «Кыргыз тилим кылымдарды карыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан», – ушул сөздөрдүн мааниси текстте кандай чагылдырылган?
2. Кыргыз тилинин эң байыркы тил экендиги жөнүндөгү жыйынтык эмнеге негизделип айтылган?
3. «Эне тилин билбеген элин сүйүп жарытпайт», – деген түшүнүктү ачык чагылдырылган сүйлөмдөр кайсылар?
4. Ата бабабыздан бизге кандай улуу мурас калды?

**Тапшырма. 1.3.** Тексттин мазмунунан кандай тыянакка келдиңер? Эмне үчүн тилди улуу, ыйык, ырыскы катары баалап, аны кадырлайбыз?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Топтор менен иштөө

**Тапшырма 1.4.** Тил жөнүндө айтылган төмөнкү макал-ылакаптарды жана учкул сөздөрдүн маанисин түшүндүрүп чечмелегиле.



***1-топко:***
1) Тил маданияты – эл маданияты.
2) Тил – мамлекеттин күзгүсү.
3) Тил – акылдын жарчысы.
4) Жалган сүйлөп жашаганча, чындыкты айтып өлгөн артык.

***2-топко:***
1) Тил – кылычтан өткүр.
2) Так сөздүн таасири күчтүү.
3) Жакшы сөз пилди да жолго салат.
4) Тилде бут жок, бирок алыска кетет.

**Тапшырма 1.5.** Өз алдынча иштөө.
«Эне тил тагдыры – эл тагдыры» же болбосо.

«Тил өмүрү – эл өмүрү», деген темалардын биринде текст түзүп, анда сүйлөмдөрдүн өз ара байланышына жана ырааттуулугуна көңүл бургула.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Топтор менен иштөө

Белгилүү адамдардын тил жөнүндө айткан цитаталары кимге таандык экенин жана алардын тилге кандай баа бергенин түшүндүрүп бергиле.

***1-топко:*** Тил эң эле ыйык! Ал элпектикти, сулуулукту, тактыкты, уккулуктуулукту талап кылат. Ага кайдыгер кароого болбойт. *(А. Токомбаев.)*

Тил – улуттун жан дүйнөсү. *(Д.С.)*.

***2-топко:*** Эне тилин кадырлабаган адам, элдин өзүн да кадырлабайт.*(Б.Ю).*

Кыргызды кыргыз кылган – кыргыз тили. *(Ч. Айтматов.)*

Өз тилин урматтоо – улутчулдук эмес. *(Ч. Айтматов.)*

***1-топко:*** Кыргыз тилинде: «Баланын тили чыкты. Тили чыгыптыр», – деп айтылат. Муну кандай түшүнөсүңөр? Кыскача пикириңерди жазгыла.

***2-топко:*** Л.Н. Толстойдун «Тилине ээ боло албаган адам, оюна да ээ боло албайт», – деген сөзүн кандай түшүнөсүңөр? Кыскача пикириңерди жазгыла.

## Текст менен иштөө

### ДАРЫКАНАДА

Мен кышында жөтөлүп жүрдүм. Жөтөлгө каршы дары-дармек сатып алууга дарыканага бардым. Дарыканага кирсем, эл көп. Мендей болуп суук тийип, жөтөлүп, ооругандар кезекте турушкан экен. Алар ар кандай дары-дармек сурап сатып алып жатышат. Мен да өз кезегим келгенде провизор менен сүйлөшө баштадым.

– Жөтөлгө каршы кайсы дарыларды ичсем болот?

– АЦЦ, бромгексин, амброксол...

– Кетатифен барбы? Канча сум турат?

1500 сум

– Жакшы. Дагы термопсис чөбүнөн жасалган жөтөлдүн таблеткасы керек. Ал канча турат?

– 5000 сум.

– Мага суюк сироп дары пертуссин микстурасын бериңиз.

– Ал 4000 сум турат. Прополис майы бар. Ал аарынын желиминен жасалат. 12000 сум турат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Эң жакшы экен. Мен сиропту алам.

– Макул. Мына. Эми санайын. 10 таблеткадан 1 байлам мукалтин 8000 сум болду. Термопсис 10 таблеткасы 1 байлам (пачка) 8000 сум болду.

Пертуссин кичине бөтөлкөсү – 4000 сум;

– Баары канча болду?

– 42500 сум.

– Рахмат.

Бул сөзүбүздү угуп тургандар кызыгып угушту. Мен сатып алган дарылар мынчалык арзан экенин көрүп турган аял:

– Булар жөтөлдү дарылайбы? Алардын аталыштарын жазып алайын.

Эмне үчүн арзан? – деди.

– Бул дарылар ар дайым арзан турат! – деп жооп бердим.

– Эмне үчүн булар дарыкананын текчелеринде жок?

– Фармацевтикалык компаниялар арзан дарылар үчүн провизорго кошумча акы төлөйт, себеби биздин өлкөдө элдин саламаттыгын сактоо, элдердин ден соолугуна кам көрүү биринчи орунда турат.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.1.** Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор.

1) Текстти окуп, мазмунун түшүндүрүп бергиле.
2) Дарылардын баасы арзан болсо, дарылар адамдарга жеткиликтүү болот. Дарылар көп адамдарга жеткиликтүү болсо жакшыбы? Эмне үчүн?
3) Силер жашаган жерде дарыкана барбы? Дарыканадан силер эмнелерди сатып аласыңар?

## Грамматика боюнча тапшырмалар

1. Фонетика жана графика жөнүндө түшүнүк бергиле.
2. Тыбыштардын жасалышын жана сүйлөө органдары жөнүндө айтып бергиле.
3. Кыргыз адабий тилиндеги тыбыштарды жана тамгаларды санагыла, канча тамга жана канча тыбыш бар экенин далилдегиле.
4. Тыбыш менен тамганын эрежелерин, бири-биринен болгон айырмачылыгын айтып бергиле.
5. Үндүү тыбыштар деп кандай тыбыштарды айтабыз жана алар канчага бөлүнөт, ар бирине мисалдар келтиргиле.
6. Үнсүз тыбыштар деп кандай тыбыштарды айтабыз жана алардын эмне үчүн уяң, жумшак, каткалаң,түгөйлүү жана түгөйсүз болуп бөлүнүшүн түшүндүрүп бергиле, мисалдар келтиргиле.
7. Фонетикалык талдоо деген эмне?

**Тапшырма 1.2.** Кара тамга менен берилген сөздөргө фонетикалык талдоо жүргүзгүлө, бул сөздөрдүн маанисин түшүндүргүлө жана үндүү жана үнсүз тыбыштардын эрежесин айтып бергиле.

Ү л г ү : жөтөлгө;
*ж* – үнсүз, жумшак түгөйлүү, *ө* – үндүү, кыска, ичке ачык, эриндүү, *т* – үнсүз, каткалаң түгөйлүү, *л* – үнсүз, уяң, *г* – үнсүз, жумшак түгөйлүү,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.3.** Кара тамга менен берилген сөздөрдө канча тамга жана канча тыбыш бар экендигин түшүндүргүлө.

**Тапшырма 1.4.** Тексттеги медицинага байланыштуу сөздөрдү көчүрүп жазып, алардын жазылышы боюнча түшүндүргүле, өзүңөр билген жана башка дары-дармектерди таап, аларды тууралап жазгыла.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

Эне тил алдында кыяматтык карызыбызды унутпай жүрөлү.

*Ч. Айтматов.*

## Текст менен иштөө

«Биринчи байлык – ден соолук» дешет элибизде. Адамдын бактысы – дени сак болуп, өмүрүнүн узак болушу. Ошондуктан ар бир адам өзүнүн ден соолугуна көңүл буруусу зарыл.

Саламаттыкты сактоо ишинин тармагында медициналык мекемелер бар. Балдар бөлүмүндө балдар **скарлатина, дифтерия, дизентерия, сарык, кызылча, кызамык** ж.б. оорулардан врач-педиатрлардын байкоосунда дарыланышат.

Инфекциялык бөлүмдөрдө оорулуу адамдар жугуштуу ичеги-карын ооруларынан врач-инфекционисттердин байкоосунда дарыланышат.Ал бөлүмдөрдө ар түрдүү жугуштуу ооруларга каршы алдын ала эмдөөлөр жүргүзүлөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Кандай мединциналык мекемелер бар?
2. Кимдер элди медициналык жактан тейлешет?
3. Оорулуу адамдар кайда дарыланышат?
4. Врачтын кесиби кандай кесип?
5. Ооруп калбастык үчүн адамдар кандай чара көрүүлөрү зарыл?
6. Ковид 19 кандай оору, андан кандай сактануу керек?

## Грамматика боюнча тапшырмалар

**Тапшырма 1.2.** Жогоруда берилген текстти көчүрүп жазгыла. Мазмунун түшүндүрүп, тексттеги ажыратылып берилген сөздөргө уяң, жумшак, каткалаң, түгөйлүү жана түгөйсүз үнсүздөрдү ажыратып айтып бергиле.

| Тыбыш | Уяң | Жумшак | Каткалаң | Түгөйлүү | Түгөйсүз |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

**Тапшырма 1.3.** Тексттеги сөздөрдөн тандап алып, парта боюнча ар бир тыбышты кезекме-кезек талда. Удаалаш талдоонун тартиби мындай. Айталы, *оорулуу* адам деген сөздүн *оо* тыбышын биринчи окуучу, *р* тыбышын экинчи окуучу, *у* тыбышын үчүнчү окуучу, *л* тыбышын төртүнчү окуучу, *уу* тыбышын бешинчи окуучу талдайт. Калганы да ушундай тартипте улана берет.

**Тапшырма 1.4.** Төмөндө берилген сүрөттөр боюнча тексттен жооп тапкыла.

Сүрөттөгү дары-дармектер жөнүндө эмнелерди билесиңер?








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Тапшырма 1.5.** Төмөнкү диалог түрүндө берилген сүйлөмдөрдү окуп чыккыла. Диалогдогу сүйлөмдөрдүн мазмунун айтып бергиле. Дарыгер менен оорулуунун ортосундагы мамилеге көңүл бургула.

**Медициналык жардам**

– Мен ооруп калдым, дарыгерди чакырыңызчы.
– Ооба, мына тез жардам келип калды.
– Саламатсызбы, эмнеңиз ооруп жатат?
– Башым.
– Этиңиз ысып турат. Суук тийиптир.
– Чыйрыгып да жатамын.
– Качантан бери ооруп жатасыз?
– Кечээ кечтен бери.
– Кана, оозуңузду ачыңыз. Тилиңизди көрсөтүңүз.
– Дарылануга рецепт жазып бересизби?

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Биринчи медициналык жардам кандай берилет?
2. Дарыгер оорулууга кандай мамиле жасады?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3. Жылуу мамиле оорулууну дарылоого жардам бере алабы?
4. Тез жардам кайсы учурда гана чакырылышын билесиңерби?
5. Бул диалогдо мамиле маданияты сакталдыбы?

## Грамматика боюнча тапшырмалар

Айтылыш максатына карата сүйлөмдөрдүн бөлүнүшү боюнча кайталоо үчүн суроолор жана тапшырмалар:

1. Сүйлөм деген эмне? Алар айтылыш максатына жана берген маанилерине карата канчага бөлүнөт?
2. Жай сүйлөм деп кандай сүйлөмдөрдү айтабыз, аларга оозеки мисал келтиргиле.
3. Суроолуу сүйлөмдөр деп эмнеге айтабыз жана бул сүйлөмдөрдүн аягына кандай тыныш белги коюлат?
4. Илептүү сүйлөмдөр кайсы учурларда колдонулат жана аларга кандай тыныш белги коюлат?
5. Буйрук сүйлөмдөр кандай учурларда колдонулат? Мисалдар келтиргиле.

**Тапшырма 1.6.** Текстте сүйлөмдөрдүн айтылыш максатына карай кандай түрлөрү катышкандыгы жана кандай тыныш белгилер колдонгондугун түшүндүрүп бергиле.

**Тапшырма 1.7.** Тексттен жай сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, аларды суроолуу жана бйрук сүйлөмдөргө айландырып жазгыла.

Үлгү: *«Биринчи байлык – ден соолук» деген элибизде.*
*Бах, абанын тазалыгы, ден соолукка өтө пайдалуу.*

**Тапшырма 1.9.** Көркөм чыгармаларды окуп, алардан жай, илептүү, суроолуу жана буйрук сүйлөмдүн ар бирине мисал келтиргиле. Интонация жагынан сүйлөмдөр кандайча айырмалана тургандыгын түшүндүргүлө. Суроолуу сүйлөм дегенде эмнени түшүнөсүң? Буйрук сүйлөм: Биринчи ден соолугуңа кара.

Үлгү: *– Амансыңбы, куттуу талаам?*
*– Аманчылык, Толгонай!*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.10** Тексттен бир эле сүйлөмдү алып, жай, суроолуу жана илептүү сүйлөмгө айландырып жазгыла. Кандай өзгөчөлүктү байкадыңар?

Ү л г ү : а) Ооруканада хирургиялык, анкологиялык, терапевдик, көз-кулак, тамак жана мурун оору бөлүмдөрү бар;
б) өтүнүү, тилек, каалоо;
в) суроо маанисинде;
г) күчтүү сезимде;
д) макул болуу;
е) чогуу, бирге иштөө.

**Тапшырма 1.11.** Тексттен алынган төмөнкү сөз айкаштарын катыштырып, жай, суроолуу, илептүү, буйрук сүйлөмдөрдү түзгүлө. Алардын эрежелерин айтып бергиле. Тыныш белгилеринин коюлуш себептерин түшүндүргүлө.

Медициналык жардам, рецепт жазуу, дарынын таасири, жугуштуу оорулар, сакайып кетүү, саламаттыкты сактоо.



**Тапшырма 1.12.** Жогорудагы текстти окуп чыгып, сөздөрдүн синонимдик түгөйлөрүн таап жазгыла жана маанилерин түшүндүргүлө. Сүйлөмдөрдөн жаңы сөздөр (неологизмдерди) ажыратып, алардын маанисин чечмелеп бергиле. Бул сөздөрдү дептериңерге көчүрүп жазгыла.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |



**«Сөз берметтери»**

Ким башка улутка акаарат келтирип сөксө, анда ал өз улутунун акмагы.

*Р. Гамзатов.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Текст менен иштөө



**Хирургиялык** бөлүмдөрдө ар түрдүү **операциялар** жасалат. **Стоматологиялык бейтапканаларда** тиш дарылашат, тиш салышат. Балдар бөлүмдөрүндө балдар **врачтардын көзөмөлү астында** дарыланышат. **Илим-изилдөө** институттарында **окумуштуу-медиктер** илимий ачылыштарды, **тажрыйбаларды** жасашат. Врачтар **ооруларга** дарылануу үчүн **рецепт** жазып беришет. Бул – врач-терепевт. Бул – **санитардык-эпидемиологиялык тармак.** Асан Беккулов – **врач-педиатр.** Кубат Аманов – **врач-хирург.**

**Тапшырма 1.1.** Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор.

1. Текст эмне жөнүндө маалымат берип жатат?
2. Врач-педиатр кимдерди дарылашат?
3. Врач-хирург кандай ооруларды дарылашат?
4. Стоматологияга кандай оорулар кайрылышат?
5. «Адамдын бактысы – дени сак болуп, өмүрүнүн узак болушу» деген түшүнүктү кеңири түрдө баяндап бергиле. Ал үчүн эмнелерге көңүл буруу керек?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# Байланыштуу кеп

## ЛЕКСИКА ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

1. Лексикология эмнени үйрөтөт?
2. Сөздүн лексикалык жана грамматикалык маанилерин түшүндүрүп бергиле.
3. Бир маанилүү жана көп маанилүү сөздөргө мисалдар келтиргиле.Эмне үчүн көп маанилүү сөздөр деп аталат?
4. Сөздүн тике жана өтмө маанилери жөнүндө айтып бергиле.
5. Диалектилик сөздөр деп, кандай сөздөрдү айтабыз, эрежесин айтып, мисалдар келтиргиле.
6. Кесиптик сөздөрдүн аныктамасын айтып берип, ар бир кесипке байланыштуу сөздөрдөн оозеки мисалдар келтиргиле.
7. Термин деген эмне? Термин менен термин эмес сөздөрдүн айырмачылыгын түшүндүргүлө.
8. Эскирген, тарыхый, архаизм сөздөрдү түшүндүргүлө, оозеки мисалдар келтирүү менен далилдегиле.
9. Мурда жаңы сөз катарында колдонулуп, кийин эскирип калган сөздөргө мисал келтиргиле, алардын себебин түшүндүргүлө.
10. Неологизмдер деп кандай сөздөрдү айтабыз?
11. Омоним, синоним жана антонимдерге мисалдар келтиргиле.

**Тапшырма 1.2.** Тексттеги кара тамга менен берилген сөздөрдүн лексикалык жана грамматикалык манилерин аныктагыла.

**Тапшырма 1.3.** Текстти окуп чыгып, кайсы сөздөрдүн синонимдик түгөйлөрү бар экендигин аныктап жазгыла жана маанилерин түшүндүргүлө.

Үлгү: *ооруларга – бейтаптарга.*

**Тапшырма 1.4.** Сүйлөмдөрдөн жаңы сөздөр (неологизмдер)дү ажыратып, алардын маанисин чечмелеп бергиле. Бул сөздөрдү дептериңерге көчүрүп жазгыла.

Үлгү: *хирургиялык, стоматологиялык.*

**Тапшырма 1.5.** Тексттеги сүйлөмдөрдөн кесиптик сөздөрдү аныктагыла жана алардын жазылышына көңүл бургула.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.6.** Төмөнкү фразеологизмдерди катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Анын синонимдерин тапкыла. Фразеологизмдер кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарып тургандыгын далилдегиле. Сүйлөм мүчөлөрүнүн эрежелерин эсиңерге түшүргүлө.

Колтукка суу бүркүү. Ак төөнүн карды жарылуу.Темирди кызуусунда согуу. Өз убагында иштеп. Билмексен болуу. Бармагын кесе тиштөө. Үкүнүн уясын тапкандай. Камырдан кыл суургандай. Төбөсү көккө жетүү.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

Кыргыз – бабам, Казак – канатташым, Тажик – тагдырлашым, Өзбек – өз элим.

*Элден.*

## Текст менен иштөө

## ЭЛДИК МЕДИЦИНА

Адам баласынын жашоо тарыйбасындагы дарылоо элдик медицина деп аталган. Элдик медицинанын негизинде дарыгерлер келип чыкты. Аларды табып деп аташкан. Табыптар оорулууга «ысык» же «суук» деген диагноздорду коюшкан. Табыптар чөптөн дары жасашкан. Дары катары айбанаттардын, канаттуулардын майын, этин, өтүн, терисин колдонушкан. Минералдык заттардан сымап,кеперес (ртутный калий) жошо, күкүрт, татношотур (зелень) жана момуяны пайдаланышчу. Өзбек элдик медицинадагы илимий ыкмаларга Авиценнанын эмгектери, Арвия, Индия, Кытай, Россия жана башка өлкөлөрдүн элдик медицинасы да чоң таасир тийгизди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Дем алуу органдарын сезгенткен Кытайдан табылган жаңы коронавирус инфекциясын жайылышын токтотуу жана алдын алуу максатында көп өлкөлөрдө катаал иш чаралар алып барылууда. Корнавирустан сактануу үчүн колду тез-тез самындап жууш керек же санитардык каражаттарды колдонуу зарыл. Чүчкүргөндө бет аарчыдан пайдалануу керек.

Коомдук транспорт – вирустун тарап кетишинин эң кооптуу жолдорунун бири. Вирустар аба аркылуу чүчкүргөн учурдагы шилекейдин эң эле майда бөлүкчөсү аркылуу жугат. Окумуштуулардын пикири боюнча, иммунитети алсыз адамга вирус жукса, жаңы инфекция мурунку ооруларды козгойт. Ал эми иммунитети күчтүү адамга вирус жукпай деле калышы мүмкүн.

Вирусту жайылтпоонун биз аткара ала турган оңой жолдору бар. Маселен, үйгө киргенде колду самындап жуу, көчөдө медициналык маска тагынуу.

Эң жөнөкөй ыкмалар вирустун жайылышын токтотот. Мындай учурда жеке гигиенага өзгөчө көңүл буруу керек.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Тексттин негизги идеялык максаты эмнеде?
2. Текстте кайсы кесиптин ээлери жөнүндө маалымат берилип жатат?
3. Элдик медицинанын өкүлдөрүнөн кимдерди билесиңер?
4. Азыркы убакытта элдик медицинадан пайдаланышабы?
5. Жаңы коронавирус инфекциясынан кандай сактануу керек?
6. Вирусту кайсы жерлерде көбүрөөк жуктуруу мүмкүн деп ойлойсуңар?

## Грамматика боюнча тапшырмалар

### СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ ЗАТ АТООЧ; СЫН АТООЧ ЖАНА ЭТИШ

**Кайталоо үчүн суроолор жана тапшырмалар**

1. Кыргыз тилинде канча сөз түркүмү бар? Алар канчага бөлүнөт?
2. Маани берүүчү сөз түркүмдөрү кайсылар? Эмне үчүн маани берүүчү сөз түркүмү деп аталат?
3. Зат атоочтун лексикалык, морфологиялык жана синтаксистик белгилери жөнүндө айтып бергиле. Ал кандай суроолорго жооп берет?
4. Энчилүү жана жалпы аттарга мисалдар келтиргиле.
5. Сын атоочтун лексикалык, морфологиялык жана синтаксистик белгилери жөнүндө айтып бергиле.
6. Этиш деп эмнеге айтабыз? Этиштин жакталышы боюнча мисалдар келтиргиле.
7. Этиштин чактарына мисалдар келтиргиле.

**Тапшырма 1.1.** Текстти көчүрүп жазгыла , зат атоочту аныктап, анын морфологиялык жана синтаксистик белгилерин айтып бергиле.

**Тапшырма 1.2.** Тексттеги сүйлөмдөрдү окуп чыгып, мазмунуна көңүл бургула жана сын атоосторду тапкыла, кандай мааниде колдонулуп жаткандыгын айтып бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.3.** Этиш сөздөрдү таап, сүйлөмдөгү милдетин аныктагыла. Уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Кайсы чакта турарын айтып бергиле. Маанисин түшүндүргүлө.

**Тапшырма 1.4.** Маани берүүчү сөз түркүмдөрү боюнча жалпы түшүнүк берип, алардын тексттеги жазылышына көңүл бургула.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |



**«Сөз берметтери»**

Ар кимдин туулган жери өзүнө мисир.

*Элден.*

## БАЗАР КЫЛУУНУ БИЛЕСИҢЕРБИ?

Текст болуу үчүн сүйлөмдөр туруктуу тизмектелип, маанилик жактан бир бүтүндүктү түзүшү керек. Ар бир сүйлөм өз ара мааниси жактан бири-бири менен байланыштуу айтылат.

Текст маанилик бүтүндүк катары композициялык структуралык жактан төмөндөгүдөй бөлүктөрдү өз ичине камтып турат: а) тексттеги ойдун башталышы; б) тексттеги ойдун өнүгүшү; в) тексттеги ойдун аякталышы. Тексттин негизги оюжана темасынан кабар берүү менен окуя, көрүнүш, кыймыл-аракеттердин аталыштарын туюндурган зат, алгачкы бир нече сүйлөмдөр тексттеги ойдун башталышы деп аталат. Теманы жана негизги ойду тереңдетүү менен окуялардын андан ары кеңейтилип баяндалышын туюндурган бир катар сүйлөмдөр тексттеги ойдун өнүгүшү деп аталат. Ал эми окуя, көрүнүш, кубулуштар тууралуу ой-корутундуларды жыйынтыктап турган акыркы сүйлөмдөр тексттеги ойдун аякталышы деп аталат. Төмөндө бир тексттин мисалында ойдун башталышы, өнүгүшү, аякталышы көрсөтүлгөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Текст менен иштөө

1. Соода кайда жүргүзүлөт?
2. Соода түйүндөрүндө соода кызматкерлери да, соодагерлер да соода кылышат, ушундайбы?
3. Соода кызматкерлери сатып алуучуларга кандай мамиле кылышат?

## БАЗАР

Базар – элдердин соода жүргүзүүчү жайы. Жерге жарык түшкөндөн кеч киргенге чейин бул жерде соода-сатык иштери кызуу жүрөт.

Сатылуучу буюмдун түрүнө карата базар бир нече бөлүктөргө бөлүнөт. Бир бөлүгүндө жашылча-жемиш, өрүк-мейиз,сүт, экинчи бөлүгүндө кийим-кечек, кездеме, үй тиричилигине керектүү буюмдар сатылат.Биздин базарга Орто Азиянын бардык жерлеринен келген кардарлар керектүү товарларын келишимдүү баада сатып алышы же өз товарына алмашып алышы мүмкүн.

Базар бир эле соода-сатык жүргүзүүчү жайы эмес, адамдардын пикир алышуучу, мамиле түзүүчү да жай. Базарды аралап жүрсөң, ар түрдүү тилде сүйлөгөн элди көрөсүң да, бир азга алардын кебине кулак салсаң, түрдүү жактардан келген жаңылыктардан да кабардар болосуң. Ошондуктан базар маалымат алуучу да жай.

Акыркы он-он беш жылдан бери биздин базарлар түрдүү мамлекеттерден келген товарлар менен толду. Анткени эгемен






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

дүүлүк бизге чет өлкөлөргө чыгууга, алар менен байланыш түзүүгө мүмкүнчүлүк берди. Ошол себептүү базар аркылуу бир эле соода-сатык эмес, экономикалык жана маданий байланыштарды да түзүүгө жетиштик.

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Текстти окуп, мазмунун түшүндүрүп бергиле. Тексттин маанилик бүтүндүгүн аныктагыла.
2. Эмне үчүн элдер базарга барышат?
3. Жеке сооданы кимдер жүргүзүшөт?
4. Эл аралык соода кандай максатта жүргүзүлөт?.
5. Базар аркылуу элдер жана кандай байланыштарды түзүүгө жетишишет?
6. Силерге соода кызматкерлери кандай тейлешет?
7. Сен жашаган жерде кандай базарлар, соода түйүндөрү бар?

## Байланыштуу кеп. Текст. Тексттин түзүлүшү

Эсиңерге сактагыла! Текстти окуп чыгып, тексттин ар бир бөлүктөрүн (башталышын, өнүгүшүн жана аякталышын) өз алдынча ажыраткыла. Класстагы окуучулар үч топко бөлүнүп, биринчи топтун окуучулары тексттин башталыш бөлүгүн, экинчи топтун окуучулары тексттин өнүгүшүн, үчүнчү топтун окуучулары аякталыш бөлүгүн ажыратып көчүрүп жазгыла.

**Тапшырма 1.1.** Кайдан эмне сатып алса болот?

| | |
|---|---|
| *дарыканадан* | *желим* |
| *азык-түлүк дүкөнүнөн* | *дары-дармек* |
| *белектер дүкөнүнөн* | *тамак* |
| *китеп дүкөнүнөн* | *жомок китеп* |
| *ашканадан* | *сабиз* |
| *кеңсе буюмдары дүкөнүнөн* | *сүт* |
| *эмерек дүкөнүнөн* | *гүл* |
| *жашылча дүкөнүнөн* | *диван* |

**Тапшырма 1.2.** Төмөнкүдө берилген сүрөт боюнча текст түзгүлө. Анда тексттин маанилик бүтүндүгү (ойдун башталышы, өнүгүшү жана аякталышы) толук камтылсын.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Эсиңерге сактагыла! Сүйлөп жаткан адам өзүнүн оюн башкаларга толук, жеткиликтүү түшүндүрүү үчүн бир ойдон экинчи жаңы ойго өтүп отурат. Ал ойлор жалпы бир темага бириктирилет. Ошол жалпы теманын майда бөлүктөрү микротема деп аталат. Микротема бир нече сүйлөмдөр аркылуу туюндурулат. Ошол микротемага бириккен тексттин бөлүктөрү а б з а ц деп аталат.

**Тапшырма 1.3.** Текстти абзацтарга бөлүп чыккыла. Текстте канча абзац бар экендигин аныктап, ар бир текстке тема койгула. Абзацтын жазылыш эрежесине көңүл бургула жана канча сүйлөмдөн курулгандыгын аныктагыла.

**Тапшырма 1.4.** Текстти окуп чыгып, кесипке байланыштуу сөздөрдү аныктагыла.

**Тапшырма 1.5.** Төмөнкү берилген тексттерди окуп чыгып, кайсы бири текст экендигин далилдегиле. Текст боюнча өз түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.

1. Бабур кошну Дехлиден элүү чакырымдай түндүк жак тарабындагы Панипат шаарына келип токтоду. Дехли султаны Ибрахим Луди жүз миңге жакын аскер жана бир жарым



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

миң аскердик пил менен Агра тарабынан жакындашып келип калган болчу.Ибрахим Луди өткөн жылы ушул пилдери жана аскерлери менен Дехли босогосунда Аламхан,Дилавархан жана башка душмандардын кырк миң кишилик кошуунун талкалаган эле.

2. Май айында айыл четинде катар отургузулган чоң-чоң тыттар тегиз бышат. Кечки салкында кичинекей чакаларын көтөрүшкөн кыздар, балдар ушул жерге күндө келишип, чакаларын тытка толтурушуп, өзүлөрү да тоё жешип, кеч күүгүмдө гана үйлөрүнө тарашат.Жаан жаап тургандыктан, күндүн көзү көрүнбөйт.

## Текст менен иштөө

Азык-түлүк дүкөнү айылдын ортосунда жайгашкан. Дүкөндүн ичи таза, кенен, текчелеринде товарлар толтура. Дүкөндө бир тууган ага-инилер Кадыр менен Иса иштейт. Алар элге керектүү ар түрдүү азык-түлүктөрдү сатышат. Айылдын жашоочулары кант, туз, күрүч, өсүмдүк майы, чай, момпосуй, бал сыяктуу азык-түлүк товарларды талап кылышат. Муну ага-инилер шаардан тынбай алып келип турушат

Кадыр эртең менен эрте келип, дүкөндү ачат. Ал түшкө чейин өзү соода кылат. Иса машинеси менен жаңы азык-түлүк алып келет. Ал товарды түшүрүп бүтүп, агасына соода кылууга жардам берет. Себеби түш убагында соода кызыйт, дүкөнгө келген элдин саны көбөйөт. Дүкөндөн азык-түлүк сатып алчулардын аягы үзүлбөйт. Ага-ини кечки саат жетиге чейин иштешет.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Текстти окуп чыгып, тексттин ар бир бөлүктөрүн (башталышын, өнүгүшүн жана аяталышын) өз алдыңарча бөлүп жазгыла.
2. Сатуучунун кесиби кандай?
3. Сатуучунун кандай адистиктери бар?
4. Сатуучу болгуң келеби?
5. Бул дүкөндөн эмнелерди сатып алууга болот?
6. Тексттин биринчи абзацы менен экинчи абзацында байланыш барбы?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Байланыштуу кеп

План тексттин мазмунун жана негизги учурларын чагылдырат Текстке эки түрдүү план түзүүгө болот. Анын биринчиси – *жөнөкөй* (кыска) план, экинчиси – *татаал* (кеңири) план. Татаал планда тексттеги айтылган ой толук, майда окуяларына чейин камтылат. Пландын айрым пункттары (суроолору) тексттин маанилүү майда бөлүктөрүн же микротемаларын түзөт, б.а. пункттар тексттин майда бөлүкчөлөрүн бир бүтүн текстке бириктирет.

Эң мурун тексттин татаал планы түзүлөт. Ал жалпылаштырылып, системага салынып, майда суроолору кыскартылып, негизги темаларынан кыскартырылып жөнөкөй (кыска) план түзүлөт.

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп чыгып, тексттин ар бир бөлүктөрүн (башталышын, өнүгүшүн жана аяталышын) өз алдыңарча бөлүп жазгыла.

**Тапшырма 1.2.** Жогоруда берилген текстти окуп чыгып, мазмунуна карай ат койгула. Текстте канча абзац бар экендигин аныктап, ар бир абзац боюнча да маанилик бүтүндүктөрүн аныктагыла.

### Топтор менен иштөө

Ар бир топтун окуучулары тексттин жөнөкөй жана татаал планын түзүшүп өз үйлөрүн курушат.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.3.** Текстти окуп чыгып, эмне үчүн абзац менен башталганын түшүндүргүлө. Ар бир абзацка тема койгула.

**Тапшырма 1.4.** *Азык-түлүк дүкөнү, товар, элге керектүү, талап кылышат, соода кылуу, жаңы азык-түлүк, соода кызыйт, сатуучу, соодага жардам берүү, адамдарга жакшы мамиле кылышат* деген сөздөрдүн лексикалык маанилерин түшүндүргүлө. Бул сөздөрдү кайсы учурларда колдоно тургандыгыбыз жөнүндө айтып бергиле.

**1.5. Өз алдынча иштөө.** Төмөнкүдө берилген сүрөттөр боюнча топторго бөлүнүп тексттер түзгүлө. Ар бир текстиңерде үчтөрттөн абзац болсун.




**Тапшырма 1.6.** Текстти окуп мазмунун түшүндүрүп бергиле, жөнөкөй жана татаал планын түзгүлө. Жөнөкөй жана татаал пландын айырмачылыгын түшүндүргүлө.

Бир кедей соодагер алыска кетип жатып, сатып жаткан темир товарларын бай соодагерге калтырып кетет. Бай соодагер анын темир товарларын сактап коймок болот. Кедей соодагер сапардан кайтып келет. Бай соодагерден товарларын сурайт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бай соодагер болсо анын товарларын сатып жиберген экен, жок шылтоо таап, мындай дейт:

– Кырсык болуп, сенин темириң жок болду.

– А эмне болду?

– Мен сенин товарларыңды эгин сактаган кампага катып сактап койгом. Ал жерде чычкандар аябай көп толуп кетиптир. Алар темирдин баарын жеп бүтүрүптүр. Өз көзүм менен көрдүм. Ишенбесең – барып кара.

Кедей соодагер талашып-тартышкан жок. Ал:

– Барып караганда эмне? Ишенем. Чычкандар дайыма темир кемирешет, мен биллем. Кош, – деп басып кетет.

Ошентип, кедей соодагер жолго түшөт. Көчөдө бай соодагердин баласы ойноп жүргөнүн көрөт. Кедей соодагер баланы эркелетип, колуна алып, үйүнө көтөрүп кетет.

Эртеси күнү бай соодагер кедей соодагерге жолугуп, баласы жоголгонун айтат:

– Кырсык болуп, менин балам жоголду. Сен көргөн жоксуңбу, уккан жоксуңбу?

Анда кедей соодагер айтат:

– Ананчы, көрбөй эмне, көрдүм. Кечээ сенин үйүңдөн чыгып баратып өз көзүм менен көрдүм. Карчыга куш учуп келип, балаңды ойноп жаткан жеринен көтөрүп кетти.

Бай соодагер ачуусу келип:

– Куш баланы алып кете алмак беле? Ушул айтканың уят ко! – дейт.

– Чычкандар жүз пуд темирди жесе, куш деле баланы көтөрүп кетет.

Эмнеге таң каласың?

Ошондо бай соодагер түшүнөт:

– Чычкандар сенин темириңди жеген жок, мен темирди сатып жибергем. Эки эсе төлөп берем.

– Андай болсо, куш да баланы көтөрүп кеткен жок, мен алып кеткем.

Балаңды берем, – дейт кедей соодагер.

**Тапшырма 1.7.** «Эң мыкты иштеген дүкөн» деген темада 7–9 сүйлөмдөн турган текст түзгүлө. Текстке жөнөкөй план түзгүлө. Текст түзүүдө төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Эң мыкты дүкөн деп кандай дүкөндү айтса болот?
2. Дүкөндөгү товарлардын сапатын кантип билсе болот?
3. Дүкөндөгү товарларды сатып алууда текшерип алыш керекпи?
4. Алган товардын сапаты жакпаса, кайра дүкөнгө алып келсе болобу?
5. Сатуучу адамдарга кандай мамиле кылышы керек?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.8.** Өзүңөр жашаган жердеги дүкөндө кандай товарлар сатылганы жөнүндө жаңылыктарды даярдап, кичи топто айтып бергиле.

Төмөнкү үлгү боюнча жазып даярдасаңар болот:

Үлгү: Биздин көчөдө майда дүң соода дүкөн бар. Анда майрамга карата товарлар арзандатылды.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

Достук жөнүндө. Пайдалуу достон үчөө, зыяндуу достон үчөө болот. Пайдалуу досторго – чындыкты бетке айткан, сөздү түз сүйлөп, көптү көрүп, көп билген адамдар кирет. Зыяндуу досторго – эки жүздүү, калп айтканга эптүү жана маңыз адамдар кирет.

*Конфуций.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТЕКТЕШ ЭЛДЕР

## Текст менен иштөө

Тектеш элдер жана алардын ортосундагы жакындык жана айырмачылыктар.

Тектеш элдердин ынтымактуулугу жана бир туугандык, достук мамилелери.

Тилдердин жашоосунда интернеттин орду.

1. Азыркы мезгилде жер шаарында 3 миңден ашык тилдер бар деп айтылып келет. Ал эми алардан келип чыккан диалектилик, территориялык өзгөчөлүктөрүн эске ала турган болсок, тилдердин саны дагы көбөйгөнү турат. Мындан тышкары ушул кезге чейин Азиянын, Африканын дагы башка өлкөлөрдүн катаал жерлеринде жашаган жергиликтүү элдердин тилдери бизге белгисиз бойдон калат. Илимде азыркы сүйлөнүп, колдонулуп жүргөн тилдерди «тирүү», ал эми кандайдыр себептер менен сүйлөнбөй калган тилдерди «өлүү» же «унутулган» тилдер деп өз ара ажыратып коюшат. «Өлүү» же «унутулган» тилдерден мисал катары латын, байыркы грек, классикалык араб, байыркы түрк тилин айтууга болот. Кээ бир тилдердин өз ара окшоштуктары бар. Мындай тилдер көп жалпылыгы менен маселен, тарыхый жактан же сөздөрдүн лексикалык маанилеринин окшоштугу морфологиялык каражаттардын бирдейлиги, сөздөрдүн тыбыштык жактан угулушунун жакындыгы менен айырмаланат. Бул окшоштуктар ошол элдердин жакындыгын билдирет.

Түрк тилдүү тектеш элдер шарттуу аталыш, тилдик жактан этногенетикалык жалпылык болгону менен бул элдер сырткы жана ички факторлордун таасиринен улам маданий антропологиялык, чарба жүргүзүүдөгү жана турмуш-тиричиликтеги үрп-адаттар боюнча бир топ өзгөчөлүктөргө ээ.

2. Улуттук маданияттын ажарын ачкан жалпы элдик маданияттын соолбос булагы – тил. Деле эч бир тилди кем баалоого болбойт.Неге дегенде жер жүзүндө сүйлөгөн бардык жандуу тилдер негизинен эки булактан байып өнүгөт, биринчиден, ар бир тилдин өз сөздөрү, экинчиден, өзүндө жок сөздөрдү башка тилдерден ооштуруп, өзүнүн ички мыйзамына багындырып алуусу.

3. Кыргыз тилинде сүйлөгөндөр дүйнөлүк интернет желесинен көбүрөөк маалымат алып, анын мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдалана алышат. Башка тилдерде сүйлөгөн колдонуучуларга кыргыз тилиндеги ресурстардан түздөн-түз которууга шарт түзөт. Кыргыз тили мындай котормочуга кирсе тил гана эмес,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жалпы интернет колдонуучулары үчүн жакшы саамалык болот, ошондой эле бул кыргыз тилдүү интернет контентинин өсүшүнө чоң жардам берет.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Текстти окуп чыгып, негизги тематикалык мазмуну эмне жөнүндө экендигин аныктагыла.
2. Тексттен тектеш элдер жана алардын тилдери жөнүндө кандай маалыматтар берилген?
3. «Өлүү» жана « тирүү» тилдер боюнча эмнелерди билесиңер?
4. Тектеш тилдерди кандай сапаттар жана окшоштуктар байланыштырып турат?
5. Тектеш тилдердин ортосундагы айырмачылыктар боюнча тексттен кандай маалыматтар алдыңар?
6. Интернет боюнча тилдерди жакындаштырууга болобу?
7. Азыркы күндө өлкөбүздө тектеш элдер ортосунда ынтымактуулук, бир туугандык жана достук мамилелерин өнүктүрүү боюнча кандай иштер жүргүзүлүүдө?

## Байланыштуу кеп

### КЕПТИН ТҮРЛӨРҮ

Эсиңерге сактагыла! Окуянын, кыймыл-аракеттин, иштелген иштин ырааттуулугун сактап, баяндап айтып берүү баяндоо деп аталат. Анда мазмун, сюжет, каармандар болот. Баяндоо аңгеме, жомок, уламыштарда, адабий чыгармаларда пайдаланылат.

1. Текстте кептин кайсы түрү катышты жана баяндоонун кандай мүнөздүү белгилери бар?
2. Текстте баяндоо кандай түрдө берилди?.
3. Кептин баяндоо түрү кандай колдонулду?
4. Текстте турмуштагы кайсы убакыттагы окуя баяндалды?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


**Тапшырма 1.1.** Текстте катышкан кептин түрлөрүн аныктагыла. Алардын чектерин белгилеп, ар бирине мүнөздүү болгон каражаттарына карай талдоо жүргүзгүлө.Тексттердеги абзацтардын бөлүнүш себептерин айтып бергиле.

**Тапшырма 1.2.** Төмөнкүдө берилген текстте кандай окуя баяндалды? (Аңгеме, жомок, уламыш). Текстте катышкан каармандар барбы? Тексттеги окуяны баяндап бергиле.

**Тапшырма 1.3.** Күндөлүк турмушуңарда болгон окуяларды катыштырып, кептин баяндоо түрүнө текст түзгүлө. Анда өз ой-пикириңерди кеңири баяндоого аракет кылгыла.

**Тапшырма 1.4.** Берилген сүрөттөр боюнча кептин баяндоо түрүнө текст түзгүлө.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Тапшырма 1.5.** Текстти көрктүү окуп чыккыла. Анда эмне жөнүндө баяндалганын айтып бергиле. Түзгөн тексттин кайсы мүнөздүү белгилерин байкадыңар?

Эсиңерге сактагыла! Кептин сүрөттөө түрүндө мазмуну, окуясы, сюжети жок болот. Предмет, көрүнүш, айлана-чөйрө, пейзаждын белгилери, касиеттери, сапаттары көркөм сүрөттөлөт. Мында жаратылыштагы көрүнүштөрдү, адамдарды, жаныбарларды, буюмдарды жана башкаларды сүрөттөөдөн аларга тиешелүү болгон белгилер, сапаттар, өзгөчөлүктөр көрсөтүлөт.

Сүрөттөөнүн обьектиси катары келген ар кандай зат, көрүнүш, окуя, айлана-чөйрө, ж.б. тексттин темасы катары келет да, аларды сүрөттөөгө катышкан ар түрдүү белги-касиет, өң-түс, буюмдар жана башкалар тексттин негизги оюн түзөт.

Мисалы: Шадыкан – чепейген, арыкчырай гана сары киши. Сербейген сакалы бар. Эки жаагы менен ээгинин сакалынын узундугу бирдей. Жашы кырктардан ашык эмес. Үстүндө жеңи кырылган чапаны бар. Ар бир сөзүн кылдаттык менен ойлоп сүйлөйт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Мында тексттин темасы адам , анын көрүнүшү, сырткы келбети, кийген кийими, мүнөзү сүрөттөлгөн.

2. Тексттерде сүрөттөөнүн төмөнкүдөй обьектилери болот.

3. Орунду сүрөттөө, жандуу жана жансыз заттарды сүрөттөө, ал-абалды сүрөттөө.

4. Ошондой эле бир эле текстте сүрөттөө кебинин элементтери менен катар кептин башка түрлөрү да катышышы мүмкүн.

Мисалы: Ак куулар бул жерге суук түшө баштаганда жылуу жактарга топ-топ болуп учуп жатышты. Алар күнү-түнү менен учушту (баяндоо). Ай жарык болгондуктан, ак кууларга алыстан алды жактагы көгөрүп жаткан деңиз көрүнүп турду. (сүрөттөө). Канаттарын токтоосуз кага беришип, ак куулардын баары алсызданышты. Бирок алар токтолбостон илгери уча беришти (баяндоо).

**Тапшырма 1.6.** Төмөнкү текстте Манастын келбети эмнелерге салыштырылган? Кандай тил каражаттары колдонулган?

Бар боюнда турат тууш,
Кочкор тумшук, коён кирпик,
Көркү калча, көзү тик.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаагы жазы, ээги узун,
Эрди калың, көзү үңкүр,
Жолборс моюн жоон билек,
Соорусу калың, таш жүрөк,
Жылма кабак, жылдыз көз.
Бөрү кулак, жолборс төш,
Бөлөкчө түрү бар экен...



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.7.** Төмөнкү берилген суроолорго жооп беригиле.

Манастын бала чагын сүрөттөгүлө

Манастын минген атын сүрөттөп бергиле

Манастын төрөлгөндөгү абалын сүрөттөп бергиле

Манастын курал-жабдыгын сүрөттөгүлө

Манастын кийген кийимин сүрөттөгүлө

**Тапшырма 1.8.** Текстте катышкан кептин түрлөрүн аныктагыла. Алардын чектерин белгилеп, ар бирине мүнөздүү болгон каражаттарына карай талдоо жүргүзгүлө.Тексттердеги абзацтардын бөлүнүш себептерин айтып бергиле.

Эне – бул дүйнөдөгү эң кымбат, эң ыйык асыл зат. Энени урматтап, сыйлай билүү – биздин милдет. Ал – үй-бүлөнүн башкы каарманы, тиреги, жарыгы, куту, жылдызы, айтор, бардыгын өзүнө камтып турган түшүнүктүү, оор басырыктуу, жан дүйнөсү назик жан.

Чындыгында, өзүбүздүн кайдан жаралып, кандайча бул дүйнөгө келгенибизди, кантип ушул даражага жеткенибизди, ааламдагы ордубузду, түбөлүктүү максатыбызды билүү – кандай зор бакыт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**«Муз жаргыч» методу менен иштөө.**

Класстагы окуучулар бири-бирине комплимент жазууга тийиш. Шарт боюнча окуучулар өзү каалаган адамына же мугалимдин көрсөтмөсү менен бөлүнгөн окуучуларга жазылат да, ал өтүлгөн тема менен байланышта болот.

Сырткы келбети, мүнөзү. Кийген кийими, өзүн-өзү алып жүрүүсү, башкаларга жаккан жакшы сапаттары ж.б. сүрөттөлөт.

**Тапшырма 1.9.** Өзүңөргө жаккан жан-жаныбарлардын өзгөчө белгилерин эске алып, алардын ичинен бирөөнү сүрөттөп, чакан текст түзгүлө.

**Тапшырма 1.10.** Төмөнкү берилген сүрөттөр боюнча каармандарга мүнөздөмө берип төмөнкү таблицаны толтургула.

| Каармандын аты | Сырткы келбетин элестетип жаз | Ал кандай бала (же кыз) | Ал кайсы жаныбарды багып алды? | Ал келечекте кандай адам болот деп ойлойсуң? |
|---|---|---|---|---|
| Асыл жана Батма | | | | |
| Эрбол | | | | |
| Айлин | | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эсиңерге сактагыла! Ой жүгүртүү – баяндоо, сүрөттөөгө караганда түзүлүш жагынан татаал. Бул кептин илимий стили менен тыгыз байланышта келет. Окуя, көрүнүштөрдүн, табияттын ар кыл кубулуштарынын келип чыгуу шарттарына, өбөлгөлөрүнө байкоо жүргүзүү, алардын себебин, сырларын билүү, ачуу максатында зарыл материалдарды, аргумент-далилдерди суроо коюу аркылуу табуу. Аныгына жетүү, акырында ошолордун негизинде жыйынтыкка, корутундуга келүү, тыянак чыгаруу, издеген суроолорунун жообун, жандырмагын табуу болуп саналат.

**Тапшырма 1.11.** Текстте кептин ой жүгүртүү түрүнүн кайсы бөлүктөрү катышты? Тексттин темасын аныктап, планын түзгүлө.

Адам баласы асмандагы канаттуулардан тез, бийик жана алыс учууну эчак эле ойлошкон. Канаттуулардын кандай учканын байкап көргүлөчү. Алар канаттарын бир-эки сермеп, анан асманга учуп чыгат. Оңой эле учуп келип жерге конот. Ал эми самолётко, сөзсүз, аэродром керек. Ансыз самолёттор асманга көтөрүлө да албайт, жерге коно да албайт. Канаттуулардын башка артыкчылыгы да бар. Чабалекей балдарын кандай тамактандырарын көз алдыңарга элестетип көргүлөчү. Чабалекейлер канаттарын тез-тез сермеп, учуп киреерде абада асылып тургандай көрүнөт. Самолёттор антип токтоп тура албайт. Учуп баратканда гана абада боло алат. Ошондуктан самолёттор учушу жана жерге келип конушу үчүн атайын аянтча керек. Самолёттун дагы бир өзгөчөлүгү – эгер мотор иштебей калса, же бир тетиги сынып калса, винттери айлана берет. Ал ошол замат жерге түшүп кетпейт. Акырындык менен төмөндөй баштайт. Айыл чарбасында, өнөр жайда жана турмуштун башка тармактары үчүн да самолёттун практикалык мааниси өтө зор.

**Тапшырма 1.12.** Даяр тексттерден кептин ой жүгүртүү түрү катышкан үзүндүлөрдү таап жазгыла. Андагы ой жүгүртүүнүн мүнөздүү белгилерин аныктагыла.

**Тапшырма 1.13.** Текстти окуп чыгып, ат койгула.Тексттеги ойду андан ары улантып бүтүргүлө.

Биз бактылуубуз. Анткени пенде суктана турган касиеттүү жерде жашайбыз. Биздин Ата журтубузга суктанбаган адам жок…



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

Ар күн сайын ичтен сызып досунун кайгысын тарткан адам, зарыл учурда досу үчүн жанын курмандыкка чалган адамдан артыкчылык кылат.

*Стендаль.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# II БӨЛҮМ. ЖАРАТЫЛЫШ ЖАНА БИЗ



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Текст менен иштөө**

## ТООЛОР – ЖЕРДИН КАЗЫКТАРЫ

Бул **сүрөттөгү** жаратылыштын көркү болгон узун тартып куралашкан, бири-бирине улашкан **тоолорду** күндөлүк турмушта эмнелерге салыштырса болот?

Тоолор жалгыз же бүтүн **аймакты** ээлеген системадан турушу мүмкүн. Жалгыз тоолор аты айтып тургандай жалгыз болуп, көбүнчө жанар **тектүү.** Көп кездешкендердин арасында тоо кыркалары турат. Бул бир сызыкта созулган тоолордун тобу. Мисалы: **Эверест** тоосу, Гималай тоо кыркасынын бөлүгү. Жөнөкөй тоо топтомдору да көп кездешет. Буулар жөн гана белгисиз формадагы тоолор тобу.

Ак мөңгүлүү аска-зоолор бирин-бири ээрчиген каркыралардай чубашып, жаркырап тийген күндүн **нуруна** чагылышып, жалт-жулт этет. Ошол кабатталган мөңгүлөрдөн кан тамырдай болуп тоонун этегине чейин чубалган **суулар** биригип, буркан-шаркан болуп аккан дарыяга барып кошулат. Бири-бирине атаандашып өскөн менменсинген сулуу карагайлар тоонун тескей жагында тирелишет. Анын төмөн жагында дүпүйгөн чер токойдун ар жеринен ак көйнөк кийген **бийкечке** окшогон буралган ак **кайыңдар** сеңселишет.

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Тексттин негизги темасы эмне жөнүндө?
2. Тексттен кандай маалыматтар алдыңар?
3. Тоолор кандай пайда болгон?
4. Биздин жашообузда тоолордун кандай мааниси бар?

**Аксуубай Атабевдин «Тоолор» ыры**

## Грамматика боюнча тапшырмалар



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эсиңерге сактагыла! Сөз уңгу жан мүчөдөн турат. Сөздүн ажыратып жиберүүгө мүмкүн болбогон түпкү бөлүгү уңгу деп аталат.

а) Ал өз алдынча туруп,бир маанини билдирет;

б) башка сөздөрдүн жасалышына негиз болот;

в) тыбыштык жактан өзгөрүүгө учурабаган туруктуу бөлүк болуп саналат.

Мисалы: мамлекет, мектеп, китеп, мугалим,өнөр, токой.

Сөздүн уңгуга уланган, өз алдынча турганда маани бербеген бөлүгү мүчө деп аталат.

Мисалы: гүл+га-гүлгө, жемиш+лар- жемиштер, кой+чы - койчу.

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп чыгып, кара тамга менен көрсөтүлгөн сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыраткыла. Мүчөнүн өзүнө тиешелүү төмөнкү мүнөздүү белгилерин: – мүчө өз алдынча турганда лексикалык мааниге ээ боло алабы, уңгунун аягындагы үндүү жана үнсүз тыбыштарга карай кандайча өзгөрүшү, уңгуга уланганда гана андай мааниге ээ болушу жөнүндө түшүндүрүп бергиле.

Эсиңерге сактагыла! Уңгуга уланганда сөздүн лексикалык маанисин да, формасын да өзгөртүп, жаңы сөз жасаган мүчөлөр сөз жасоочу мүчөлөр деп аталат.

Мисалы: жылкы+ чы = жылкычы китеп + кана = китепкана.

Жылкы; үй жаныбары, жылкычы; жылкыларды багуучу адамдары;

• Уңгуга уланганда сөздүн лексикалык маанисин өзгөртпөстөн, формасын гана өзгөрткөн мүчөлөр сөз өзгөртүүчү мүчөлөр деп аталат.

Мисалы: алма+лар-алмалар,карандаш+га-карандашка;

Сөз өзгөртүүчү мүчөлөргө жөндөмө, жак, таандык мүчөлөр кирет.

**Тапшырма 1.2.** Таблицада көрсөтүлгөн сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн айырмачылыктарына көңүл бургула. Андагы өзгөчөлүктөрдү айтып бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| Мүчөлөр | Лексикалык маанисин | Формасын | Жаңы сөз жасайт |
|---|---|---|---|
| Сөз жасоочу мүчө | + | + | + |
| Сөз өзгөртүүчү мүчө | - | + | - |

**Тапшырма 1.3.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү коюп, жазгыла. Ойду түшүнүктүү кылып берүүдө сөз өзгөртүүчү мүчөлөр кандай мааниге ээ болгондугун түшүндүрүп бергиле.

бакга..., ата..., дарак..., мугалим..., экспорт..., импорт..., мамлекет..., айыл..., талаа..., компьютер..., суу... .

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |



**«Сөз берметтери»**

Өзүң билбеген, түшүнбөгөн ишке киришпе, кайсыл бир ишке киришмекчи болсоң, өзүң билген акылдуу, тажрыйбалуу киши менен кеңеш, анын айткандарына кулак сал, андан кийин гана жумушту башта. Ошондой кылсаң гана өзүңдү жаңылыштыктардан сактай аласың».

*Жалалиддин Руми.*


**Тапшырма 1.4.** «Кластер» методу менен иштөө. Тексттен сөз өзгөртүүчү мүчөлөр жалганган сөздөрдү төмөнкү кластер методунда иштеп, алардын ойду түшүнүктүү кылып берүүдө кандай мааниге ээ болгондугун түшүндүрүп бергиле.

бала..., үй..., эне..., китеп..., шаар..., Адыл..., окуучу..., белек..., интернет..., мектеп..., гүл..., электрон..., сайт..., терезе... .



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**Тапшырма 1.5.** Тексттен сөз жасоочу мүчөлөр жалганган сөздөрдү аныктап, төмөнкү таблицаны толтургула, жаңы маанидеги кандай сөздөр жасалгандыгын айтып бергиле.

| Сөз жасоочу мүчө уланган сөздөр | Уңгусу | Мүчөсү | Кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү сөз жасалды? |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |

**Тапшырма 1.6.** Текстти окуп чыккыла. Кара тамга менен берилген сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыратып, сөз өзгөртүүчү мүчөлөр жалганган сөздөрдү биринчи катарга, сөз жасоочу жалганып, жаңы сөз жасалган сөздөрдү экинчи катарга алып жазгыла.

Тоого **тоолор** курамалап, курашып,
Узун тартып, уламалап, улашып,
Алда кайда кебез тартып келаткан,
Кербенчинин **төөлөрүндөй** чубашып.
Кара **зоолор** ар кай жерде каркайып,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Катмарлашып, калың тартып заңкайып.
Алмаз **сындуу көккө** тийген миздери,
Арстандын **азуусундай** арсайып.
Мөңгү кетпей, **чокулары** жалтырап,
**Тоңгон муздар шөкүлөдөй** жаркырап.
Ар жагынан бер жагына куш эмес,
Араң гана **бороон** өтөт калтырап.
Жаз келерде эң биринчи жаз келип,
Кыш болордо эң биринчи кыш тоңуп.
Ай **ааламга** ай тийе электе кезинде,
Эң биринчи ай жамынып ак болуп.

**Тапшырма 1.7.** Төмөнкү таянч-схема боюнча сөз өзгөртүүчү жана сөз жасоочу мүчөлөрдүн милдетин жана айырмачылыктарын түшүндүрүп бергиле.Бул таянч-схеманын кайсы бири сөз өзгөртүүчү, кайсы бир сөз жасоочу мүчөлөргө таандык экендигин аныктагыла.

а) + =



б) + =

Ар кандай сөздөр тубаса жана туунду бөлүктөрдөн турат. Мисалы: бала, бир, оку, мектеп, кел, жаз.

Башка сөздөн жасалбай, уңгу түрүндө турган сөздөр тубаса сөз деп аталат.

Мисалы: бала, жаз, бир, оку, кел, мектеп, ата.

Мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган сөздөр туунду сөздөр деп аталат.

Мисалы: бала-балалуу, кек-кекчил, кой-койчу, ата-аталаш.

Тубаса сөздөр туунду сөздүн жасалышына маани жана форма жактан уютку болуп, анын тутумунда кайталанып айтылат.

**Тапшырма 1.8.** Тексттен тубаса сөздөрдү аныктап,алардын өзүнө тиешелүү, мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн жана туунду сөздөрдөн айырмасын айтып берип, мисалдар келтиргиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.9.** Үч топко бөлүнүп, биринчи топ тубаса сөздөргө, экинчи топ туунду сөздөргө, үчүнчү топ уңгулаш сөздөргө мисалдар келтиргиле. Биринчи топтогу окуучу өзү тапкан тубаса сөздү кийинки топтогу окуучуларга айтат, алар бул сөзгө сүйлөм түзүшөт.

**Тапшырма 1.10.** Диалогду толуктап сүйлөшкүлө. Андан тубаса жана туунду сөздөрдү тапкыла. Туунду сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

– Сага тоолор жагабы?
– ... .
– Эмне үчүн Өзбекстанды тоолуу өлкө деп айтышат?
– ... .
– Өзбекстанда кандай тоолор бар?
– ... .
– Алар эмнеси менен кызык?
– ... .
– Сен кайсы тоолордо болгонсуң?
– ... .

Эсиңерге сактагыла! Уңгулары бирдей болгон ар кандай маанидеги сөздөр уңгулаш сөздөр деп аталат. Мисалы: бала-бала-балалуу-балалык, балакай, баш-башчы-башкар-башкарма.

**Тапшырма 1.11.** Берилген уңгу сөздөргө мүчөлөр улап, уңгулаш сөздөр түзгүлө. Ал сөздөрдүн ар бири кандай суроолорго жооп беришин аныктап жазгыла.

Үлгү; бий-ким? бийчи-ким? Бийле-эмне кыл? Иш, жумуш, суу, саз, кызмат, жаз, оку, бий,

**Тапшырма 1.12.** *Ишенимдүүлүк, окуучу, балалык, жаштык, башчылык* – бул сөздүн уңгусун таап, кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү экендигин кандайча аныктоо керектигин түшүндүргүлө.

**Текст менен иштөө**

## СУУ – ӨМҮРДҮН АЗЫГЫ

Суу. Күн жылыганда чыдабай **мөңгүдөн** акырындап сарыгып чыгып жаткан муздак суу, жер **астынан** ийип булак болуп жарык **дүйнөгө** ашыккан суу, шылдырап таштан-ташка урунуп каякадыр шашып жөнөгөн дарыя суусу, түбөлүк **ке-**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**белбей** мелмилдеп турган **деңиздин**, мухиттин суусу. Баары суу, баары адам өмүрүнүн бир бөлүгү, **жаратылыштын тиричиликке** марттык менен тартуулаган эң чоң **берекеси**, жан-жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн, адамдардын кыймылга келип турушун башкы азыгы ушул – суу.

Планетабыздагы суу жалаң гана океан, деңиздерде гана эмес, **кургактыктагы** чуңкурларда, көлдөрдө, **саздарда**, дарыяларда ал эми жерде суу уюлдарда, тоолордо муз түрүндө да кездешет.

Жердин гидросферасын түзүп турган сууну кандай күчтөр кыймылга келтирет?

Негизги күч – бул күн нурунун жылуулугу. Анын таасири астында суу бууланат, карлар жана муздар эрийт, сууну бир орундан экинчи орунга **которуштурган** аба жана суу **агымдары** пайда болот.

?! **Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор.**

1. Текстте суу жөнүндө кандай маалыматтар берилген?
2. Эмне үчүн ата-бабаларыбыз илгертен бери сууну ардактап келишкен?
3. «Суу – адамдын өмүрү, суу – жердин өмүрү, суусуз өмүр жок», – деген сөздөрдүн маанисин чечмелеп бергиле.
4. Жердеги суу кандайча айланат?
5. Сууну кандай күчтөр кыймылга келтирет?

## Грамматика боюнча тапшырмалар

Эсиңерге сактагыла! Сөздөрдүн кантип, кандайча жолдор менен жасалышын сөз жасоо жөнүндөгү илим үйрөтөт.

Кыргыз тилинде сөздөр эки жол аркылуу жасалат.

1) Сөздөрдүн морфологиялык жол менен жасалышы.

Уңгуга сөз жасоочу мүчөлөрдүн кошулуп, жазылышы аркылуу жаңы сөздөрдүн жасалышы морфологиялык жол деп аталат.

Көп сөздөр сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат. М и с а л ы, жаштык, тигүүчү, боорукер, бактылуу, жолдош.

Сөз жасоочу мүчөлөрдүн төмөндөгүдөй төрт түрү бар:

1) атоочтон атооч жасоочу мүчөлөр;
2) атоочтон этиш жасоочу мүчөлөр;
3) этиштен атооч жасоочу мүчөлөр;
4) этиштен этиш жасоочу мүчөлөр;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп чыгып кара тамга менен берилген сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыраткыла. Мүчөлөрдүн кандай түрү экендигин аныктап, сөз жасоочу мүчөлөр уланган сөздөрдү көчүрүп жазгыла.

Ү л г ү : *мөңгүдөн; уңгусу – мөңгү – мүчөсү – дон, чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү.*

**Тапшырма 1.2.** Тексттен сөз жасоочу мүчө уланган сөздөрдү кайсы сөз түркүмүн жасагандыгына карай төмөнкү кутучаларга жайлаштыргыла.

1) атоочтон атооч жасоочу мүчөлөр;
2) атоочтон этиш жасоочу мүчөлөр;
3) этиштен атооч жасоочу мүчөлөр;
4) этиштен этиш жасоочу мүчөлөр;



**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Текебердик жана зулумдук – улуулуктун апааты. Жумшактык жана назиктик – инсандын зыйнаты, уят-сыйыт анын эң эле кооз жана жагымдуу «кийими» болуп саналат».

*Касым Тыныстанов.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Текст менен иштөө

1. Экологиялык тарбия жана экологиялык ыйман дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
2. Экологиялык коркунуч жөнүндө.
3. Жаратылышты коргоо – ар бирибиздин милдетибиз.

## ЭКОЛОГИЯЛЫК ЫЙМАН

Жер – адамдардын эле планетасы эмес, жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн да планетасы.

Сынган бак-дарактар, тебеленген гүлдөр, өлтүрүлгөн бака, чачылган таштанды, булганган аба, кир болгон суу, акыркы 30-40 жыл ичинде жер жүзүндө көптөгөн өсүмдүктөр жана жаныбарлардын көп түрлөрүнүн жок болуусуна алып келди. Бизди зыяндуу нурлардан коргогон азон катмарлары тешилип, экологиялык бузулуштан пайда болгон түркүн дарт далай өсүмдүктөрдү жоготууда. Дүйнө табышмактуу жана татаал. Окумуштуу А.И. Герцен: «Адам жаратылышты коргой албаса, жаратылыш адамды коргой албайт»,– деп айткан.

Климаттын глобалдык ысышынын кесепеттери кандай?

Акыркы масштабдуу изилдөөлөргө жана божомолдорго ылайык жаратылыш кырсыктарынын саны жана экстремалдык аба ырайынын кубулуштары өсүүдө. Бороон, куюн, суу каптоо, кургакчылык, кардын көп жаашы, жаан-чачындын куюлушу ж.б. климаттын өзгөрүшү менен байланыштуу.

Климаттын өзгөрүшү туруктуулуктун бузулушуна алып келет, ал жыл ичиндеги куюлуп жааган жаан-чачын болгон күндөрдүн санынын өсүшү же өтө ысык мезгилдердин болушу менен коштолот. Ал болсо өз кезегинде жыл мезгилдеринин калыбына келгис жай өзгөрүүлөрүнө алып келет. Анын кесепетинен өсүмдүктөр менен жаныбарлардын тиричилик циклдери өзгөрөт. Мисалы, жаз мезгилиндеги температуранын жогорулашы бул мезгилдин узагыраак болушу менен коштолот. Аны менен катар эле өсүмдүктүүлүктүн продуктивдүүлүгү, жапайы жана үй жаныбарларынын азык базасы бузулат. Бул сыяктуу кубулуштар климаттын өзгөрүлүшү менен чагылтырып, сөзсүз социалдык-экономикалык өнүгүүгө жана адамдардын жашоо шартына түздөн-түз таасир этет.

Климат суу ресурстарынын санын, топурактын тибин, өсүмдүктөр менен жаныбарлардын ар түрдүүлүгүн аныктайт. Мындан тышкары, дыйканчылыкка да өз таасирин тийгизет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Албетте, климаттан калктын отурукташуусу, айыл чарбасынын, өндүрүштүн, энергетиканын жана транспорттун өнүгүшү, ошондой эле калктын тиричилик шарты жана саламаттыгы көз каранды.

Жердин бардык үстүңкү бетинин (океан жана кургактык) орточо температурасынын жогорулашы бардык экосистемаларга жана анын курамына таасир этет. Ал негизинен гидрологиялык системалардын өзгөрүшүнө алып келет.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Төмөнкү берилген текстти окуп чыгып, мазмунун түшүндүрүп бергиле. текстте негизги ой эмне жөнүндө экендигин аныктагыла.
2. Экологиянын бузулушуна эмнелер себеп болуп жатат?
3. «Адам жаратылышты коргой албаса, жаратылыш адамды коргой албайт»,– деген А.И. Герцендин сөзүнүн маанисин түшүндүрүп бергиле.
4. Аба ырайынын өзгөрүшүнө эмне себеп болуп жатат деп ойлойсуңар?
5. Климаттын өзгөрүшү эмнелердин жашоо циклин өзгөртүп жиберет?
6. Глобалдык ысып кетүү кесепети эмнелерге алып келиши мүмкүн?

Глобалдык ысып кетүүнүн алдын алуу үчүн мамлекетибизде кандай иштер алып барылууда?

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп чыгып, атоочтон атooч жасоочу мүчөлөрдү тапкыла. Эмне үчүн сөздөрдүн мүчөлөр аркылуу жасалышын морфологиялык жол деп айтабыз? Атоочтон атooч жасаган мүчөлөрдүн баштапкы формасын атагыла. Сөздүн маанисинин өзгөргөнүн же өзгөрбөгөнүн айтып бергиле.

Үлгү: *зыяндуу; уңгусу – зыян, мүчөсү – дуу (-луу); зат атоочтон сын атooч жасалды;*

## Топтор менен иштөө

Окуучулар эки топко бөлүнүп, биринчи топтогу окуучулар сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу зат атоочтон зат атooч сөздөрдү, экинчи топтогу окуучулар зат атоочтон сын атooч сөздөрдү жасап, ар бир сөздөн бир дарак эгип, өзүңөрдүн багыңарды жаркыла. ал сөздөргө сүйлөмдөр түзгүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**1.2. Өз алдынча иштөө.** Төмөнкү берилген атоочтон атооч жасоочу мүчөлөргө тиешелүү сөздөрдү улап, жаңы сөз жасагыла жана атоочтон атооч жасоочу мүчөлөрдүн таблицасын түзгүлө.

*-чы, -кер, -чылык, -лаш, -сыз, -лык, -луу, -дай, -чыл, -чан, -дагы, -дак, -кор, -кеч, -мак, -кана, -стан, -көй, -поз* бул мүчөлөрдүн кайсы бири зат атоочтон зат атооч жасоочу, кайсы бири зат атоочтон сын атооч жасоочу мүчөлөр экендигин аныктагыла. «Ким биринчи» оюнун уюштургула.

Үлгү: *жылкы +чы – жылкычы; зат атоочтон зат атооч жасоочу мүчө;*

**Тапшырма 1.3.** Кичи топтордо иштөө. Төмөнкү берилген сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыраткыла. Уңгу сөздөр кайсы сөз түркүмүнө таандык экендигин жана кандай мүчө аркылуу кайсы сөз түркүмү жасалгандыгын айтып бергиле. Бул сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

| Сөздөр | Уңгу | Мүчө | Сөз түркүмдөрү |
|---|---|---|---|
| жандуу | | | |
| жансыз суулуу | | | |
| таштак | | | |
| жылуулук | | | |
| түбөлүктүү | | | |
| жашоо | | | |
| боорукер | | | |
| оттуу | | | |
| чөптүү | | | |
| жамгырлуу | | | |
| суусуз | | | |
| дыйканчылык | | | |
| оттуу | | | |
| чөптүү | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| | | | |
|---|---|---|---|
| жамгырлуу | | | |
| суусуз | | | |
| дыйканчылык | | | |
| | | | |

## Топтор менен иштөө

Жогорудагы тексттен берилген таянч-схема боюнча биринчи топтогу окуучулар зат атоочтон жасалган этиш сөздөрдү, экинчи топтогу окуучулар сын атоочтон жасалган этиш сөздөрдү аныктап, аларга сүйлөмдөр түзгүлө.

**Зат атооч-этиш, сын атооч- этиш**




## Текст менен иштөө

Төмөнкү мүчөлөр боюнча атооч сөздөрдөн этиш сөздөрдү жасап, аларга сүйлөмдөр түзгүлө жана кичи топтордо атоочтон этиш жасоочу мүчөлөр темасында таблица түзгүлө. *-а, -ар, -лаш, -кар, -каз, -ырка, -ай, -ык, -сыра, -ан, -ы, -сын.*

Ү л г ү : сана, Бактагы алма салынган ящиктерди сана.

**Тапшырма 1.4.** Төмөнкү берилген этиш сөздөрдү уңгу мүчөгө ажыратып, аларды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Кайсы сөз түркүмүнөн жасалып жатканын түшүндүргүлө. Атоочтон этиш жасоочу мүчөлөрдү аныктагыла.

Урматта, сана, байка, кемсинтпе, башта, достош, жолук, жардамдаш, кабарла, башкар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |



**«Сөз берметтери»**

Жаралган адам эмгектен, Жарышып иштеп түрүнүп.

*Жеңижок.*

## КАЙРА ИШТЕЛИП ЧЫГУУЧУ ТАШТАНДЫЛАР

1. Таштандылардын келип чыгуу себептери.
2. Экологиянын бузулушуна таштандылардын таасири.
3. Таштандыларды кантип кайра иштетүү керек?
4. Жаратылышты коргоого сен да өз салымыңды кошо аласыңбы?

Дүйнөлүк деңгээлдеги таштандыны кайра иштетүү иши бүгүнкү күндө эң эле негизги муктаждык сыяктуу көрүнөт. Таштанды , негизинен таштала тургандыгы үчүн «таштанды» деп аталганбы, айтор, бул сөз кандай мааниде болсо да, таштандыны таштабай, аны кайра иштетүү керек экендиги талашсыз. Учурда дүйнөдөгү бир топ мамлекет керегi жок деп эсептелген заттардан пайда таап, алардан жаңы буюмдарды жасап, элге да, жерге да пайда алып келүүдө.

Таштандыны кайра иштетүү процесси өзү өтө татаал деле иш эмес. Бир эле таштандынын түрлөрүн туура бөлүп, аларды түр-түр менен атайын кутуларга салып туруу керек. Андан соң ар бир кутуда чогулткан таштанды өндүрүшкө керек болгон өзүнчө чийки бир зат болуп калат жана ар бир аймактын муниципалдык тазалыкты сактоо мекемеси ушул таш-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тандыларды өндүрүш иши менен алек болгон жеке менчик ишканаларга сатып пайда табат.

Албетте пайда табуу – жакшы иш. Бул таштандыдан чыккан пайданын биринчи гана жагы. Ал эми таштандыны кайра иштетүү аркылуу экологиялык проблемаларды чечүү – эбегейсиз чоң жетишкендик. Балким , кайра иштетүү процесси бардык өлкөлөрдө болгондо, эч кандай экологиялык маселелер козголмок эмес беле?

Таштандыны кайра иштетүү ишинин жоктугу экономикага келип такалат, албетте. Бирок бул абал жердик калктын аң сезими менен дагы болот. Мисалы, бир адам өз үйүнөн чыккан таштандыны таштанды кутусуна жетпей, көчөгө ыргытып таштап кетсе, анда бул адам таштандыны кайра иштетүү процесси киргенден кийин деле ошол адатын таштабайт да дүйнөнүн булгануу процессине чоң салымын кошууну уланта берет.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Тексттин негизги максаты эмне болду?
2. Текстти окуп чыгып,тема койгула.
3. Экологиялык проблема эмне үчүн эң чоң проблема болуп саналат?
4. Таштандылардын кандай түрлөрү бар экендигин айтып бергиле.
5. Эмне үчүн таштандыларды кайра иштетүү иши керектиги жана пайдалуу экендигин түшүндүрүп бергиле.
6. Таштандыларды ар кандай жерлерге таштап кетүүнү кандай баалайсыңар?
7. Таштандылардан да материалдык пайда тапса болобу? Кайра иштетүүнүн пайдалары жөнүндө эмнелерди билесиңер?
8. «**Таштандыларды эмне кылуу керек**» деген темада презентация даярдап, өз пикириңерди билдиргиле.


**Тапшырма 1.1.** Адегенде окуп чыгып, мазмунун түшүндүрүп бергиле. Андагы этиш сөздөрдөн жасалган атооч сөздөрдү тапкыла. Аларды уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Сөз жасоонун морфологиялык жолун айтып бергиле. Этиштен кайсы сөз түркүмү жасалганын аныктагыла.

Ү л г ү : иштетүү; уңгусу – иш; мүчөлөрү –те (-ла) зат атоочтон этишти жасоочу мүчө, -түү (-луу) этиштен зат атоочту жасоочу мүчө.

## Топтор менен иштөө

Кластер методунда төмөнкү берилген этиштен зат атоочту жасоочу мүчөлөрдү ар кандай сөздөргө улап, жаңы сөз жасагыла. *-мал, -лак, -чаак, -оо, -гыр, -гыч.*







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1.2. Өз алдынча иштөө.** Төмөнкү берилген этиштен атооч жасоочу мүчөлөрдү үйрөнүп чыгып, аларды этиштен зат атоочту жасоочу жана этиштен сын атоочту жасоочу мүчөлөргө ажыратып жазып, аларга тиешелүү сөздөрдү улап, сүйлөмдөр түзгүлө: *-мал, -ма, -мал, -мак, -гы, -гыч, -ынды, -ык, -мыш, -ыш, -уу, -ыч, -ылга, -дак, -гыр, -гын, -лак, -аак, -гак, -оо, -чаак, -ооч, аанак, -ык, -ан, -арман, -аша, -ган.*

**Тапшырма 1.3.** Этиштен атоочту жасоочу мүчөлөрдүн таблицасын түзгүлө.

**Тапшырма 1.4.** Текстти кайрадан кунт менен окуп чыгып, *көр, кел, бөл, тур, өндүр, сат, чеч, козгол, ыргыт, булга* деген этиш сөздөргө этиштен атооч жасоочу мүчөлөрдү жалгап, аларды катыштырып, «Таштандыларды эмне кылуу керек?» деген темада текст түзүп, сүйлөмдөрдү байланыштыргыла. Бул текстти удаалаштыкта түзүүгө аракеттенгиле.

М и с а л ы : 1-окуучу – Биз айылдын четинен көрүнгөн таштандыларды көп учуратабыз. 2-окуучу......

**Тапшырма 1.5.** Төмөнкү берилген сөздөрдү уңгу мүчөгө ажыратып, эки топко бөлгүлө. 1) Этиштен зат атооч жасалган сөздөр; 2) этиштен башка сөз түркүмдөрү жасалган сөздөр; Ар бирин катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

Оодарыш, кубаныч, ачкыч, кескич, турмуш, башкарма, кездешти, чогулуш, сызгыч, табышмак, шайлоо.

**Тапшырма 1.6.** Текстти окуп чыгып, этиштен этиш жасалган сөздөрдү аныктап, мында эмне үчүн фонетикалык жактан өзгөргөндүгүн түшүндүргүлө.

Ү л г ү : *көрүнөт; көр -уңгусу, -үн (ын) мүчөсү; уңгудагы эрин үндүүлөргө карай мүчөдө эринсиз үндүү, эриндүү үндүүгө карай ээрчишип, жаңы жасалган сөздө фонетикалык өзгөрүү болду.*

## Топтор менен иштөө

Төмөнкү этиштен этиш жана атооч жасоочу мүчөлөрдү жалгап, төмөнкү кутучаны толтургула. «Ким алдында» оюнун уюштургула.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***1-топко:***

*-ым, -матык,*
*-мыш, -гыр*



***2-топко:***




**Тапшырма 1.7.** Төмөнкү этиш сөздөргө этиш жасоочу мүчөлөрдү улап, үлгү боюнча көчүрүп жазгыла. Сөз жасоочу мүчөлөрдүн түрлөрүн санагыла.

Көр, жаз, отур, бас, оку, сана, бер, ал, кет.

Үлгү: ал – алдыр – алыш – алгыла – алмак – алгыз – алдырат.

**Тапшырма 1.8.** Төмөнкүдө берилген этиштен этишти жасоочу мүчөлөрдүн таблицасын жаратып, аларды тиешелүү сөздөргө улап, сүйлөмдөр түзгүлө. *-ык, -ын, -дыр, -ар, -ыр, -кар, -гыла, -мак, -гыз, -кыр, -т.*

Үлгү: кеч+ыр – кечир; *Менин бардык күнөөлөрүмдү кечир.*

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Кайдигерликтен көнүмүш адат туулат. Андай адат ачкычы жоголгон кишен сыяктуу»

*А. Перрун.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# III БӨЛҮМ. ДЕН СООЛУК – ТЕРЕҢ БАЙЛЫК




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КӨЗ НУРУН АСЫРОО КЕРЕК




1. Көз нурун асыроону биринчи орунга койгула.
2. Өз ден соолугуңарга кайдыгер мамиледе болбогула.
3. Мобилдик байланыштын электромагнит толкундарын иштеп чыгышы эмнелерге алып келет?

«Көз – адамдын чырагы» – деген сөз бекеринен айтылган эмес. Көз аркылуу адам бардык нерсени көрөт.Көз менен китепти, журналды, газетаны, бардык нерсени көрөбүз. Көздү жумсаң, эч нерсе көрүнбөй калат.Көзүң көрбөгөндөн кийин, жашоо абдан кыйын. Ошол себептүү көз нурун асыроо керек.

Бүгүнкү күндө мектеп окуучуларынын басымдуу бөлүгү мобилдик телефондордун, смартфондордун жана планшеттердин пайдалануучусу болуп келет. Интернет желесинде залал алып келүүчү жана алдамчылыкка багытталган контент көп болгондугу шексиз.

Мобилдик байланыш радио жыштыктагы диапазондо электромагнит толкундарын иштеп чыгарышын жакшы билебиз. Буларды көбүрөөк колдонуу албетте көзгө зыян экендигин ар дайым эсте сактагыла.

Бул мобилдик телефонду колдонгон учурда электромагниттик энергиянын адамдын денесиндеги ткандарга канчалык сиңип кетерин көрсөтөт. Көрсөткүч телефондун үлгүсүнө карап өзгөрүп турат. Маалымат интернетти же телефонду колдонуу тууралуу көрсөтмөдө жазылышы керек. Деген менен буга керектөөчүлөр көп маани беришпейт. Толкундар телефондон алыстаган сайын күчүн жоготот. Көпчүлүк колдонуучулар сүйлөшүп жатканда телефонду кулагына коюшат. Антена кулакка канчалык жакын болсо, нурлануу энергиясынын таасири ошончолук жогору болот.

Ошон үчүн телефонду колдонуу убактысын кыскартуу керек. Телефондун үн күчөткүч же кулакчын менен колдонсо, телефондун баштан алыс кармаган болот.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.1.** Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор.

1. Текстти окуп чыгып, анын негизги тематикасы, көтөрүп чыккан проблемасы эмне жөнүндө экендигин аныктагыла.
2. Көз нурун сактоо үчүн кандай эрежелерди колдонушубуз керек?
3. Мобилдик байланыштардан көбүрөөк колдонуу эмнелерге алып келет?
4. Күндөлүк турмушта интернеттен пайдалануу зарылчылыгы барбы?
5. Электромагниттик толкундар деген эмне? Анын кандай зыяндары бар?
6. Интернетти жана мобилдик телефонду колдонуу эрежелери жөнүндө эмнелерди билесиңер?

## Грамматика боюнча тапшырмалар

Сөздүн синтаксистик жол менен жасалышы (эки же андан ашык сөздөрдүн туруктуу сөз айкашынан туруп, маанилик бир бүтүндүк түзүлүшү).

Эсиңерге сактагыла! Татаал сөздөр сөздүн синтаксистик жол менен жасалышы эки же андан ашык сөздөрдүн ажырагыс тизмегинен туруп, лексикалык жактан бир гана маанини билдириши аркылуу жаңы маанидеги сөздөрдү жасоо синтаксистик ыкма деп аталат. Мисалы: жол башчы, Ата Мекен, темир жол, ата-эне, бала-бакыра, Орто Чырчык, Жогорку Чырчык, Борбордук Азия, ЖК. Булар жол жана башчы, ата жана мекен, темир жана жол, ата жана эне, бала жана бакыра, орто жана Чырчык, жогорку жана чырчык, борбордук жана Азия деген сөздөрдөн жана ЖК толук маанилүү сөздөрдүн баш тамгаларынын кыскарышынан түзүлүп, бир жаңы маанини түшүндүрдү.

Татаал сөздөр синтаксистик жол менен жасалат. Эки же андан ашык сөздөрдөн туруп, лексикалык жактан бир маанини билдирген сөздөр татаал сөздөр деп аталат. Мисалы: өнөр жай, дос-душман, бир тууган, кара чыйырчыктар, Бириккен Улуттар Уюму, Өзбекстан Улуттук университети.

Татаал сөздөр бир эле сүйлөмдүн мүчөсүнүн милдетин аткарат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.2.** Текстти окуп чыгып, андагы синтаксистик жол менен жасалган сөздөр катышкан сүйлөмду көчүрүп жазып, татаал сөздөрдүн астын сызгыла.

Ү л г ү : *<u>Мобилдик</u> <u>байланыш</u> радио жыштыктагы диапазондо электромагнит толкундарын иштеп чыгарышын жакшы билебиз*.

**Тапшырма 1.3.** Татаал сөздөрдүн мүнөздүү белгилери жана сүйлөм ичиндеги синтаксистик кызматын айтып бергиле.

Ү л г ү : ***мобилдик байланыш*** *– татаал сөз; аларды бири-биринен ажыратып болбойт, бир эле сүйлөмдүн мүчөсүнүн милдетин аткарып, бул сүйлөмдө илик жөндөмө болуп , (жөндөмө мүчө -нын көмүскөдө) аныктоочтук милдетти аткарды*;

**Тапшырма 1.4.** Көп чекиттин ордуна ылайыктуу татаал сөздөрдү коюп көчүрүп жазгыла.

Ар бир адамдын … … сапаттары бар. Улуттук оодарыш оюнуна … … жигиттер катыша алышат. Тойдо … … – баары, … … кенен болот. Фарида быйыл жайында Амирсайга… … менен барып келди. Идиш-аяк дүкөнүнүн көргөзмөсүнөн … … түрлөрүн тандап алууга болот. Көчөдөн жаш балдардын … …үндөрү угулуп жатты.

*(Алдуу-күчтүү, ыжы-кыжы, алма-өрүк, коон-дарбыз, жакшы-жаман, чыны-аяк, улуу-кичүү, кары-жаш, бала-бакыра.)*

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| (жашыл) | (сары) | (кызыл) |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Башкаларга бакыт издеген адам бакытка өзү туш болот».

*Августин.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## АРТЫКЧА ТАМАКТАНУУ ДЕН СООЛУККА ЗЫЯНДЫГЫ

1. Тамактануу – организмдин тиричиликти, ден соолукту, ишке жөндөмдүүлүктү сактоо үчүн зарыл болгон азык заттарды сиңирүү процесси.
2. Туура тамактануу – ден соолуктун булагы.
3. Кайсы убакытта тамактануу керек?

### Туура тамактануунун эрежелери

Тамак ичип жатканда сүйлөбөй тынч отуруу керек.

Кашыкты, бычакты оң, айрыны сол колго кармоо зарыл.

Суюк тамак ичип жатканда, шорулдатып үн чыгарба.

Тамакты кашыкка азыраак сузуп, оозду көп ачпай ич. Дасторкондо да кичүүлөр улууларга жол берип, урмат-сый көрсөтүүсү – адептүүлүктүн белгиси.

Дайыма тамакты улуулардан кийин алуу керек.

Улуу кишилер тамак ичип жатканда, алардан мурда бүтүп, туруп кетүү жарабайт.

Катуу күлүп же бакылдап сүйлөп элдин көңүлүн бурба.

Тишти элдин көзүнчө чукулоо жарабайт.

Тамак желип бүткөндө, үй ээсине ыракмат айтууну унутпа.

Жаңы жана ар кандай азык-түлүктөр ден соолукту сактоонун милдеттүү шарттарынын бири. Туура уюшулган тамактануу дененин жана акыл-эстин нормалдуу өсүшүндө зор мааниге ээ. Тамак аштын жетишсиздиги өнүгүүнү жана өсүүнү кечиктирет, организмдин ар кандай ооруларга каршылык көрсөтүүсүн төмөндөтөт. Өтө көп болушу – зат алмашуу процессин, ашказанды бузат. Бир түрдүү тамактануу табитти начарлатат. Белоктуу жана углеводдуу тамакты айкаштыруу көпкө чейин ток сезимди жаратат. Куурулган тамак карында көпкө чейин кармалат да, карындын иштегенин оордотот.

Ачуу татымалдар карындын ички бетин абдан дүүлүктүрөт. Канттын көп болушу диабет оорусуна чалдыктырат. Тамак ашта өсүмдүк майын колдонсо жеңил, аш болумдуу болот, малдын майынын көп болушунан зат алмашуу, тамак сиңирүү бузулуп, адамдын салмагы көбөйөт. Тамактануу учурунда ченеми менен тамактануу керек. Анткени ашыкча тоюу ден соолукка зыян.

Май тканынын өсүшү менен байланышкан ашыкча салмак ден соолукту бузат, жүрөккө артыкбаш күч келет, көкүрөктүн кыймыл-аракети чектелет, өпкөнүн иштөөсү начарлайт. Ошондой эле эрте картаюунун себеби да ушундай болуп саналат. Адамга кандай тамактар пайдалуу? Кургатылган жер-жемиш-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тер, витаминдерге бай, ар кандай жашылча жемиштер, калориялуу тамак аштар.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор.**

1. Текстти окуп чыгып туура тамактануунун кандай эрежелери бар экендигин түшүндүргүлө.
2. Туура тамактануу менен эмнеге жетишүүгө болот?
3. Ашыкча тамактануу жана туура эмес тамактануу дегенди кандайча түшүнөсүңөр жана алар эмнелерге алып келет?
4. Тамак аштын жетишсиздиги натыйжасында организмде кандай өзгөрүүлөр болот?
5. Тамак аштын өтө көп кабылдоо ден соолукка кандай зыян келтириши жөнүндө текстте кандай маалыматтар берилген?
6. Ачуу татымалдарды жана таттуу нерселерди көп кабылдоо организмде кандай өзгөрүүлөргө алып келиши жөнүндө текстте маалымат берилгенби?
7. Тамактанууда кандай майларды колдонуу зарыл экендиги жөнүндө текстте маалымат барбы?
8. Эрте картаюунун себеби эмнеде деп ойлойсуңар?
9. Сүрөттөгү тамак-аштын аталыштарына көңүл бургула. Алар пайдалуубу же зыяндуубу? Эмне үчүн?






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Таблицаны толтургула.**

| Пайдалуу тамак | Эмне үчүн? | Зыяндуу тамак | Эмне үчүн? |
|---|---|---|---|
| .... | .... | ... | ..... |

## Грамматика боюнча тапшырмалар

**Тапшырма 1.1.** Жогоруда берилген тексттен кош сөз катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Кош сөздөрдү таап, кайсы түрүнө кирерин аныктагыла. Кош сөздөрдүн эрежесин айтып бергиле. Эмне үчүн кош сөздөр сөз жасоонун синтаксистик ыкмасына кирерин түшүндүргүлө.

Ү л г ү: *Туура уюшулган тамактануу дененин жана акыл-эстин нормалдуу өсүшүндө зор мааниге ээ.* ***Акыл-эстин*** *– кош сөз; экөөсү тең маани берүүчү кош сөз;*

**1.2. Өз алдынча иштөө.** Тексттен алынган төмөнкү сөздөрдүн түгөйүн таап, кош сөз түзгүлө жана алардын түрүн аныктап, сүйлөмдөр түзгүлө: *оң, сол, суюк, сый, кичүү, көп, улуу, туура, зор, азык, жеңил, пайда.*

**Тапшырма 1.3.** «Даймонд» стратегиясы менен иштөө. Үлгү боюнча тексттен кош сөздөрдү талдагыла.

*Шарты: Ү л г ү :*
1. Зат атоочтуу кош сөз
2. Сын атоочтуу кош сөз
3. Кош сөздүү сүйлөм
4. Эки сөзү тең маани берүүчү кош сөз
5. Бир сөзү маани берип, бир сөзү маани бербеген кош сөз
6. Эки сөзү тең маани бербеген кош сөздөр.

**Тапшырма 1.4.** Тексттен кошмок сөздөрдү таап, алардын жазылышын түшүндүрүп бергиле.

**Тапшырма 1.5.** Кошмок сөздөрдүн кайсы сөз түркүмүнө таандык экендигин жана синтаксистик кызматын аныктагыла.

**Тапшырма 1.6.** Өзүңөр билген, же жашаган жериңердеги эки же андан ашык сөздөрдөн куралган географиялык энчилүү аттарды катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Ал географиялык энчилүү аттардын канча сөздөн түзүлгөнүн жана алар кандай жазыларын түшүндүргүлө. Кошмок сөздөрдүн эрежесин айтып бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.7.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, адам аттарынан түзүлгөн кошмок сөздөрдү тапкыла. Алардын канча жана кандай сөздөрдөн түзүлгөндүгүн аныктагыла. Кошмок сөздөрдүн эрежесин айтып бергиле. Кош сөз менен кошмок сөздөрдүн айырмасын түшүндүргүлө.

1. Кулболду Талканбаев! – деп мени трибунага чакырды. 2. Султанмурат көз кырын салып, Мырзагүлдү карап коюп отурган. 3. Тоголок Молдо – кыргыз элинин улуу акыны. 4. Субанкул менин сөзүмө күлүп калды. 5. Башыңды өйдө көтөр, Толгонай, кайрат кыл!

**Тапшырма 1.8.** Окуп чыгып, кыскартылган сөздөрдү тапкыла кыскартылган сөздөр деп эмнеге айтабыз жана алар кандай жолдор менен кыскартылганын аныктагыла. Кыскартылган сөздөрдүн эрежесин айтып бергиле.

Жолдоштор, бул ГЭС – биздин бактыбыз, биздин келечегибиз! 2. Өмүрбек САГУнун тоо-инженер факультетинде окуду. 3. Өзүнчө жашыруун топторду түзгөнүн бул бала билчү эмес. 4. Менин агам облкеңешке депутат болуп шайланды.

**Жыйынтыктоо (кайталоо) сабагы**

Төмөнкү суроолорго жооп бергиле:

1. Сөз жасоонун ыкмалары жөнүндө түшүндүргүлө.
2. Сөз жасоонун морфологиялык ыкмасынан кабар бергиле.
3. Сөз жасоочу мүчөлөрдүн түрлөрүн (атоочтон атооч, атоочтон этиш, этиштен атооч, этиштен этиш жасоочу) жана аны уюштуруучу мүчөлөрдү айтып бергиле. Оозеки мисал келтиргиле.
4. Сөз жасоонун синтаксистик ыкмасын түшүндүргүлө.
5. Кош сөздөр жөнүндө айтып бергиле.
6. Кошмок сөздөр деген кандай сөздөр, мисал келтирип, өз түшүнүгүңөрдү баяндагыла.
7. Кыскартылган сөздөргө мисал таап, эрежесин түшүндргүлө.
8. Татаал сөздөрдүн жазуу эрежелерин айтып бергиле.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| (жашыл) | (сары) | (кызыл) |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**«Сөз берметтери»**

«Ак көңүл адамдын эң жаман сапаты өз пикиринен – кайтуусу, кайрымдуулуктан баш тартуусу. Бакылдын жакшыраак сапаты – бакылдыкты четке кагуусу».

*Жомосиб.*


## БООР – ЭҢ МЭЭНЕТКЕЧ МҮЧӨ

1. Боор организмде эмне үчүн эң керектүү мүчө катары каралат?
2. Боор биздин организмибиздин фильтри жана фабрикасы деп аталышынын себеби эмнеде?

### Боор – эң мээнеткеч мүчө

Боор – биздин организмдин фильтри жана фабрикасы. Эгер ал дартка чалдыкса, анда башка органдарда да оорулар жаралат. Андыктан боорду ооруга чалдыктырбаш үчүн туура тамактанып, аны убагында тазалап туруу керек.

Боордун негизги кызматтары өттү иштеп чыгаруу, канды чыпкалап тазалоо. Канды суткасына 400 иреттей тазалоодон өткөрөт. Кан менен кошо андагы зыяндуу заттардын баарын (уу,





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бактерия, вирус, нитрат ж.б.) өзү аркылуу өткөрүп, аларды зыянсыздандырат.

Эгер мындай заттар организмди тамак-аш, дары-дармек аркылуу көбүрөөк кирип кетсе, боордун аларды зыянсыздандырууга алы жетпей калат. Зыяндуу заттар боордо топтоло баштайт да, боор акырындап дартка чалдыгат. Чыпкалоодон жакшы өтпөй калган кан курамындагы уулуу заттар менен башка органдарды дартка чалдыктырууга өтөт. Ошентип, боор ооруса башка органдар да дартка чалдыгышат. Боор оорулары жаралбашы үчүн туура тамактанып, өз алдынча жана ашыкча дары ичпөө керек.

?! **Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор.**

1. Тексттин негизги мазмуну эмне жөнүндө?
2. Боор адам организми үчүн кандай кызматты аткарат?
3. Боорду ооруга чалдыктырбоо үчүн кандай жол тутуу керек?
4. Текстте боор жөнүндөгү эң керектүү маалымат кайсы сүйлөмдөрдө берилген?
5. «Бир боорум» деп бир туугандарга айтылуучу сөз менен адам организминдеги эң мээнеткеч мүчө болгон боордун ортосунда кандайдыр маанилик жакындык барбы?

## Грамматика боюнча тапшырмалар

### ОРФОГРАФИЯ ЖАНА АНЫН ЭРЕЖЕЛЕРИ

Эсиңерге сактагыла! Адабий тилдеги сөздөрдүн нормасын туура сактап жазуу үчүн атайын иштелип чыккан эрежелердин жыйындысы орфография деп аталат.

Бул сөз гректин орфо (туура) жана графо (жазуу) деген сөздөрүнөн алынган.

Кыргыз орфографиясынын негизги эрежелерине: сөздөрдү бирге, бөлөк жана арасына дефис коюп жазуу, уңгу сөздөрдү жазуу эрежелери, сөз варианттарын, баш тамгаларды жана сөздөрдү ташымалдап жазуунун эрежелери кирет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.1.** Тексттен, уңгу сөздөрдү таап, көчүрүп жазгыла. Уңгунун эрежесин айтып берип, жалаң уңгудан турган сөздөрдүн жазылышын айтып бергиле.

Үлгү: *боор, мүчө*

**Тапшырма 1.2.** Текстте бөлөк жазылган сөздөр кайсы сөз түркүмүнө таандык экендигин аныктагыла. Алардын жазылыш эрежелерин түшүндүргүлө.

Үлгү: *иштеп чыгаруу; татаал этиш.*

**Тапшырма 1.3.** Төмөнкү сөздөрдүн кандай жазыларын аныктагыла. Эрежелерин айтып бергиле.

Алтын саат, калай кашык, тогуз коргоол, айыл чарба, он-беш, отузеки, барып келдим, шаарды карайгетти, Илима эң жакшы окуйт, үйгө чейин, өтө жакын, келип кеттим.

1. Түгөйлөрүнүн алгачкы маанилери толук сакталган кошмок сөздөр бөлөк жазылат: *беш күндүк, алтын саат, күмүш кашык.*

2. Жөнөкөй жана татаал сан атоочтор бирге айтылган сөздөрүнөн бөлөк жазылат: *он беш, отуз үч, жүз эки, жыйырма биринчи кылым, бир миң тогуз жүз он, жыйырма бала, отуз окуучу.*

3. Татаал этиштердин ар бир түгөйү бөлөк-бөлөк жазылат: *чуркап келе жатат, барып кел.*

Эскертүү: Төмөнкү татаал этиштер бирге жазылат: *баратат, келатат, апар, алпар.*

4. Кошмок сөздөрдүн тутуму бир гана маани бергендигине карабастан, ар башка жазылат: *таш көмүр, темир жол, бала бакча.*

5. *Өз* аты менен катар колдонулган же ылакап катарында айтылган кээ бир кошмок сөздөр арасына дефис коюлбастан, ар башка жазылат: *Тоголок Молдо, Молдо Кылыч, Молдо Нияз.*

6. Адамдардын кесибин, аткарган ишин, өнөрүн, бийлигин ж.б. көрсөтүп, энчилүү аттар менен бирге айтылган жалпы аттар кичине тамга менен жазылат: *Курманбек баатыр, Тайлак баатыр, Курманжан датка, Алымбек датка, Кожомкул балбан, Чыңгыз хан, Тагай бий, Кожожаш мерген.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.4.** Өзүңөр жашаган жериңердеги татаал географиялык энчилүү аттарга мисал келтирип, алардын кандай жазыларын түшүндүргүлө.

**Тапшырма 1.5.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, бириккен (бирге жазылган) сөздөрдү тапкыла. Эмне үчүн алардын биригиш себептерин, бирге жазылышын түшүндүргүлө. Бириккен сөздөргө уланган мүчөлөрдү тапкыла.

1. Оо, Ала-Тоо, Ала-Тоо, ата-бабам өскөн жер. 2. Алиман сүйлөп бүтмөйүнчө, көпкө унчукпай отурдук. 3. Бүгүнкү күндөн эртеңки күн сонун. 4. Жайы-кышы тарыды, былтыркыдан быйылы. 5. Аяк жагы Семиз-Бел, нар жагында карасаң, мелтиреген Ысык-Көл. 6. Сары-Челектин айланасында Кыла, Чөйчөк-Көл, Ийри-Көл, Арман-Көл деген дагы башка көлдөрү бар. 7. Кутубай, Бакай, Качканак,

Качып чыккан баштараак.
Муратаалы, Мурзабек,
Мурун качып келди эле.
Аркасынан Кулданбай
Куба качып келди эле.

(*Токтогул*)

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| (жашыл) | (сары) | (кызыл) |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

Ар иште акыл-эстүү болуу керек, Акылдуу өз ишинен убай көрөт.


*Жусуп Баласагын.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## СҮЗҮҮНҮ БИЛЕСИҢБИ?




**Текст менен иштөө**

## СУУДА СҮЗҮҮ ЭҢ ПАЙДАЛУУ МАШЫГУУ

1. Суудa сүзүү эмне үчүн керек?
2. Сүзүүнүн кандай түрлөрүн билесиңер?
3. Сүзүүнүн пайдалуу жактары.

### Суудa сүзүү эң пайдалуу машыгуу

Суудa сүзгөн адамдын бардык денеси кыймылда болот. Бул кары-жашына да, даярдыгы бары-жогуна да карабай, ар бирине пайдалуу кыймылдар.

Адистердин айтымында, сууда сүзүү организм үчүн эң пайдалуу машыгуу. Дененин бардык булчуңдары кыймылдайт.

Сүзүүдө адамдын негизги булчуңдары иштегени менен, чарчоого же ооруксунууга алып барбайт. Анда төш зонасы, кол, ийин, сан жана жамбаш кыймылда болуп, моюн жана кол жактагы муундарга ийкемдүүлүктү берет. Кан алмашууну жакшыртат. Бул



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

процессте дем алуу күчөгөндүктөн, жүрөк-кан тамыр системасы да көбүрөөк иштейт. Сүзүүдө кан алмашуу оңой жүргөндүктөн, жүрөктүн согуусу менен кан алмашуу процесстерин жакшыртат. Жүрөктөгү кан алмашуу эффективдүү жүрүп, анын булчуңдары жана кубаттуулугу өрчүйт. Дем алуу системасы жакшырат. Сууда сүзүүдө бир калыпта дем алуу мурун менен дем алып, оозу менен дем чыгаруу кажет.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор.**

1. Текстте негизинен эмне жөнүндө айтылат?
2. Сууда сүзүүнүн пайдалуу жактары жөнүндө текстте кандай маалыматтар берилген?
3. Сууда сүзүүдө кандай кыймылдар ишке ашат?
4. Сууда сүзүүдө адам өзүн кандай тутуу керек?
5. Башка спорт түрлөрүнө караганда сууда сүзүүнүн коопсуздугу жөнүндө эмнени айта аласыңар?

Эсиңерге сактагыла! 1. Кыргыз тилиндеги бардык кош сөздөрдүн араларына дефис коюлуп жазылат: *кызыл-тазыл, ата-эне, эже-сиңди.*

2. Кайталанып айтылган сырдык сөздөр: *пай-пай, чү-чү, кыруу-кыруу, өш-өш, чиге-чиг.*

3. Кайталанып айтылган тууранды сөздөр: *ха-ха, тарс-турс, жарк-журк, бака-шака, .*

4. Адамдардын илимий даражасын, адистигин, кызмат: наамын, чинин ж.б. белгилерин көрсөтүүчү төмөнкү сөздөрдүн арасына дефис коюлуп жазылат: *акын-драматург, врач-терапевт, мүчө-корреспондент, генерал-майор, учкуч-космонавт, премьер-министр, экс-чемпион, экс-спикер.*

5. Адам аттары ар түрдүү эки фамилиядан турса, арасына дефис коюлуп жазылат: *Микола-Аскер, Николаева-Терешкова, Миклухо-Маклай.*

**Тапшырма 1.1.** Тексттен арасына дефис коюлуп жазылган сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, бул сөздөрдүн жазылыш эрежелерин түшүндүргүлө.

**Тапшырма 1.2.** «Даймонд» стратегиясы менен иштөө. Баш тамгалардын жазылышы боюнча төмөнкү тапшырманы аткарып, кандай сөздөр баш тамгалар менен жазылышына көңүл буруп, анын эрежелерин түшүндүрүп бергиле. Мисалдар келтиргиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эрежеси: Мисалдар:
*1. Энчилүү аттар*
*2. Сүйлөмдөрдүн башталышы*
*3. Ар бир ыр саптары*

**Тапшырма 1.3.** Тексттен кайсы сөздөр баш тамга менен жазылгандыгын аныктап, алардан үлгү катарында мисалдар келтиргиле жана алардын жазылыш эрежелерин түшүндүрүп бергиле.

**Тапшырма 1.4.** **«Кластер» методу менен иштөө**. Өзүңөргө тиешелүү энчилүү аттардан мисалдар келтирип, төмөнкү тапшырманы аткаргыла.

1. Адамдардын аттары.
2. Жер-суулардын аттары.
3. Мамлекеттердин, шаарлардын аттары.
4. Китептер, газета-журналдардын аттары.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Топтор менен иштөө

Биринчи топтун окуучулары жогорудагы берилген тексттен биринчи абзацтагы зат атооч сөздөрдү, экинчи топтун окуучулары этиш сөздөрдү төмөнкү берилген таблица боюнча ташымалдагыла.

Үлгү:

| Сөздөр | Биринчи муун | Экинчи муун | Үчүнчү муун | Төртүнчү муун | Бешинчи муун |
|---|---|---|---|---|---|
| Суу | да | | | | |

**1.5. Өз алдынча иштөө.** Тексттин үчүнчү абзацындагы сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен жасалган сөздөрдү аныктап, аларды ташымалдап жазгыла жана сөздөрдү ташымалдап жазуу эрежелерин түшүндүрүп бергиле.

Үлгү: **сү-зүү-дө; уңгусу** – сүз, мүчөлөрү – үү(-уу) этиштен атооч жасоочу мүчө, дө (-да) жатыш жөндөмөнүн мүчөсү, сөз өзгөртүүчө мүчө;

**Тапшырма 1.6.** Тексттен ташылбай турган сөздөрдү көчүрүп жазгыла жана кандай сөздөр ташылбай тургандыгын айтып бергиле.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| (жашыл) | (сары) | (кызыл) |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

Ар иште акыл-эстүү болуу керек, Акылдуу өз ишинен убай көрөт.

*Жусуп Баласагын.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# IV БӨЛУМ. КЕСИБИМ – СЫЙМЫҒЫМ



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЖӨНДӨМДҮҮЛҮК ЖАНА КЫЗЫГУУ

Кесиптердин күндөлүк турмуштагы орду жана аларды кандай тандоо керектиги.

Келечектеги кесипти туура тандай алуу.

Кесип тандоодо жөндөмдүүлүккө көңүл буруу негизги маселе экендиги.

### Текст менен иштөө

Кесипти кантип туура тандоо керек?

Кесипти туура тандоо үчүн, биринчиден, өз мүмкүнчүлүктөрүңөрдү жана өнөрлөрүңөрдү баалоо керек. Көп учурда силерге жаккан окуу предметтер же кызыгуулар кесипти тандоодо негиз болушу мүмкүн.

Адистерден кеңеш, сунуш сурап жана алар иштеген жакка барып көрүш керек. Ар кайсы жерлерге барып, көргөнүңөрдү салыштыргыла. Силер күткөн нерселерге дал келдиби же жокпу деп талдап көргүлө. Ата-энеңер жана мугалимдер менен кеңешкиле.

Өзүңөрдүн мүнөзүңөрдү жана темпераментти, жашоо темпке баалоо жүргүзгүлө. Тандаган кесип өзүңөргө туура келиши керек.

Дүйнөдө бири-бирине окшобогон ар түрдүү кесиптер абдан көп. Ал кесиптердин ар бири коомдо өз орду бар жана өтө керектүү. Алар окутуучу, дарыгер, куруучу, учкуч жана башкалар. Мен бала кезимден кесип тандоо жөнүндө көп ойлочумун. Бардык эле кесиптер мага кызыктуу сезилчү. Чындыгында эле бардык кесиптердин арасынан бирин тандоо мен үчүн абдан оор болгон. Менин оюмча, ар бир мектеп бүтүрүүчүсүнүн алдында бул татаал маселени чечүү иши турса керек.

Орто мектепти бүткөндөн кийин, өзүм кызыккан укук коргоочулук кесипти тандадым. Ата-энем менин тандоомо каршы болгон жок. Азыр университетте окуп, бул кесиптин сырларын үйрөнүп жатам. Мен тандаган кесип ак-караны тааный билүүгө үйрөтүп, адам тагдыры деген өтө жооптуу маселени калыс чечүүгө тарбиялайт. Окуу жайын бүткөндөн кийин калыс, адилеттүү, укук коргоочу болуп, бар билимимди жумшап, колдон келишинче адамдардын жашоосун азбы-көппү жакшыртсам деген үмүтүм бар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор.**

1. Кесип адамга эмне үчүн керек?
2. Текстте кесипти туура тандоодо эмнелерди баалоо керектиги жөнүндө кандай маалыматтар берилген?
3. Кайсы кесипти эң керектүү кесип деп атоого болот?
4. Тандаган кесип өзүбүзгө жагуу үчүн эмне кылышыбыз керек?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

5. Келечекте ар бир инсан өз ордун табуу үчүн, албетте өзү тандаган кесибине ээ болуусу керектиги жөнүндө силердин ой пикириңер кандай?
6. Тексттен силерге керектүү кандай маалыматтарды алдыңар?
7. Сүрөттөгү адамдардын кесиби кандай деп ойлойсуңар? Бул кесип ээлери эмнелер менен алектенет?

## Топтор менен иштөө

Текстти окуп чыгып, зат атооч сөздөрдү аныктап, аларды көчүрүп жазгыла жана биринчи топтун окуучулары зат атоочтун морфологиялык белгилерин, экинчи топтун окуучулары синтаксистик белгилерин айтып бергиле.

## Грамматика боюнча тапшырмалар

Эсиңерге сактагыла! Грамматика эки бөлүктөн турат. Биринчиси – м о р ф о л о г и я, экинчиси – с и н т а к с и с. Морфология гректин морфе (форма) жана логос (окуу, илим) деген сөздөрүнөн алынган.

Морфология – сөздөрдүн курулушун, сөздүн составдык бөлүктөрүн, сөз мүчөлөрүн , сөз түркүмдөрүн жана сөздөрдүн өз гөрүү, жасалуу жолдорун үйрөтүүчү грамматиканын бир бөлүмү.

**Тапшырма 1.1.** Текстте берилен зат атоочторду төмөнкү таблица боюнча жөнөкөй жана татаал түрүнө ажыраткыла. Алардын эрежесин айтып бергиле.

| Зат атооч сөздөр | Жөнөкөй зат атооч | Татаал зат атооч |
| --- | --- | --- |
| | | |

**Тапшырма 1.2.** Текстте берилген зат атоочторду уңгу жана мүчөгө ажыратып, ал мүчөлөрдү түрлөргө ажыраткыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.3.** Сүрөттөр менен иштөө. Бул берилген сүрөттөргө мүнөздөмө бергиле.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Тапшырма 1.4.** Тексттеги таандык мүчөлөр уланган зат атоочторду көчүрүп жазып, зат атоочтун таандык мүчөлөр менен өзгөрүшү жөнүндө түшүнчө бергиле.

Ү л г ү : ***өнөрлөрүңөрдү*** – II жак таандык мүчөнүн көптүк саны (-үңөр, -ыңар).

Эсиңерге сактагыла! Белгилүү суроолорго жооп берип, сүйлөм ичиндеги сөздөрдү башка сөздөр менен байланыштырып турган -нын, -га, -ны, -да, -дан мүчөлөрү жөндөмө мүчөлөр деп аталат. Ушул мүчөлөрдүн маанисин белгилөө үчүн алынган сөз ж ө н д ө м ө деп аталат

Заттын атын билдирип, ким? эмне? кимдер? эмнелер? деген суроолорго жооп берип турган сөз же сөз тизмеги атооч жөндөмө деп аталат.

**Тапшырма 1.5.** Жогоруда берилген тексттен атооч жөндөмөдөгү сөздөрдү көчүрүп жазып, аларды «Даймонд» стратегиясы методу боюнча талдагыла.

Ү л г ү : **Шарты:** **Мисалдар:**
1. Атооч жөндөмөнүн суроосу:
2. Уңгу түрүндө:
3. Туунду түрүндө:
4. Татаал сөз түрүндө:
5. Көптүк түрдө:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.6.** Тексттеги атооч жөндөмөдөгү сөздөрдү аныктап, алардын кайсы сөз түркүмүнөн курулгандыгын жана синтаксистик кызматын белгилегиле.

**Топтор менен иштөө**

Биринчи топтун окуучулары тексттен уңгу түрүндөгү, экинчи топтун окуучулары туунду сөз түрүндөгү атооч жөндөмөдөгү сөздөрдү көчүрүп жазып, алардын жазылышын түшүндүрүп бергиле.

| **1-топко:** | **2-топко:** |
|---|---|
| Ү л г ү : *кесип –* | *кызыгууу –* |

**Тапшырма 1.7.** Сүрөттөр менен иштөө. Сүрөттөрдү карап, кесиптердин аталыштарын, ким эмне кылып жаткандыгын жазгыла.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эсиңерге сактагыла! Заттын кимге, эмнеге таандык экендигин көрсөткөн жөндөмө илик жөндөмө деп аталат.

Илик жөндөмөнүн мүчөсү негизги мүчөсү -нын, кимдин? эмненин? каердин? кайсы жердин? деген суроолорго жооп берет да, аныктоочтун милдетин аткарат.

**Тапшырма 1.8.** «Даймонд» стратегиясы методу аркылуу окуучулар тексттен илик жөндөмө мүчөнүн варианттары боюнча иштешет.

Ү л г ү : **Шарты:** **Мисалдар**:

1) Үндүү тыбыштардан кийин:
2) уяң, жумшак үнсүздөрдөн кийин:
3) каткалаң үнсүздөрдөн кийин:
4) I, II жак таандык уландылардан кийин:
5) III жак таандык уландылардан кийин:

**Тапшырма 1.9.** Тексттен илик жөндөмө мүчөсүнүн түшүрүлүп айтылган сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, аларга суроо бергиле.

**Тапшырма 1.10.** Сүрөттөр менен иштөө. Сүрөттөгү буюмдар кайсы кесип ээлерине таандык. Сүрөттөрдү пайдаланып, сүйлөм түзгүлө.

Ү л г ү : Сүрөтчүгө мольберт керек.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.11.** Тексттеги илик жөндөмөдөгү сөздөрдүн кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарып жаткандыгын аныктагыла.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Кылычтын мизи, найзанын учу менен аткарууга мүмкүн эмес болгон көп иштер жумшактык, кичипейилдик менен аткарылат. Каардануунун залалы каарданган адамдын өзүнө тийет»

*Шофий.*

**Текст менен иштөө**

## ДАРЫГЕР

Бул кесип илгери эле пайда болгон. Аны адамзат менен жашташ деп койсо болот. «Врач» деген сөз славянчадан которгондо «сыйкырдуу» деп аталат. Мезгил өткөн сайын жакшы дарылоо үчүн тийиштүү билим менен тажрыйба керектелери байкалды. Ассирияда, Вавилондо, Египетте, ошондой эле Кытай менен Индияда табыптар дарылоонун улам жаңы жолдорун табышкан.

Ал эми жазуу пайда болгондо дарыгерликтин баа жеткис мындай ачылыштарын кийинки муундарга калтырууга шарт түзүлгөн.

Божомолдо XVII кылымдан баштап, медицина тез өсө баштады. Ал эми азыркы учурда медициналык адистердин даярдоо деңгээли жогору көтөрүлүп, саламаттыкты сактоо системасы жакшы жолго коюлган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор.**

1. Кандай деп ойлойсуңар, кайсы кесипке ээ болуу оңой?
2. Кайсы кесипте жоопкерчилик көбүрөөк?
3. Ар бир адам дарыгер боло алабы?
4. Эки кесипке тең ээ болуш үчүн адамдар эмне кылыш керек?
5. Кайсы кесиптерди ардактуу деп ойлойсуңар? Эмне үчүн?

## Грамматика боюнча тапшырмалар

### БАРЫШ ЖӨНДӨМӨ

Эсиңерге сактагыла! Кыймыл-аракеттин, бир нерсенин кимге, эмнеге багытталгандыгын жана алардын ордун белгилөөчү -га мүчөсү аркылуу жасалган сөздөр барыш жөндөмө деп аталат.

Барыш жөндөмөсүнүн негизги мүчөсү -га, ал 16 түрдүү вариантта өзгөрөт.

Барыш жөндөмөсүндө турган сөздөр негизинен кимге? эмнеге? каякка? кайда? деген суроолорго жооп берет.

**Тапшырма 1.1.** «Даймонд» стратегиясы методу боюнча иштөө. Төмөнкү берилген шарт боюнча барыш жөндөмө мүчөлөрдүн варианттарын аныктагыла.

Ү л г ү : **Шарты:** **Мисалдар:**

1) Үндүү тыбыштардан кийин:
2) Уяң, жумшак үнсүздөрдөн кийин:
3) Каткалаң үнсүздөрдөн кийин:
4) I, II жак таандык уландылардан кийин:
5) III жак таандык уландылардан кийин:

**Тапшырма 1.2.** Тексттеги барыш жөндөмөдөгү сөздөрдүн милдетин кайсы сүйлөм мүчөсү аткарып жаткандыгын аныктагыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.3.** Өзбекстандагы белгилүү дарыгерлер жөнүндө маалыматты таап, Power Point программасы боюнча презентация даярдагыла.

**План:**

– аты-жөнү, медицинага канча жашынан баштап кызыга баштаган?
– ал дарыгер болуш үчүн кайда окуган жана аны кимдер окуткан?
– ал кайда иштеген же иштеп жатат, канча адамды айыктырган?
– медицинада кандай ачылыштарды жасаган?

**Презентациянын баалоо критерийлери:**

– белгилүү дарыгер жөнүндө маалымат так жана толук берилген;
– маалыматтар фотосүрөттөр менен коштолгон;
– слайддардын саны 10 же 12 ден ашпаган.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Эмгекке олуттуу мамиле кылып, дайыма эмгектенген адам, иштин көзүн билип калат, акылы толот».

*Я.А. Коменский.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Текст менен иштөө

# ДЫЙКАН ЭЛДИ БАГАТ

## Дыйканчылык

Дыйканчылык өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн базасы болуу менен бирге калкты азык-түлүк, малды тоют, өнөр жайды чийки зат менен камсыз кылат. Дыйканчылыкта топуракты иштетүүнүн негизги ыкмалары: техниканын жардамы менен жерди айдоо, жумшартуу жана башка, жер семирткич чачуу, которуштуруп эгүү, сугаруу, мелиорациялоо (мисалы топуракты шорсуздандыруу) жана башкалар болуп саналат.

## Интенсивдүү бактар

Интенсивдүү бактар – уникалдуу технология, анда 1 гектар аянтка 2 миңге чейин дарак отургузулат. Интенсивдүү бактын түшүмдүүлүгү гектарына 50 тоннаны, айрым учурларда 90 тоннаны түзөт. Дарактар отургузгандан кийин экинчи жылы түшүм бере баштайт.

Интенсивдүү бак – алма бактарынын, бекем мөмө дубалы пайда болгон тыгыз бак. Эргежээлдин сорттору канчалык жакшы болсо, отургузуу ошончолук тыгыз болсо, мөмө берүү ошон-





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чолук тез башталат жана киреше башталат. Дарактардын катар аралыгында тракторлор менен чачыраткылар үчүн 1,5 – 4 метр аралык калтырылган.

Интенсивдүү бактар дарактардын тыгыздыгын көрсөтөт. Көчөттөрдү отургузуу планы дарактардын катарларынын ортосундагы керектүү аралыкты так билүү үчүн бакты кайсы тракторлор иштетери белгилүү болгондо түзүлөт. Техниканын жардамы менен отоо чөптөр менен күрөшүшөт, дарылар чачышат.



**Күнөскана**

Күнөскана – жашылча, цитрустук мөмөлөр жана гүл көчөттөрүн тышкы климаттын оор шарттарынан калкалоочу жабдык. Өсүмдүктөрдүн эрте, кеч жана убагында өстүрүлүүчү түрлөрүнө арналып, аларды коргоо максатында айнек шишелери, желим тасмалар жана күндүн жарык нурун өткөзүүчү каражатар колдонулат.

Негизинен күнөскана эрте жазда даярдалып жасалат. Максаты жашылча, бакча көчөттөрдү эрте өстүрүп, эрте түшүм алуу. Күнөсканаты эки багытта пайдаланылат. Жашылча көчөттөр: помидор, таттуу калемпир, капуста үрөндөрү күнөсканадагы жерге туз себилип көчөттөр өстүрүлөт. Ал эми бакчалык көчөттөр; бадыраң, дарбыз, ашкабак күнөсканада атайын кулектор, стаканчиктер аркылуу өстүрүлөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

?! **Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор.**

1. Текстте эмне жөнүндө маалыматтар берилди?
2. Дыйканчылык калкты эмне менен камсыздайт?
3. Күндөлүк турмушта дыйканчылыктын зарылчылыгы эмнеде?
4. Текстте дыйканчылыкты өнүктүрүү жолдору боюнча кандай маалыматтар берилген?
5. Интенсив бак жаратууну уникалдуу технология деп атай алабызбы?
6. Интенсивдүү бактын кандай артыкчылыктары бар?
7. Бул бактарда дарактарды кандайча отургузуу жана аларды көгөртүү иштери жөнүндө эмнелерди үйрөнө алдыңар?
8. Дыйканчылыкты өнүктүрүүнүн дагы бир жолу күнөсканалар жөнүндө текстте кандай маалыматтар берилген?
9. Күнөсканалардан дыйкандар эмне максатта пайдаланышат?
10. Күнөсканада кандай өсүмдүктөрдү өстүрүүгө болот жана анын кандай артыкчылыктары бар?

## Грамматика боюнча тапшырмалар

### ТАБЫШ ЖӨНДӨМӨ

Эсиңерге сактагыла! Кыймыл-аракет тикеден-тике, түздөн-түз багытталган затты билдирүүчү жөндөмө табыш жөндөмө деп аталат.

Табыш жөндөмөсүнүн негизги мүчөсү -ны анын 13 варианты бар.

Табыш жөндөмө кимди? эмнени? каерди? (кайсы жерди?) деген суроолорго жооп берет.

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп чыгып, табыш жөндөмөдөгү сөздөрдү таап, табыш жөндөмө мүчөнүн варианттарын төмөнкү шарттар боюнча кутучаларга жайлаштыргыла.

1) Биринчи кутучага: үндүү тыбыштардан кийин:
2) Экинчи кутучага: уяң, жумшак үнсүздөрдөн кийин:
3) Үчүнчү кутучага: каткалаң үнсүздөрдөн кийин:
4) Төртүнчү кутучага: I, II жак таандык уландылардан кийин:
5) Бешинчи кутучага: III жак таандык уландылардан кийин:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1) 2) 3) 4) 5)



**Тапшырма 1.2.** Тексттеги аныкталган табыш жөндөмөдөгү сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, алардын синтаксистик кызматын аныктагыла.

Үлгү: Дыйканчылык өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн базасы болуу менен бирге калкты азык-түлүк, малды тоют, өнөр жайды чийки зат менен камсыз кылат. (Толуктоочтук милдетти аткарды).

**Тапшырма 1.3.** Текстти кайрадан кунт менен окуп, табыш жөндөмөнүн мүчөсү түшүрүлүп калган сөздөрдү аныктап, аларды көчүрүп жазгыла жана эмне себептен бул мүчө түшүп калгандыгын түшүндүрүп бергиле.

Үлгү: өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн (өсүмдүктү өстүрүүчүлүктүн)

## ЖАТЫШ ЖӨНДӨМӨ

Эсиңерге сактагыла! Кыймыл-аракеттин кайда? качан? кайсы мезгилде? болорун, заттын кимде, эмнеде экендигин билдирген жөндөмө мүчө жатыш жөндөмө деп аталат.

Жатыш жөндөмөсүнүн негизги мүчөсү -да. Анын 12 варианты бар.

**Тапшырма 1.4.** «Даймонд» стратегиясы методу боюнча иштөө. Төмөнкү берилген шарт боюнча жатыш жөндөмө мүчөнүн варианттарын аныктагыла.

Үлгү: **Шарты:** **Мисалдар:**

1) Үндүү тыбыштардан кийин:
2) уяң, жумшак үнсүздөрдөн кийин:
3) каткалаң үнсүздөрдөн кийин:
4) I, II жак таандык уландылардан кийин:
5) III жак таандык уландылардан кийин:

**1.5. Өз алдынча иштөө.** Тексттен жатыш жөндөмөдөгү сөздөрдү көчүрүп жазып, алардын кандай суроого жооп беришин аныктагыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Топтор менен иштөө

Окуучулар эки топко бөлүнүп, биринчи топтун окуучулары биринчи, экинчи текстти, экинчи топтун окуучулары үчүнчү тексттеги жатыш жөндөмөлөрдөгү сөздөрдүн кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткаргандыгын аныктагыла.Сүйлөм мүчөлөрү боюнча өтүлгөндөрдү эске алгыла.

## ЧЫГЫШ ЖӨНДӨМӨ

Эсиңерге сактагыла! Кыймыл-аракеттин, заттын кимден, эмнеден, кайдан башталышын, анын чыгыш тегин, эмнеден экендигин көрсөтүүчү мүчө чыгыш жөндөмө деп аталат. Ал кимден? эмнеден? кайдан? кайсы жактан? качантан? кайсы мезгилден? деген суроолорго жооп берет.

Чыгыш жөндөмөнүн негизги мүчөсү *-дан*. Анын 12 варианты бар.

**Тапшырма 1.6.** «Даймонд» стратегиясы методу боюнча иштөө. Төмөнкү берилген шарт боюнча чыгыш жөндөмө мүчөлөрдүн варианттарын аныктагыла.

Үлгү: **Шарты:** **Мисалдар:**

1) Үндүү тыбыштардан кийин:
2) Уяң, жумшак үнсүздөрдөн кийин:
3) Каткалаң үнсүздөрдөн кийин:
4) I, II жак таандык уландылардан кийин:
5) III жак таандык уландылардан кийин:

**Тапшырма 1.7. Өз алдынча иштөө**. Тексттеги чыгыш жөндөмөсү уланган сөздөрдү гана көчүрүп жазгыла. Ал сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн өзгөргөн себебин түшүндүргүлө. Эрежесин айтып бергиле.

### Топтор менен иштөө

Төмөнкү берилген таблица боюнча тексттен жатыш жөндөмөдөгү сөздөрдүн синтаксистик кызматын аныктагыла.

| Жатыш жөндөмөдөгү сөз | Кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарды? |
|---|---|
| | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.8. «Сөз жарыш» оюну.** Класстагы окуучулар майда топторго бөлүнөт да, дыйканчылык боюнча бир канча сөздөрдү тандап жазышат. Жеңүүчү топ жазылган санына жараша болот.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| (жашыл) | (сары) | (кызыл) |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Үмүтсүздүк – моюнга илинген, адамды муундурган илмек сыяктуу».

*Курманжан датка.*

**Текст менен иштөө**

## КОМПЬЮТЕРДИК ГРАФИКА

Компьютердик графика – XX кылымдын акыркы чейрегинде кеңири тараган электрондук графикалык техника, сүрөтөлүштөр компьютердин пультунда түзүлөт, алар динамикада, статикада жана экранда терилип жаткан учурунда көрсөтүлүп турат, ошондой эле принтерден кайра даяр түрдө басылып чыгат. Компьютердик графиканын артыкчылыгына жасалып жаткан нерсени дайыма көрүп, чакан оңдоп туруу мүмкүнчүлүгү кирет.Анда сүрөттөлүштөр элементтерден терүү ыкмасы боюнча же жаңы көркөм сүрөт формалары менен саймаларын, алмашып туруучу раппорту бар орнаменттерди түзүү менен аткарылат.Түстүү графикада компьютер түстөрдү бөлүштүрө алат.

Компьютердик графика компьютерлер атайын программалык камсыздоо менен бирге сүрөттөрдү түзүү жана түзөтүү




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

үчүн, ошондой эле аны андан ары иштеп чыгуу жана сактоо максатында реалдуу дүйнөдөн алынган визуалдык маалыматты санариптөө үчүн курал катары колдонулган иш-аракет чөйрөсү.

?! **Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор.**

1. Компьютер графикасы дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
2. Компьютердик графиканын адамдарга кандай пайдасы бар?
3. Компьютердик графика адамдарды эмнелерден ажыратып койду?
4. Компьютердик графиканы дагы кайсы тармактарда пайдалануу мүмкүн? Мисалдар менен түшүндүргүлө.
5. Анимация дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
6. Анимацияны мультфильмден башка жана эмнелерде көрөбүз?
7. Эмне үчүн компьютердик тармак дарамаддуу тармак деп эсептелинет?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Грамматика боюнча тапшырмалар

Эсиңерге сактагыла! Аягы үндүүлөр менен бүткөн зат атоочтор жөндөлгөндө жөндөмө мүчөлөрдүн башкы тыбыштары толук сакталат, сөздөгү жоон, ичке үндүүлөргө карай жөндөмөнүн үндүүлөрү кээде өзгөрсө, кээде өзгөрбөйт.

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп чыгып, жөндөмө мүчөлөр уланган сөздөрдү аныктап, алардан аягы үндүүлөр менен бүткөн сөздөрдү ажыратып көчүрүп жазгыла жана мындагы өзгөчөлүктөрдү айтып бергиле.

Эсиңерге сактагыла! Аягы жумшак үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтор жөндөлгөндө айрым жөндөмө мүчөлөрдүн (илик, табыш) башкы үнсүз тыбыштары гана жумшарып, калган жөндөмөлөрдө тыбыштык түзүлүшүн толук сактап, кээде үндүүлөрү өзгөрөт.

Аягы каткалаң үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтор жөндөлгөндө жөндөмө мүчөлөрдүн башкы тыбыштары каткалаң үнсүздөргө өтөт.

### Топтор менен иштөө

Текстти окуп, биринчи топтун окуучулары тексттен аягы жумшак үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтордун кайсы жөндөмөдө экендигин, экинчи топтун окуучулары аягы каткалаң үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтордун кайсы жөндөмөдө экендигин аныктап, алардын жөндөлүш өзгөчөлүгүн түшүндүрүп беришет.

**1.2. Өз алдынча иштөө.** Төмөнкү берилген таблицаларга тексттен тиешелүү сөздөрдү таап, аларды алты жөндөмө боюнча жөндөгүлө жана алардын жөндөлүшүндөгү өзгөчөлөлүктөрдү түшүндүргүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| Аягы үндүүлөр менен бүткөн сөздөр | Жумшак үнсүздөр менен бүткөн сөздөр | Каткалаң үнсүздөр менен бүткөн сөздөр |
|---|---|---|
| | | |

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Коркок дос душмандан коркунучтуу, анткени душманыңа сак болосуң, досуңдан үмүттөнөсүң».

*Л.Н. Толстой.*

**Текст менен иштөө**

## ЖУРНАЛИСТ КЕСИБИ

Бул кесипте тил билүү абдан маанилүү. Демек, кыргыз тил, орус тил жана чет тил сабактарына көңүл буруп, аларды мыкты өздөштүрүүгө аракет кылуу керек. Андан тышкары журналисттин дүйнө таанымы кең болушу керек. Ал үчүн кыргыз, орус тил адабияттары, тарых, география сабактары керек.

Эгер математика же башка так илимдерге жакын болсоңор анда келечекте экономиканы чагылдырган же окуяларга анализ жүргүзгөн журналист боло аласыңар.

Журналистикада кандай багыттар бар?

Мурда журналистика так үч багытка бөлүнчү телевидение, радио жана басма сөз. Азыркы тапта конвергенттик журналистика деген түшүнүк пайда болду. Конвергенттик латын тилинен алганда «жакындатуу» деп которулат. Бул бардык багыттардын айкалышуусу, интеграция болушу, бири-бирине жуурулушуп, арала-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







шуусу. Бир эле маалыматты түрдүү каналдар аркылуу, түрдүү ыкмалар менен таратуу болуп саналат.

Мисалы, бир эле окуяны текст түрүндө жазып, аны аудио кылып жаздырып, радио аркылуу жеткирүү кайра видеого тартып, телевидениеге чыгаруу. Мурда өзүнчө болуп турган нерселер, азыркы тапта бир бүтүнгө айланып келе жатат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ошондуктан азыр так багыттарга бөлүү жок. Журналист универсал, бир нече жолдор менен маалыматты тарата билген адам болууга тийиш. Бул жерде башкы талап, адамдар жана маалымат менен иштөө, ошол маалыматты коомчулукка жеткирүүгө кызыктар болуп саналат.

?! **Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор.**

1. Текстти окуп, мазмунун түшүндүрүп бергиле.
2. Текстте негизинен эмне жөнүндө баяндалды, ага тема койгула.
3. Журналист болуу үчүн кандай тилдерди билүү зарыл?
4. Азыркы кезде журналистиканын кайсы багыттары өнүккөн деп ойлойсуңар?
5. Конвергенттик журналистика деген эмне?
6. Журналист кандай сапаттарга жана кандай жөндөмдүүлүккө ээ болуу керек?

## Грамматика боюнча тапшырмалар

Орус тилинен же ал аркылуу башка тилдерден кабыл алынып, аягы *-ск, -нк, -фть, -кт, -нг, -нд, -мн* тыбыштары менен бүткөн сөздөр жөндөлгөндө уңгу менен мүчөнүн ортосуна бир үндүү *(ы, и, у, ү, а)* тыбыш кошулуп айтылат жана жазылат.

**Тапшырма 1.1.** Төмөнкү сөздөрдү жөндөгүлө. Аягы *-ск, -нк, -фть, -нг, -нд, -мн* тыбыштары менен бүткөн сөздөрдүн кандай жөндөлүш өзгөчөлүгү бар экенин, зат атоочтордун жөндөлүшүн айтып бергиле.

Минск, фонд, Пржевальск, митинг, факт,

**Тапшырма 1.2.** Төмөнкү берилген нк, мн тыбыштары менен аяктаган сөздөрдү жөндөп, алардын жөндөлүшүндө эмне үчүн үндүү тыбыштар кошулбай жөндөлүү себебин түшүндүргүлө.

Банк, цинк, гимн, танк

**Тапшырма 1.3.** Төмөнкү сөздөрдү жазып жөндөгүлө. Мурунку жөндөлүшү менен азыркы жөндөлүшүнүн кандай айырмачылыгы бар экенин түшүндүргүлө.

Танкасы, фондусу, нефтиси



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.4.** Аягы *-ск, -нк, -фть, -кт, -нг, -нд, -мн* менен бүткөн сөздөрдү катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Эгерде жөндөмөдө турса, кандай өзгөчөлүктөргө ээ экенин түшүндүргүлө. Зат атоочтун жөндөлүш типтерин айтып бергиле.

Эсиңерге сактагыла! Биринчи жана экинчи жактын таандык мүчөлөрү уланып турган зат атоочтор илик жөндөмөсүндө *-дын*, барыш жөндөмөсүндө *-а*, табыш жөндөмөсүндө *-ды*, чыгыш жөндөмөсүндө *-дан* болуп жөндөлөт..

**Тапшырма 1.5.** Текстти окуп чыгып, таандык мүчөлөр уланып турган зат атоочторду тапкыла. Алардын кайсы жөндөмөдө турганын, кандай өзгөчөлүктөргө ээ экенин түшүндүргүлө.

**Тапшырма 1.6.** Төмөнкү таандык мүчө уланган сөздөрдү жөндөгүлө. Жөндөмө мүчөлөрдү тапкыла. Эмне үчүн ушундай жөндөлөрүн аныктагыла.

*Терезең, көчөсү, байкеси,партасы, неберем, гүлүң.*

**Топтор менен иштөө**

Төмөнкү зат атоочторго I, II, III жактын таандык мүчөлөрүн жана жалпы таандык мүчөнү (-ныкы) улагыла. «Ким биринчи» оюнун түзүп, «Менин үйүм» методун колдонгула. Бул сөздөрдү жөндөмө мүчөлөр боюнча жөндөп, өзгөчөлүгүн түшүндүргүлө. Жөндөмө мүчөлөрдө кандай өзгөчөлүктөр бар экенин аныктагыла. Таандык мүчө уланбай турган зат атоочтор менен таандык мүчөлөр уланып турган зат атоочтордун жөндөлүшүн айтып бергиле.

Бак, талаа, көйнөк, өлкө, уста, шакирт, баа, гүлдесте.

Эсиңерге сактагыла! Жак мүчөлөр негизинен этишке гана таандык. Зат атоочтор жакталбайт, жак мүчөлөр менен да өзгөрбөйт. Бирок адамзаттык зат атоочтор баяндоочтук милдет аткарганда гана жак мүчөлөрдү кабыл алат.

Демек, зат атоочтун баяндоочтук милдет аткаргандагы жак мүчөлөр менен өзгөрүшү зат атоочтун жакталышы деп аталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.7.** Төмөнкү сөздөрдү жогорку таблицадагы көрсөтүлгөн жак мүчөлөр менен жекелик, көптүк санда жактагыла. Жак мүчөлөрдүн өзгөрүшүн байкагыла. Жак мүчөлөрдү жатка үйрөнгүлө. Эмне үчүн бардык зат атоочтор жакталбай турганын түшүндүргүлө.

Мугалим, окуучу, тигүүчү, куруучу, багбан, учкуч, бала, мектеп, журнал, кийим.

**Тапшырма 1.8.** Төмөнкү сөздөрдү жактагыла. Анын жекелик же көптүк санда айтылганын далилдегиле. Жак мүчөлөрдүн кантип өзгөргөнүн айтып бергиле.

Окуучу, студент, коммерсант, депутат.

**Тапшырма 1.9.** Көчүрүп жазып, жак мүчөлөрүн тапкыла. Кайсы жакта (I, II), кайсы санда (жекелик, көптүк) айтылып жатканын көрсөткүлө.

1. Кийинки жылдары жумушчумун, заводдо иштейм. 2. Окуучумун, өз милдетимди так аткарам. 3. Силер жашсыңар, ошон үчүн көптү билишиңер керек. 4. Биз алдыңкы жаштарданбыз, ошон үчүн сыймыктанабыз. 5. Азыркы бейпил заманда күнүбүз да, асманыбыз да ачык.

**Тапшырма 1.10.** Тексттеги берилген зат атоочторду аныктап, аларга морфологиялык талдоо жүргүзгүлө жана зат атоочтун морфологиялык жана синтаксистик белгилерин айтып бергиле.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Достук – бул чын ыкластуулук, жаңылыштыгын сындоо. Адам жаңылыштыгын ондош үчүн эң оболу достору катуу сынга алыш керек».

*Н. Островский.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# V БӨЛҮМ. ЖАШ ЭКОНОМИСТ




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Текст менен иштөө

Товарлардын тышкы базарга, чет өлкөгө чыгарылышы экспорт деп аталат. Тескерисинче, чет өлкөдөн керектүү продукцияларды, товарларды алып келүү импорт деп аталат.

Өзбекстанда өндүрүлгөн продукцияга болгон талап чет өлкөдө күчтүү болсо, аны мамлекеттик керектөөдөн көп өндүрүү максатка ылайык. Тескерисинче, өзүбүздөгүгө караганда чет өлкөдөн алып келүү арзан турган товарларды сатып алган оң.

Өзбекстан машина, химиялык продукция, кара жана түстүү металл, электр энергия, газ, пахта буласы, азык-түлүк, пилла, каракөл (көрпө) сыяктуу продукцияларды экспорт кылуучу мамлекеттерден эсептелет. Өз кезегинде, Өзбекстан өзүндө жетишпеген азык-түлүк жана өнөр жай товарларын, ошондой эле эл керектөөчү буюмдарды импорт кылат.

Өзбекстан эл аралык экономикалык шериктештикке жакшы киришкен. Бүгүнкү күндө 140 дан ашуун мамлекет менен соода мамилелерин орноткон. Айныкса, дүйнөдө жетекчи болгон Германия, АКШ, Улуу Британия, Япония, Франция, Италия, Корея Республикасы, Туркия, Кытай сыяктуу мамлекеттер менен шериктештиги тез өнүгүүдө. Өзбекстанга экспорт жана импорт кылынып жаткан продукциянын эң көбү Кытайга туура келет.

Мамлекет тышкы соода саясатынын негизин улуттук экономиканын теңтайлаша алуу жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, өлкөнүн экспорт мүмкүнчүлүгүн кеңитүү жана анын курамын байытуу түзөт. Акыркы жылдарда экспорттун курамында чоң өзгөрүштөр болуп жатат. Алсак, чийки зат продукцияларынын экспорту азайып, жогорку сапаттуу даяр продукциялар экспортунун салмагы көбөйүүдө.

?! **Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор.**

1. Импортко караганда экспорттун көптүгү кандай ыңгайлуулуктарды түзөт?
2. Импорттун эң көп бөлүгүн кандай продукциялар кирет?
3. Тышкы экономикалык байланыштар эмнелерге көз каранды?
4. Мамлекет тышкы соода саясатынын негизин эмнелер түзөт?
5. Бүгүнкү күндөгү Өзбекстан мамлекетинин соода иштери кандай өнүгүүдө?

## Грамматика боюнча тапшырмалар



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## СЫН АТООЧ САПАТТЫК ЖАНА КАТЫШТЫК СЫН АТООЧТОР

Эсиңерге сактагыла! Сын атоочтор заттардын ар түрдүү белгилерин жана башка зат менен болгон байланышын билдиришине карай сапаттык жана катыштык сын болуп экиге бөлүнөт.

Заттын сын-сыпатын, өңү-түсүн, сапатын, белгисин, формасын, мүнөзүн ж.б. түздөн-түз көрсөткөн сын атоочтор сапаттык сын атоочтор деп аталат.

Башка бир зат менен болгон байланышына, кандайдыр бир катышына карай заттын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүчү сын атоочтор катыштык сын деп аталат.

Катыштык сын атоочтор көбүнчө өзү аныктап турган сөзү менен бирге айтылат жана сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен түзүлөт.

**Тапшырма 1.1.** Жогорудагы текстти окуп чыгып, сапаттык жана катыштык сын атоочторду тапкыла. Алардын эрежесин түшүндүргүлө. Эмне үчүн сапаттык, катыштык сын экенин далилдегиле.

**Тапшырма 1.2.** Тексттен сапаттык сын атоочторду аныктап, төмөнкү таблица боюнча бөлүштүрүп жазгыла.

| Уңгу (тубаса) сын атоочтор) | Даражалары боюнча өзгөргөн сын атоочтор | Антонимдик маанидеги кош сын атоочтор |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |

**Тапшырма 1.3.** Берилген сөздөргө тиешелүү туура келүүчү ар кандай сапаттык жана катыштык сын атоочторду коюп жазгыла. Бул тапшырманы кластер методунда аткаргыла.

...алма,.. китеп, ...окуучу, ...мектеп, ...бөлмө, ...саат, ...машина, ...интернет, ...бала, ... карыя, ..тоо, ...гүл, ...бак, ..жоолук, ...лүкөн, ...килем, ...жайлоо



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Топтор менен иштөө

Төмөнкү берилген сөздөр боюнча ар бир сөзгө тиешелүү сапаттык жана катыштык сын атоочторду аныктап жазгыла.







**1.4. Өз алдынча иштөө.** Төмөнкү берилген сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен катыштык сын атоочторду жасагыла.

| Мүчөлөр | Катыштык сын атоочтор |
|---|---|
| - луу | |
| - дай | |
| - лык | |
| - гы | |
| - лаш | |
| - чыл | |
| - чан | |

**Тапшырма 1.5.** Берилген катыштык сын атоочтор сөздөргө тиешелүү туура келүүчү ар кандай зат атооч сөздөрдү коюп жазгыла, аларга сүйлөм түзгүлө.

Балалуу..., тартипсиз..., тоодой..., алдуу-күчтүү ..., ак жүздүү..., жаанчыл..., тончон..., кара тору..., кызыл ала..., адепсиз...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эсиңерге сактагыла! Сапаттык сын атооч аркылуу аныкталуучу заттагы (кыймыл-аракеттеги) белгилердин ар түрдүү даражада (жай, салыштырма, күчөтмө, басаңдатма) экендигин көрсөткөн сын атоочтор сын атоочтун даражалары деп аталат.

Кыргыз тилинде сын атоочтун төрт даражасы бар.

## Топтор менен иштөө

Төмөнкү берилген боз үйлөргө сын атоочтун даражаларын жазып, аларга сүйлөм түзгүлө. 1-топтун окуучулары жай сын атоочторду, --топтун окуучулары салыштырма сын атоочторду, 3-топтун окуучулары күчөтмө сын атоочту жазып, алардын эрежелерин айтып бергиле.

1)



2)



3)



**Тапшырма 1.6.** Берилген сын атоочторго -ыраак (раак) мүчөсүн улап, сын атоочтун салыштырма даражасын уюштургула жана салыштырма даражанын кандай жолдор менен жасалгандыгын айтып бергиле.

Тартиптүү..., оор.., жылуу..., түз..., суук..., толук..., таза..., бийик...., жука...., көк..., кызык..., кызыксыз.., терең..., тынч..., жаш...., жеңил..., кенен....

**Тапшырма 1.7.** Берилген сын атоочтордон салыштырма жана күчөтмө даража жасагыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| Жай сын | Салыштырма сын | Күчөтмө сын |
|---|---|---|
| Чоң | Чоңураак, караганда чоң | Абдан чоң |
| | | |
| | | |
| | | |

Терең, жалкоо, ичке, тынч, тайыз, кең, кызык, жөнөкөй, тартиптүү, күчтүү, алсыз, таттуу, жаш, узун, суук, ачуу, кыска, ийри, белгилүү, акылдуу.

**Тапшырма 1.8.** Текстти окуп чыгып, күчөтмө сын атоочторду таап, бул сын атооч сөздөр заттын сын-сыпаттын кандай деңгээлде көрсөтүп жаткандыгын далилдегиле.

Өтө каардуу бороон улуп-уңшуп турду. Бет алдынан чаба жааган кардан кадам жер көрүнбөй, аябагандай бурганактуу ак куюн жаш карды жулмалай көтөрүп, басмачылардын бетине уюлгута уруп турду.

Ач карышкырлардай басмачылар чубашып эң бийик капчыгайды карай өрдөштү. Капчыгай ичинде булар сестене илбирстей өтө сак, түлкүдөй аябай амалдуу.

Эсиңерге сактагыла! Сын атоочтор заттык мааниге өтүп айтыла берет. Мындай учурда сын атооч менен бирге айтылган аныктагыч зат түшүп калат да, сын атооч заттык мааниге өтөт. Аныктагычка уланган мүчө сын атоочко уланат.

**Тапшырма 1.9.** Төмөнкү таблицаны кунт коюп окуп чыгып, сын атоочтун заттык мааниде колдонулушун аныктагыла. Сын атооч качан заттык мааниге өтөрүн далилдегиле. Өзүңөр эреже чыгаргыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| **Сын атоочтук мааниде** | **Заттык мааниде** |
|---|---|
| *1. Жакшы кишиге (к и м г е?)* | *1. Жакшыга (к и м г е?)* |
| *айтсаң билет,* | *айтсаң, билет,* |
| *к а н д а й?* | *жаманга (к и м г е?)* |
| *жаман кишиге (к и м г е ?)* | *айтсаң, күлөт.* |
| *айтсаң күлөт.* | *(Жакшыга, жаманга – толуктооч)* |
| *2. Жакшы киши (к и м?)* | *2. Жакшы (к и м?) эл* |
| *эл камын ойлойт,* | *камын ойлойт, жаман* |
| *к а н д а й?* | *(к и м?) өз камын ойлойт.* |
| *жаман киши (к и м?)* | *(Жакшы, жаман – ээ)* |
| *өз камын ойлойт.* | |

**Тапшырма 1.10.** Адегенде сүйлөмдөрдү окуп чыккыла, андан кийин заттык маанидеги сын атоочторду таап, аныкталгыч менен бирге көчүрүп жазгыла. Кайсы учурда сын атоочтун заттык мааниге өтөрүн түшүндүргүлө. Затташкан сын атоочтун уңгу, мүчөсүн ажыратып, кандай суроого жооп берерин аныктагыла. Накта сын атооч менен затташкан сын атоочтун айырмасын, синтаксистик кызматын айтып бергиле.

1. Көп ыйлаактын көзү жаман, көп сүйлөөктүн өзү жаман. 2. Жакшы менен жүрсөң, жетесиң муратка, жаман менен жүрсөң, каларсың уятка. 3. Жаш келсе – ишке, кары келсе – ашка. 4. Сактай десең өзүңдү, жамандан жум көзүңдү. 5. Улууну урматта, кичүүнү ызатта. Акылдуу алдыга сүрөйт,акмак артка сүйрөйт. 6. Араңардан, кымбаттуу балдар, илимпоздор да, өнөрпоздор да чыгат. 7. Акылдуунун сөзү кыска, айта салса – нуска.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эсиңерге сактагыла! Сын атоочтор эки түрдүү жол менен жасалат. Бири – **морфологиялык** жол, экинчиси – **синтаксистик** жол.

Морфологиялык составына карай сын атоочтор **тубаса** жана **туунду** сын болуп, экиге бөлүнөт.

**Тапшырма 1.11.** Текстти окуп чыгып , сын атоочтордун морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалган сын атоочторду аныктап, аларды өз алдынча көчүрүп жазгыла.

## Топтор менен иштөө

Биринчи топтун окуучулары зат атоочтон, экинчи топтун окуучулары этиштен сын атоочторду жасап, аларга сүйлөмдөр түзгүлө.

-луу; -чыл;
-дай; -гы-луу;
-чыл; -дай;
-гыч; -аак;
-ыш; -ма; -гак
-ч; -аак; -ыш;
-ма; -гак

-гыр,-гыч,
-калаң,-чаак,-
гак,-ма,-ааанак,
-ык,-ыш -гыс,
-ыңкы, -ынды,-
гыл, -ын,-арман

Эсиңерге сактагыла! Эки же андан ашык сөздөн туруп, заттын сын-сыпатын, белгисин билдирген сын атоочтор татаал сын атоочтор деп аталат. Татаал сын атоочтор сөздөрдүн айкалышып айтылышы аркылуу синтаксистик жол менен жасалат. Мындай сын атоочтор кош, кошмок сөз түрүндө болот.

**1.12. Өз алдынча иштөө.** Төмөнкү берилген таблица боюнча кош сын атоочторду бөлүштүрүп жазгыла жана эрежелерин айтып бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| Ар бир сөзү маани берүүчү кош сөздөр | Карама-каршы маанидеги кош сөздөр | Бир сөзү маани берип, экинчи сөзү маани бербеген кош сөздөр | Эки сөзү тең маани берген кош сөздөр |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

**Тапшырма 1.13.** Төмөнкү берилген үйлөргө кошмок сөз түрүндөгү сын атоочторду жайлаштырып, алардын жазылуу эрежесин түшүндүргүлө:

1) эки сөзү тең маани берүүчү кошмок сын атооч;
2) биринчи сөзү сын атоочтон, экинчи сөзү зат атоочтон түзүлгөн сын атооч;
3) эки сөзү тең зат атоочтордун айкалышынан түзүлгөн сын атооч.

1)



2)



3)



**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Достун милдетин аткаруу, достун аракетине кубануудан, ага суктануудан кыйын».

*Г. Лессинг.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


**Текст менен иштөө**

## САЛЫКТАРДЫ ТӨЛӨП БАРАСЫҢАРБЫ?

1. Милдеттүү төлөмдөрдүн кандай түрүн билесиңер?
2. Салык кодекси жөнүндө эмнелерди билесиңер?
3. Мамлекеттик жана жергиликтүү салыктар дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
4. Салыктардан түшкөн каражаттар кайсы тармактарга багытталат?

### Салык түрлөрү, мамлекетке салыктын пайдасы

Киреше салыгы мамлекеттик салык болуп, тике салыктар катарына кирет.Киреше салыгы жеке адамдардын жалпы жылдык кирешесинен алынат. Демек, жеке адамдардын жалпы жылдык кирешеси салык салуунун обьекти эсептелет. Белгилүү болгондой, ар бир адамдын жылдык кирешеси: эмгек акы,сыйлыктар, менчик ижарасынан алынган киреше, банккка коюлган аманаттан келген пайыздар, акциядан алынган двиденддер жана ишкердиктен алынган киреше сыяктуулардан турушу мүмкүн.




Ар кандай жеке адамдын белгилүү санда мүлкү болот. Мыйзам боюнча, мүлктөн салык төлөгөн жеке адам мүлк салыгын төлөөчү эсептелет. Жеке адамдын мүлкү болсо, салыктын обьекти болот.

Салык кодекси боюнча, мүлк салыгынын обьекттери төмөнкүлөрдөн турат: Өзбекстан республикасынын аймагында жайлашкан турак-жайлар, батирлер, дачалар, гараждар жана башка имараттар, жайлар жана курулуштар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

2014-жылы мамлекетибизде жеке адамдардан өндүрүлчү мүлк салыгынын ставкасы эсептелген мүлк наркынын 1,2 пайызы өлчөмүндө белгиленген.

Мамлекетибиздеги учурдагы салык мыйзамчылыгы негизинде жарандар жана ишканалар тарабынан төлөнө турган салык түрлөрүнө төмөнкүлөр кирет: пайда салыгы, киреше салыгы, акциз салыгы, мал-мүлк салыгы, жер салыгы, табигый ресурстардан пайдалангандык үчүн төлөнө турган салык жана башкалар.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Салыктарды киргизүүдөн максат эмне?
2. Салыктар жардамында калктын кирешелери кантип кайра бөлүштүрүлөт?
3. Ишканалардан кандай салыктар алынат? Жарандарданчы?
4. Салыктарды толук жана өз убагында төлөө шартпы?
5. Ар бир салык төлөөчү кирешеси таза болушу үчүн эң мурда эмне кылышы керек деп ойлойсуң?
6. Мамлекет салыктан топтолгон каржыларды кандай максаттарда бөлүштүрөт?

**Тапшырма 1.1.** Сүрөттөр менен иштөө. Төмөнкү берилген сүрөттөрдөгү жарандардын салык төлөөчү катарында кандай укуктары жана милдеттери бар?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Грамматика боюнча тапшырмалар

**Тапшырма 1.2.** Жогорудагы текстти окуп чыгып, сын атоочторду көчүрүп жазгыла, алардын синтаксистик милдетин айтып бергиле. Сын атооч көбүрөөк кайсы сүйлөмдүн мүчөсүнүн аткарышына көңүл бургула.

Эсиңерге сактагыла! Сын атоочтун жазылышы төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөргө ээ.

1. Зат атоочтон сын атооч жасоочу *-луу, -лүү, -аанак (-ааган), -чаак* мүчөлөрү созулуп айтылышынча жазылат.

Мисалы: балалуу, малдуу, тоолуу, үйлүү, уялчаак, тебээнек (тебээген), сүзөөнөк (сүзөөгөн), тырышчаак.

2. Аягы үндүүлөр менен бүткөн этиш сөздөргө *-ак* мүчөсү уланса, созулуп айтылышынча жазылат.

Мисалы, терде+ак=тердээк, сүйлө+ак=сүйлөөк, ойно+ак = ойноок.

**Тапшырма 1.3.** Тексттеги сын атоочторду аныктап, алардын жазылышы боюнча «Даймонд» стратегиясы менен иштөө.

Үлгү: **Шарты:** **Эрежеси:**
Кош сын атоочтор:
Кошмок сын атоочтор:
Күчөткүч бөлүкчөлөр менен айкалышып келген сын атоочтор:
Кыскартылып айтылган сын атоочтор:
Салыштырма сын атоочтор:

**Тапшырма 1.4.** Тексттеги сын атоочторго морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

1. Сын атоочту табуу, анын лексикалык маанисин, морфологиялык белгисин аныктоо.
2. Сын атоочтун сапаттык же катыштык экендигин аныктоо.
3. Сын атоочту түзүлүшүнө карай (жөнөкөй, татаал), жасалышына карай (туунду, тубаса) ажыратуу.
4. Сын атоочтун даражаларын табуу.
5. Сын атоочтун уңгу, мүчөсүн, мүчөнүн түрлөрүн аныктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

6. Сын атоочтун заттык мааниде колдонулушун түшүндүрүү.
7. Сын атоочтун жазылышын түшүндүрүү.
8. Синтаксистик кызматын аныктоо.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |



**«Сөз берметтери»**

«Мекеним дебеген адам, адамзаттын коомуна жат».

*В. Белинский.*

**Текст менен иштөө**

## КОММУНАЛДЫК ТӨЛӨМДӨР


*Коммуналдык төлөмдөр* – мамлекеттик жана муниципалдык турак жай фондунун үйлөрүндөгү турак жайларды жалдоочулардын жана турак жай ээлеринин адистештирилген уюмдардын коммуналдык кызматтары үчүн төлөмдөрү. Андай кызматтарга акысы борборлоштурулуп аныкталган баалар жана тарифтер боюнча төлөнүүчү электр, жылуулук, суу, газ менен камсыз кылуу кирет. Аны турак жай ээлери да, жалдоочулары да бирдей бааларда жана тарифте төлөшөт.

Бүгүнкү күндө ар бир адам аны өз убагында коммуналдык төлөмдөрдү төлөш керек деп билет. Анын үстүнө, ал мыкты аткаруу, суу, газ, жылуулук жана энергия менен камсыз кылуу компаниялардан көз каранды. Башка сөз менен айтканда, ал коммуналдык деп айтууга болот – жайларды жана калктын мурда колдонулган ресурстар жана кызмат көрсөтүүлөр боюнча ижарачылардын төлөмү болуп саналат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## СТРУКТУРАЛЫК БӨЛҮМДӨР

Азыркы учурда, төлөмдө бир нече жалпы нерсе бар. Бул түзүлүш, турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө (башка бардык бөлүштүрүү болуп саналат) коммуналдык кызмат. жеке, шаардык жана мамлекеттик каражаттарды, ошондой эле жогоруда аталган уюмдун менчигинин түрүнө жараша, жашоого бир нече түрүн аныкталганын белгилей кетүү керек. Ошентсе да, алардын ар бири өз убагында бардык зарыл ресурстар менен камсыз кылуу зарыл. Демек, көрсөтүлгөн кызматтар үчүн коммуналдык менчик жогоруда түрлөрүн бардык менчик ээлери төлөп берүүгө милдеттүү.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Текстте эмне деген ой төгүндөлдү?
2. Коммуналдык төлөмдөр дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
3. Коммуналдык төлөмдөрдү кандайча төлөө зарыл?
4. Коммуналдык кызматтардын кайсы биринен пайдаланасыңар жана аларды өз убагында кандай тарифте төлөп барасыңар?
5. Мамлекетибизде элдин жыргалчылыгы үчүн кандай ыңгайлуу шарттар түзүлгөндүгүн эмнелерден байкадыңар?
6. Коммуналдык төлөмдөрдүн структуралык бөлүмдөрү жөнүндө тексттен кандай маалыматтарды алдыңар**?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Грамматика боюнча тапшырмалар

Эсиңерге сактагыла! Заттын санын (кээде кыймыл-аракеттин) эсебин (беш китеп, жүз сом, миң киши, эки келди), иретин (биринчи, жетинчи), чамасын, болжолун (кырктай, элүүдөй, онго жакын, бештен ашуун), топ-тобун (беш-бештен, он-ондон) көрсөтүп, канча? нече? канчанчы? неченчи? канчоо? нечөө? канчалап? деген суроолорго жооп берген сөз түркүмү сан атооч деп аталат.

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп чыгып, сан атоочторду өз алдынча көчүрүп жазып, маанисин чечмелеп бергиле. Кээ бир сүйлөмдөргө сан атоочторду катыштырып, өз алдынча сүйлөм түзгүлө.

Ү л г ү : Биз электр тогу үчүн отуз миң сум төлөдүк.

**Тапшырма 1.2.** Окуп чыгып, сан атоочторду тапкыла. Аны түзүлүшү боюнча ажыраткыла. Кандай синтаксистик кызматты аткарып турганын далилдегиле. Суроолорун берип, сан атоочтор заттын, кыймыл-аракеттин эмнесин көрсөтүп турганын айтып бергиле.

1. Жети өлчөп, бир кес. 2. Баары бирөө үчүн, бирөө бардыгы үчүн күрөшүү керек. 3. Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт. 4. Ынсапсызга салдырсаң беш ууртайт. 5. Калп – көп, чындык – бирөө.

**Тапшырма 1.3.** Берилген текстти окуп, мазмунуна көңүл бургула. Жөнөкөй жана татаал сан атоочторду ажыратып жазгыла. Жөнөкөй сан атоочтун туунду же тубаса экендигин аныктагыла.

Өлкөбүздө жүргүзүлүп жаткан геологиялык чалгындоо натыйжасында көптөгөн газ-мунайзат кендери табылууда. Алсак 1992-жылы Наманган облусунда ири Миңбулак мунайзат кени ачылды. Мунайзатка болгон керектөөнүн тынымсыз жогорулап жатканын эсепке алып, Бухара облусунда жылына беш миллион тонна мунайзатты кайра иштеген комбинат курулду. Бул ишкана 1997-жылдан баштап продукция бере баштады. Учурда элүү түрдөн ашык мунайзат продуктулары өндүрүлүүдө. Учурда кайра иштөө ишканалары бир жылда он бир миллион тонна мунайзатты кайра иштөө кубаттуулугуна ээ.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сан атоочтор эки жол менен жасалат. Бири – морфологиялык жол, экинчиси – синтаксистик жол.

Морфологиялык жол. а) Сан атоочтор кээ бир мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат.

**Тапшырма 1.4.** Төмөнкү сан атоочтордун ар бирине *-ынчы (-нчы), -оо, -өө, -ча, -лап, -лаган, -дай* деген мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла. Мүчөлөрдүн астын сызгыла. Морфологиялык белгисин аныктагыла.

Бир, алты, жети, он, он эки,жыйырма, элүү, жүз, алтымыш.

Ү л г ү: Төрт, төртүнчү, төртөө, төрттөй.

**Тапшырма 1.5.** Сан атоочтун морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалышына оозеки мисалдар келтиргиле. Туунду жана тубаса сан атоочтор жөнүндө билгениңерди айтып бергиле. Төмөнкү сүйлөмдөрдөн сан атоочторду таап, кайсы жол менен жасалганын тапкыла.

1. Улуу Ата Мекендик согуш башталганда мен он беш-он алты жашта элем. 2. Эшигинин алдына ондой киши боз үй тигип жатышкан экен. 3. Он чактыдай азамат мени узатып чыгышты. 4. Жыйырма бешке отуз жыл, жашатып койсо эмине. 5. Сен экөөбүз кошулсак, түйүнүн ырдын чечебиз. 6. Алтымыш эки кишинин, маңдайда шору бар беле. 7. Жүздөгөн киши келсе да, сүрдөбөймүн эми мен.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| (жашыл) | (сары) | (кызыл) |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Мекенимдин быкшып турган түтүнү бал жыттанат».

*А. Грибоедов.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# VI БӨЛҮМ. ИЛИМ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАР




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Текст менен иштөө**

## ИНТЕРНЕТ ЖАНА ЭЛЕКТРОНДУК ПОЧТА

Интернет – бул компьютердик тармактарынын бүткүл дүйнөлүк системасы.Ушул система адамзаттын өз ара маалымат алмашуусу, экономикалык байланыштардын тездешүүсү, саясий жана социалдык жааттардагы жаңылыктардан кабардар болуу, мекемелер жана миллиондогон кишилердин ортосундагы маданий байланыштардын жеңилдешүүсү сыяктуу көптөгөн оң мүмкүнчүлүктөрдү жаратат.

Ошону менен бирге интернет системасынын түрдүү караөзгөйлүк максаттарда пайдаланууга аракеттенип жаткан бузгунчу кишилер, алар тарабынан ушул системага киритилип жаткан жалаалар, жалган кабар жана видео үзүндүлөр да көбөйүп жатат.

Электрондук почта бул компьютердик тармакка туташкан, бирок ар башка компьютерлерде жайгашкан колдонуучулардын ортосунда билдирүүлөрдү алмашууга мүмкүндүк берген кат тутуму. Бирок, кадимки почтадан айырмаланып, электрондук почта бир канча ылдам жана андагы каттардын көлөмүндө чек жок. Болгону кат жөнөтүлө турган адамдын дарегин билүү жетиштүү. электрондук почта алгач болуп, 1971-жылы Беранек энд Ньюман тарабынан ойлонуп табылган.

Азыркы дүйнөнү электрондук почтасыз элестетүү мүмкүн эмес. Жүз миллиондогон почта ящиктери жыл сайын триллиондогон кабарлар, күн сайын терабайттаган маалыматтар мунун баары электрондук почтанын иш аракети.

E-mail (электрондук почта) – бул тексттик кабарларды жана тиркелген файлдарды компьютердик тармак же интернет байланышы аркылуу берилүүчү программалык жабдылыш. Иш-аракети боюнча кадимки почтаны элестетет. Негизги өзгөчөлүгү мында маалымат дарек ээсине түздөн-түз эмес, серверде жайгашкан ортомчулук кылуучу кызматтар (электрондук почта кызматы) аркылуу келет. Каттар, файлдар, маалыматтар, ящикте аны ачып карамайынча тура берет. Электрондук почта бир же бир нече адам менен маалымат алмашуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Интернет пайдалануучуларга кызматтын кандай түрлөрүн сунуштайт?
2. Сайттын дареги кандай бөлүктөрдөн турат?
3. Веб-сайт дереги кандай сакталат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

4. Электрондук почта деген эмне?
5. Электрондук почта ачуу үчүн кандай маалыматтар зарыл болот?
6. Бир пайдалануучу бир нече электрондук почта кутусун ачуу мүмкүнбү?
7. Электрондук почтадан пайдаланууда кандай коопсуздук эрежелерине баш ийүү керек?

**Тапшырма 1.1.** Төмөнкү таблицаны келтирилген салттык жана электрондук почта жөнүндөгү маалыматтар менен толтур.

| Суроолор | Салттык почта | Электрондук почта |
|---|---|---|
| Маалымат аны кабыл алуучуга канча убакытта жетип барат? | | |
| Маалыматты кайсы убакытта жөнөтүүгө болот? | | |
| Маалымат кантип жиберилет? | | |

## Грамматика боюнча тапшырмалар

**Тапшырма 1.2.** Текстти окуп чыгып, сан атоочторду аныктагыла. Мааниси боюнча кайсы сан атооч экенин ажыраткыла. Кандай суроого жооп берип турганын айтып бергиле. Бул тапшырманы аткарууда ар бир сан атоочтун түрлөрүн төмөнкүдөй берилген таблица боюнча иштегиле. (Текстте чыкпаган сан атоочторго өзүңөр күндөлүк турмуштан алып мисалдар келтиргиле).

| Эсептик сан-атооч | Иреттик сан атооч | Жамдама сан атооч | Топ сан атооч | Чамалама сан атооч | Бөлчөк сан атооч |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эсиңерге сактагыла! Заттын (кээде кыймыл-аракеттин) санын, эсебин билдирип, канча? нече? деген суроого жооп берүүчү сан атоочтор эсептик сан атоочтор деп аталат.

**Тапшырма 1.3.** Тексттеги эсептик сан атоочторду көчүрүп жазып, алардын морфологиялык белгилерин жана синтаксистик кызматын айтып бергиле.

**Тапшырма 1.4.** Тексттен эсептик сан атоочтордун жөнөкөй жана татаал экендигине карай ажыраткыла.

**Тапшырма 1.5.** Окугула. Эсептик сан атоочторду тапкыла. Сан атоочтун башка сөз түркүмдөрүнөн болгон айырмачылыгын түшүндүргүлө. Эсептик сан атоочторго кандай суроолор берилерин аныктагыла.Кандай жолдор менен жасалгандыгын айтып бергиле.

Навоий облусунда эки жогорку окуу жайы – Навоий мамлекеттик педагогика институту жана Навоий мамлекеттик тоо-кен институту иштеп жатат. 380 ге жакын жалпы орто билим берүүчү мектептердин 120 сы Кызылкумдун чөлдүү аймактарында жайгашкан.

Байыркы архитектуралык салттарды заманбап үлгүлөр менен шайкештикте өнүктүрүү максатында 2010-жылы 107 гектар аянтты ээлеген «Бухара маданий борбору» комплекси түзүлдү. Бул комплекс бир топ курулуштар – 700 орундуу облустук музыкалык театр, 2000 көрүүчүгө болжолдонгон амфитеатр жана «Көөнө жана түбөлүктүү Бухара» монументтерин өзүндө камтыйт. Комплекстин борборундагы 18 метрлүү монумент өзүндө ушул ыйык жердин илимий-маданий жана тарыхый – философиялык мурастарын чагылдырат.

Эсиңерге сактагыла! Заттын, кээде кыймыл-аракеттин иретин, тартибин, катарын көрсөтүп, канчанчы? неченчи? деген суроолорго жооп берип, *-ынчы* мүчөсүнүн жардамы аркылуу жасалган сандар иреттик сан атооч деп аталат.

Мисалы: биринчи, экинчи, онунчу, жыйырма бешинчи.

**Тапшырма 1.6.** 1) Жогорку тексти окуп чыгып, иреттик сан атоочторду тапкыла. 2) Алардын кандай синтаксистик кызматты аткарып тургандыгын далилдегиле. 3) Түзүлүшүнө карай ажыраткыла, жазылыш эрежелерин түшүндүргүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.7.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла, иреттик сан атоочтун кандай жол менен жасалгандыгын жана синтаксистик кызматын аныктагыла.

1. Баш байгеси аз болду, үчүнчүсү каз болду. Төртүнчүсү уларды, бешинчиге сайыптыр. Кекилик, чил, чубарды онунчу сайган байгеси, майда чычкан болуптур. Он болду күйкө адашып, онунчу чыккан байгеси, кулаалыдан талашып (Кылыч). 2. Кырк биринчи жылында, кыйын болду кылымга. 3. Бүгүн биринчилерди чакырды.

**Тапшырма 1.8.** Текстти окуп чыгып, иреттик сан атоочторду аныктагыла. Алар сүйлөм ичинде кандай синтаксистик милдетти аткарды?

### Сүрөт – көркөм сөз өнөрү

Сүрөт көркөм сөз өнөрү үчүн эгемендүүлүк кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түздү. Эң мурда, 1997-жылы биринчи жолу Көркөм академия түзүлдү. 2002-жылы Ташкент фото үйү, 2004-жылы Өзбекстан сүрөт көркөм өнөрү галереясы, 2005-жылы Өзбек кийимдери галериясы, 2006-жылы маданият жана көркөм өнөр көргөзмөсү иш баштады. 1996-жылы Ташкентте Темурийлер тарыхы мамлекеттик музейи, Олимпия даңкы, 2002-жылы Куугунтук Курмандарын эскерүү, Сурхандарыя облусунун Термез шаарында Археология музейи иш баштады.

Эсиңерге сактагыла! Сандык түшүнүк менен заттык түшүнүктү жамдап көрсөтүп, канчоо? нечөө? деген суроолорго жооп берген, дайыма заттык мааниде колдонулган сандар жамдама сан атооч деп аталат.

**Тапшырма 1.9.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Жамдама сан атоочторун таап, аны уюштурган мүчөлөрдүн алдын сызгыла. Суроолорун бергиле.

1. Төртөө төп болсо, төбөдөгүн алат, алтоо ала болсо, алдындагысын алдырат. 2. Менин шаар тууралуу түзгөн планым энем экөөбүзгө жакты. 3. Бүгүн жүрүш кызуу, алтоо чарчоону сезишкен жок. 4. Сыйлагандардын ичинде бизден үчөөбүз барбыз. 5. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларынын үй-бүлөсүнө Бактыбек бешөөлөп жардам бердик.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Топтор менен иштөө

Төмөнкү жамдама сан атоочторду катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Биринчи топтун окуучулары жамдама сан атоочтун морфологиялык белгилерин, экинчи топтун окуучулары сүйлөм ичинде кандай милдет аткарып тургандыгын аныктагыла.

Бирөөнүн, бешөө, үчөөнү, жетөөнү, экөө, бирөө, үчөө, алтоо, бешөөнү, жетөө.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Адамды сүйө албаган киши, Ата Мекенин да урматтай албайт».

*А. Франс.*

## МЕНДЕЛЕЕВ ЭЛЕМЕНТТЕРИ

## Текст менен иштөө

### Элементтердин мезгилдик системасы

Дмитрий Иванович Менделеев – дүйнөнүн эң улуу окумуштууларынан бири. 1834-жылы 27-январда Тобольск шаарында жергиликтүү гимназиянын директорунун үй-бүлөсүндө туулган. Тобольск гимназиясын бүткөндөн кийин Д.И. Менделеев Петербург



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

педагогикалык институтуна келип түшөт, аны 1867-жылы алтын медаль менен бүтөт.

1859-жылы магистрдик диссертацияны жактап, Д.И. Менделеев чет мамлекетке эки жылдык илимий командировкага барган.

Чет мамлекеттен кайтып келгенден кийин адегенде Петербург технологилык институтун, андан кийин университеттин профессору болуп шайланган, ошондо ал жыйырма үч жыл бою илимий жана педагогикалык ишти жүргүзүп келген.

Д.И. Менделеевдин чыгармачылык иштеринин эң чоң ийгиликтери элементтердин мезгилдик законун ачышы жана элементтердин мезгилдик системасын түзүшү болгон.

Д.И. Менделеевдин өтө көрүнүктүү эмгеги болуп, анын «Химиялык негиздери» деген китеби саналат. Бул китепке органикалык эмес химиянын баары биринчи жолу мезгилдик закондун негизинде баяндалган болучу.

1-март 1869-жылы Элементтердин мезгилдик системасы – Димитрий Менделеев элементтер мезгилдик законун таблица түрүндө туюнткан химиялык элементтер табигый классификациясы. И. Дёберейнер, Ж. Дюма, А. Шанкуртду, У. Одлинг, Ж. Ньюлендс, Л. Майер сыяктуу окумуштуулар химиялык элементтерди системага салууга аракеттенишсе да, айрым бир топ ичиндеги мыйзам ченемдүүлүгүн ачуу менен гана чектелишкен. Бул ачылыштарга таянып, Менделеев 1869-жылы элементтер атом массасы жана химиялык окшоштуктарына негизделген системаны сунуш кылган. Бул таблицада «ар бир химиялык элемент белгилүү гана бир орун алышы керек» деген пикир чоң мааниге ээ болгон жана кийинчерээк бир нече жаңы элементти ачууга алып келген.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Текстте ким жана анын кандай адам экендиги жөнүндө айтылат?
2. Д.И. Мендлеев жөнүндө эмнелерди билип алдыңар?
3. Д.И. Менделеевдин чыгармачылык иштеринин эң чоң ийгиликтери кайсы болду?
4. «Химиялык негиздери» китебинде эмнелерди баяндап берди?
5. 1869-жылы Менделеев кайсы системаны сунуш кылган?
6. Д.И. Менделеев элементтердин мезгилдик системасынын түзүлүшү эмнеге негизделген жана бул жөнүндө эмнелерди билесиңер?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# Грамматика боюнча тапшырмалар

Эсиңерге сактагыла! Заттын санын, эсебин, так эмес, чамалап, болжолдоп көрсөткөн, канча? нече? канчадай? нечедей? канчалаган? деген суроолорго жооп берген сандар чамалама сан атооч деп аталат.

**Тапшырма 1.1.** «Даймонд» стратегиясы менен иштөө. Чамалама сан атоочтун кандай жолдор менен жасалышын түшүндүргүлө.

Ү л г ү : **Шарты:** **Мисалдар:**

1. Эсептик сандардын өз ара айкалышынан:—————
2. Жамдама сан атоочтордон:----------------
3. Эсептик сандарга *жакын, чамалуу, ашуун, чакты* деген сөздөрдүн кошулуп айтылышынан:------------------
4. Эсептик сандарга -дай, -лаган, -ча, -лап мүчөлөрүнүн уланышы менен:---------------------------------------------------------------
5. Эсептик сандарга көптүк -лар мүчөсү, андан кийин жөндөмө мүчөлөр улануу менен:----------------------------------------------

## Топтор менен иштөө

Ар бир топтун окуучулары өздөрүнө берилген сан атоочтордон чамалама сан атооч жасап, алардын жасалуу жолун жана синтаксистик кызматын айтып бергиле.

***1-топко:***

Он, беш, алты, жетимиш, жүз, миң, жыйыра беш

***2-топко:***

Отуз, алтымыш, жыйырма, элүү, кырк, алтымыш беш



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.2.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, чамалама сан атоочтордун кандай жолдор менен жасалгандыгын жана кандай синтаксистик милдет аткаргандыгын аныктагыла ошого карай астын сызгыла. Түзүлүшүнө карай кайсы түрү экендигин аныктагыла.

1. Өзбекстан аймагында 130 дан ашуун улут жана элдин өкүлдөрү жашайт. 2. Станциянын жалгыз тамында он чакты киши бар экен. 3. Фронттон колу жарадар болуп келген жаңы башкармабыз Субанкул, дагы эки-үч аксакалыбыз отурушуптур. 4. Берки кичинелерин энеси эптеп жоолукка ороп койсо, ал эми сегиз-тогуздардагы тестиер уулуна эчтеке жетпей калды. 5. Ошентсем нары жактан Алиманды ээрчитип, үч-төрт аял келе жаткан экен.

**Тапшырма 1.3.** «Кластер» методу менен иштөө.Төмөнкү тапшырмалар боюнча чамалама сан атоочтун кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарып жаткандыгына байланыштуу сүйлөмдөр түзгүлө жана кандай суроого жооп беришин айтып бергиле.




Эсиңерге сактагыла! Заттын санын топ-тобу менен көрсөтүп, канчадан? нечеден? деген суроого жооп берген сан атооч топ сан атоочтор деп аталат.

Топ сан атоочтор эсептик сандарга чыгыш жөндөмөсүнүн *-дан* мүчөсү уланууменен жасалат. Мисалы: экиден, үчтөн, беш-бештен, алты-жетиден, он-ондон.

**1.4. Өз алдынча иштөө.** Көчүрүп жазып, топ сандарды аныктагыла. Топ сан кайсы мүчө аркылуу уюшулду, түзүлүшү боюнча кандай жана кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарды?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Анда азыркы биздин айлыбыз турган жерде он-он беш түтүн жатакчылар болор эле. 2. Ошентип, үч-үчтөн болуп тоодон келе жаттык. 3. Ар бир столго экиден отурдук. 4. Эки ата, эки бала өз ара үч алманы бөлүп жегенде, алардын ар биринде бирден алма тийди. Кантип үч алма ар бирине бирден тиет? (Табышмак).

5. Беш-бештен сом пул алып,
Пейли кетти Акматтын.
Алтыдан сом пул алып,
Акылы кетти Акматтын

**Тапшырма 1.5.** Таблица менен иштөө. Сүйлөмдөрдөн топ сандарды көчүрүп жазгыла. Төмөнкү таблица боюнча топ сандын морфологиялык жана синтаксистик белгилерин аныктагыла.

| Топ сан | Суроосу | Жасалышы | Түзүлүшүнө карай түрү | Кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарышы |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |

1. Керим кырмандын тегерегинде бештен-алтыдан болуп, эс алып отурушкан окуучуларга газеталардагы жаңылыктарды окуп берди. 2. Кыргызстандын токойлоруна мурун кырк-элүүдөн коё берилген кыргоолдор азыр жаңы жерлерге абдан жакшы көнүгүп, алардын саны аябай көбөйдү. 3. Окуучулар мектеп участогунда он-ондоп бөлүнүп иштешти. 4. Катарга үчтөн тизилдик. 5. Чын курандын биринен, чыңыртып кулун байлашат. 6. Ноябрь айынын төртүнөн күзгү каникул башталат.

Эсиңерге сактагыла! Заттын санын майдалап, бүтүн сан менен бөлүктүн өз ара катышын билдирген сан бөлчөк сан деп аталат.

**Тапшырма 1.6.** Эсептик санга чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн улап, бөлчөк сан ойлоп жазгыла. Анын биринчи же экинчи бөлүгү кайсы жөндөмөдө турганын тапкыла. Бөлчөк сандын эрежесин айтып бергиле. Бөлчөк сандын тубаса жана туунду санга кирерин аныктагыла.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Топтор менен иштөө

Биринчи топтун окуучулары төмөнкү берилген үйдү бөлчөк сандын бөлүмү чыгыш жөндөмөсүндө, алымы атооч жөндөмөсүндө турган бөлчөк сандарды, ал эми экинчи топтун окуучулары бөлчөк сандын бөлүмү илик жөндөмөсүндө, алымы III жактын таандык мүчөсүндө турган бөлчөк сандарды жазып толтуруп, аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө жана алардын синтаксистик кызматын айтып бергиле.

***1-топко:***



***2-топко:***



**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Адам канчалык адилет болсо, адилеттикти ошончолук туура түшүнөт».

*Цицерон.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Текст менен иштөө

### ТЕХНИКА КООПСУЗДУГУ



Адам баласынын турмуш тиричилик коопсуздук маселеси заманбап жашоодо бирден-бир нерсе. Жашоодо адамдын өмүрүнө коркунуч жаратуучу көптөгөн учурлар болот. Келгиле алардын көп кездешүүчүлөрү менен таанышып алалы.

### Газ

Газ абдан коркунучтуу. Биринчиден, газ жарылып кетиши мүмкүн. Экинчиден, ууланып калууга мүмкүн. Ошондуктан, газдын жыты чыгып жатканы сезилгенде, төмөнкүдөй эрежелерди сактоо зарыл:

Биринчиден, газ жыттанып жатат деп чоң кишилерге айтуу керек.

Экинчиден, дароо терезелерди, эшиктерди ачып, бөлмөнү желдетүү керек.

Үчүнчүдөн, эгер шаарда жашасаңар бир жүз төрткө телефон чалгыла.

Турмуш тиричилик коопсуздугунда газ жыттанып жаткан учурда эмне кылбаш керек: Жарыкты күйгүзбөө (электро приборлорду колдонбоо зарыл), ширеңке чакпоо жана кайдан газ чыгып жатканын ширеңке чагуу менен текшербөө керек. Жарылуу болушу мүмкүн. Эң кичинекей учкундан да газ жарылып кетиши мүмкүн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Электр тогу

Эгер өткөргүчтөр иштебесе, электрди колдонуу коркунучтуу. Кээде адам колу менен өткөргүчтү кармап алса, ток урушу мүмкүн.Өткөргүчтөр бири-бирине тийишип, кыска тийишүүдөн жарык өчөт. Же өрт чыгышы мүмкүн. Ошондуктан сырты сыйрылып калган өткөргүчтөрдү, зымдарды өчүрүп-күйгүзгүчтү, же шнур саюучу ток бузук экендигин байкасаңар дароо чоң кишилерге айтуу керек.




## Электр тогунун коопсуздук эрежелери

Биринчиден, үйдөн, бөлмөдө чыгып бара жатканда сыналгы, үналгы, электр чайнек, үтүк, зарядкага сайылган уюлдук телефон жана башка электр приборлорун сөзсүз өчүрүп кетүү керек.

Экинчиден, эч качан электр өткөргүчтү, сымды колуң менен тартпа.

Үчүнчүдөн, эч убакта сыйрылган өткөргүчтүн, зымдын жанына барба, аларды кармаба.

Төртүнчүдөн, эгер телевизордон, чаң соргучтан же башка электр приборлорунан күйгөн резина жыттанса, андан учкун чыгып жатса – анда аны дароо суурул салуу керек. Мындай приборду оңдоо керек.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор.**

1. Тексттерди окуп чыгып, мазмуну эмне жөнүндө экендигин түшүндүрүп бергиле.
2. Адам баласы үчүн турмуш-тиричилигиндеги коопсуздук дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
3. Силер үйүңөрдө кандай газдан пайдаланасыңар жана аны колдонуу эрежелери менен таанышкансыңарбы?
4. Турмуш тиричилик коопсуздугунда газ жыттанып жаткан учурда эмне кылуу керек?
5. Электр аспаптарынан үй тиричилигинде эмне максатта пайдаланасыңар?
6. Үйүңөрдө кандай электр аспаптары бар?
7. Электр тогунан туура пайдалануу эрежелерин иштеп чыккыла.

## Топтор менен иштөө

Төмөнкү берилген сан атоочторду алты жөндөмө боюнча жөндөгүлө жана алардын жөндөлүш өгөчөлүгүн түшүндүрүп бергиле.

***1-топко:***

Беш, алты, элүү, бирөө, жетинчи, алтымыш сегиз, бир жүз жыйырма жети, элүү сегиз, экиден бир

***2-топко:***

Үч, жети, жетөө, жыйырма сегиз, токсон бешинчи, алтынчы, сексен экинчи, бир миң тогуз жүз элүү эки, бештен үч



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп, сан атоочторду көчүрүп жазгыла жана төмөнкү таблица боюнча кайсы жөндөмөдө экендигин аныктагыла.

| Сан атоочтор | Кайсы жөндөмөдө |
|---|---|
| | |
| | |
| | |
| | |

**1.2. Өз алдынча иштөө.** Сан атоочтун жазылышы боюнча төмөнкү таблицада берилген сан атоочторду көчүрүп жазып, аларга сүйлөмдөр түзгүлө жана жазылыш эрежелерин түшүндүрүп бергиле.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бир, эки, он, жүз, миң, сексен, Экинчи, алтынчы, элүүнчү | Миллион, триллион, VI класс, XXI кылым, X глава | Отузча, кырктай, алтымышча, бирөө, экөө, үчөө, алтоо | 1991-жылы 15-февралда онго жакын, кырк чамалуу, он беш сом, жүзгө дейре |
| Онго беш, үч бүтүн ондон беш, жетиден бир | Беш-бештен, он-ондон, беш-алты, жети-сегиз | 10 дон 4 тү алса, 6 калат, | 15-он беш, 56-элүү алты, 105-бир жүз беш |

Эсиңерге сактагыла! Сан атоочко морфологиялык талдоонун үлгүсү: жетинчи, жүздөй, он чакты, жетинчи – ирettик сан атооч, *-ынчы* мүчөсүнүн жардамы аркылуу жасалды, канчанчы? нечечи? деген суроого жооп берип, түзүлүшү жагынан жөнөкөй.

Жүздөй – чамалама сан атооч, *-дай* деген мүчөнүн жардамы аркылуу жасалды, затты чамалап көрсөттү. Эсептик санга уланды, уңгусу – жүз, мүчөсү -дай.

Он чакты – чамалама сан, эсептик сандан кийин чакты деген сөздүн жардамы аркылуу жасалды. Татаал сан.


**Тапшырма 1.3.** Төмөнкү берилген сан атооч сөздөрдү таблица боюнча түрлөргө ажыраткыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Беш-бештен, экиден бир, алтымыш сегизинчи, он бешинчи, алтоо, жетөө, жүздөй, элүүлөрдө, отузча, он бир, жыйырма бешинчиде, бир бүтүн ондон беш, кырк алтыда, токсон жетиге, бир тогуз жүз токсон экинчи, жыйырманчы, ондогон, сегиздерде...




**Тапшырма 1.4.** Тексттеги берилген сан атоочторго морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Кайдигерликтин үч белгиси бар: көп көңүл ачуу, көп уктоо, көп жаңылуу».

*Л.Н. Толстой.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# VII БӨЛҮМ. ТИЛ ЖАНА ДИЛ




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ИМАМ АЛЬ-БУХАРИЙ

Имам аль-Бухарий Бухара шаарында 810-жылы жума күнү жарык дүйнөгө келген.

Имам аль-Бухаринин атасы да, апасы да билимдүү адамдардан болушкан. Ал атасынан эрте ажырап, анын билим алуусун апасы жөнгө салган.Улуу окумуштуу кичинесинен эле көзү азиз болуп, апасы баласынын айыгып кетишине көп-көп дуба кылган.

Имам аль-Бухарий 7 жашында куранды толугу менен окуп чыкса, ал эми 10 жашына миңдеген хадистерди жатка айткан.

Имам аль-Бухарийнин болуп көрбөгөндөй эске тутуу жөндөмдүүлүгү жөнүндө Хашид бин Исмаил мындай деген: « Ал убакта аль-Бухарийнин улан кези эле.Ал биз менен хадис билермандары делген ар кыл шейхтердикине барып, бирок алардын айткандарын жазып алчу эмес. Бир нече күндөн кийин биз ага «Сен биз менен түрдүү шейхтердикине барып жүрөсүң, бирок эч нерсе жазбайсың, мунуң эмнең?» деп жаалай баштадык. Акыры он алты күн өткөн соң ал бизге «Чынын айтсам, силер көп сүйлөй берип көкөйгө тийип бүттүңөр. Өзүңөр эмнелерди жаздыңар экен, көрсөткүлөчү!» – деди.Биз он миңден ашуун хадис жазылган барактарыбызды алып чыктык эле, ал алардын баарын жатка айта баштады, биз болсо анын айтканына карап жазууда кетирген каталарыбызды оңдоп кирдик. Анан ал бизге: «Силер мени дагы эле шейхтерге азил-тамаша үчүн барып, убакытты бекерге өткөрүп жүрөт деп ойлойсуңарбы?» – деди.

Ошондон кийин эч ким андан өтө албастыгы дайын болду.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Текстти окуп, негизги темасы кимге байланыштуу экендигин түшүндүрүп бергиле.
2. Текстте Имам Бухарий жөнүндө кандай маалыматтар берилген?
3. Тексттен Имам Бухарийнин күчтүү эсте тутуу жөндөмдүүлүгү жөнүндө кандай окуя берилген?
4. Имам Бухарий жөнүндө дагы эмнелерди билесиңер?
5. Анын жыйнаган хадистеринин биринин тарбиялык мааниси жөнүндө айтып бергиле.
6. Азыркы күндө мамлекетибизде Имам Бухарийдин кылган иштери кандай кадырланып бааланууда?

## Грамматика боюнча тапшырмалар

Эсиңерге сактагыла! Затты же алардын белгилерин (сын-сыпаттык, сан өлчөмдүк) атабай, аларды өтө жалпылап көрсөтүүчү сөздөр ат атооч деп аталат.

Ат атоочторго төмөнкү сөздөр кирет: мен, сен, ал, биз, силер, алар, бул, тигил, ким? эмне? кайда? качан? эч ким, эч нерсе, эч кандай, эч качан, эч бир, баары, бүткүл, бардыгы, ар кандай, ар кайсы, алда ким, алда кандай, алда эмне, кимдир бирөө.

**Тапшырма 1.1.** «Тепкичме-тепкич» методу менен иштөө. Төмөнкү берилген тапшырмалар боюнча жогоруда берилген тексттен ат атоочторду көчүрүп жазып, алардын морфологиялык жана синтаксистик белгилерин аныктагыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Уюштурган мүчөсү жок, жалпы маанидe, жекелик жана көптүк санда айтылышы

Лексикалык мааниге ээ, жөндөлөт, жакталат, таандык мүчө, көптүк мүчө менен өзгөрөт

Башка сөз түркүмүнөн жасалбайт,айрым мүчөлөр менен өзгөрүшү

Бардык сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарышы

**Тапшырма 1.2.** Төмөнкү заттык маанини: мен, сен, ал, биз, сиз, силер, алар, ким, эмне, эч ким, эч нерсе, сын-сыпаттык маанини: кандай, ошондой, ушундай, ар кайсы, ар качан, ар кандай, сан-өлчөмдүк маанини: баары, бардыгы, бүткүл, канча, нече, канчанчы, нечечи, эч канча деген ат атоочтордун айрымдарын катыштырып, «Ал Бухарийдин хадистеринин тарбиялык мааниси» деген темада текст түзгүлө.

Эсиңерге сактагыла! Кыргыз тилинде ат атооч түзүлүшүнө карай эки топко бөлүнөт. Жөнөкөй жана татаал ат атооч.

Жөнөкөй атооч бир сөздөн турат: мен, ал, булар, ким? Ал эми татаал ат атооч болсо эки же андан ашык сөздөн турат: ар качан, ар бир, бир нерсе ж.б.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.3.** Тексттеги ат атоочторду төмөнкү берилген таблица боюнча жалпыланган маанисин аныктагыла жана түзүлүшүнө карай кайсы түрү экендигин айтып бергиле.

| **Заттык маанини** | **Сын-сыпаттык маанини** | **Сан-өлчөмдүк маанини** |
|---|---|---|
| | | |
| | | |

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Турмушту ак ниеттүүлөрдөн артык эч ким көркүнө чыгара албайт».

*Л.Н. Толстой.*

## Текст менен иштөө

Азыркы мезгилдеги күндөлүк жана коомдук турмушубуздагы эң кеңири тарап, калып алган көрүнүштөрдүн бири – реклама. Ал бүгүнкү күндө коомдун жана адамдардын социомаданий статусун, жашоо образын калыптандыруунун негизги факторлорунун бири болуп калды. Рекламасыз саясий, экономикалык, социалдык, маданий турмуштун эч бир сферасын элестетүү мүмкүн эмес. Ал бизди жана биздин турмушубузду бардык жерде: көчөлөрдө, транспортто, дүкөндөр менен базарларда, эс алуу жайларында, телекөрсөтүүдө, радиоуктурууларда ж.б. коштоп жүрөт. А түгүл, билим берүү жана



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


саламаттыкты сактоо мекемелерине, ишкана-уюмдарга чейин реклама сүңгүп кирип кеткен.

Реклама – абдан көп кырдуу жана көп аспектилүү кубулуш.

Көптөгөн адистердин пикири боюнча, реклама – ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүнүн кыймылдаткыч күчү жана стимулу. Ал маалыматтын катализатору да болуу менен, биздин ой жүгүртүү образыбызга жана иш-аракеттерибизге таасир тийгизет.

Рекламада ой туюндуруу так берилбесе, айрым ашыкча сөздөр фотосүрөт, көрүнүш-кубулуштар керектөөчүнү кабыл алуусун татаалдаштырып жиберет. Айрыкча, рекламалык ураандын мамлекеттик тилде ынанымдуу, таасирдүү жазылышына жана башка тилден так, сабаттуу которулушуна басым жасалуу абзел. Себеби, ал товарды өндүрүүчү ишкананын девизи, чакырыгы катары рекламадагы ойдун маанисин, идеясын туюндура алат.

Көпчүлүк реклама жаратуучулар башка тилдин өкүлдөрү же мамлекеттик тилди жакшы билбегендиктен, биз рекламадагы ураандарды ката, сабатсыз которгондугуна күбө болобуз.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Текстти окуп, эмне жөнүндө маалыматтар берилгендигин аныктагыла?
2. Реклама турмушунда кандай орунду тутат?
3. Рекламанын сага пайдасы барбы? Рекламадан ким көбүрөөк пайда көрөт?
4. Рекламасыз азыркы турмушту элестетүү мүмкүнбү?
5. Рекламалардын ой туюндуруу кандай берилиши керек деп ойлойсуңар?
6. Азыркы күндө рекламалардын мамлекеттик тилде жазылышында кандай каталыктар кетирилүүдө жана бул эмнелерге алып келишин түшүндүрүп бергиле.

**Тапшырма 1.1.** «Даймонд» стратегиясы менен иштөө. Тексттеги ат атоочторду маанисине карай төмөнкү шарт боюнча бөлүштүрүп аткаргыла.

Үлгү: **Шарты:** **Мисалдар:**

1. Жактама ат атооч:
2. Шилтеме ат атооч:
3. Сурама ат атооч:
4. Тангыч ататооч:
5. Аныктама ат атооч:
6. Белгисиз ат атооч:

Эсиңерге сактагыла! Жалпыланган заттык маанини үч жактын бирине, жекелик, көптүк санга тиешелүү кылып көрсөткөн ат атоочтор жактама ат атооч деп аталат. Жактама ат атоочторго: мен, сен, ал, биз, силер, сиздер, алар деген сөздөр кирет да, ким? кимдер? деген суроолорго жооп берет.

**Тапшырма 1.2.** Бумеранг методу.
Ишке ашыруу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***1-топко.*** Тексттен жактама ат атоочтор катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, уңгу мүчөгө ажыраткыла, бул мүчөлөрдү талдап, алардын жекелик же көптүк түрдө экендигин аныктагыла.

***2-топко.*** Тексттеги жактама ат атооч катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, алардын кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарып жаткандыгына карай астын сызгыла

## Топтор менен иштөө

Биринчи топтун окуучулары тексттен ал деген ат атоочтун жактама ат атооч маанисинде колдонулуп жаткан сүйлөмдөрдү, ал эми экинчи топтун окуучулары шилтеме ат атоочтук мааниде колдонулуп жаткан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, алардын синтаксистик кызматын аныктагыла.

Эсиңерге сактагыла! Бир затка карата көрсөтүлсө, жаңсоо иретинде айтылган, бир өңчөй заттардан бирөөнү бөлүп көрсөткөн ат атоочтор шилтеме ат атооч деп аталат. Шилтеме ат атоочторго кайсы? кээде ага -лар мүчөсү уланып, кимдер? кайсылар? деген да суроолор берилет. Аларга бу (бул), тиги (тигил), ошо (ошол), ушу (ушул), тетиги (тетигил), мына бу (мына бул), мына ушу (мына ушул деген сөздөр кирет.

**Тапшырма 1.3.** Сүрөт менен иштөө. Төмөнкү берилген рекламадагы сүрөт боюнча шилтеме ат атоочторду катыштырып, текст түзгүлө жана шилтеме ататоочтун морфологиялык белгилерин айтып бергиле.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1) Дүйнөдө тынчтыкты сактоо**



**2) Ташкент шаарындагы акваруум**



**Тапшырма 1.4.** Берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Андагы шилтеме ат атоочторду таап, уңгу мүчөгө ажыратып, алардын кандай формада экендигин аныктап, кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарып жаткандыгына карай астын сызгыла.

1. Бул менин эң биринчи жасаган ишим болчу.
2. Ана, тетигини окуучулардын өздөрү жасашты. *(Н.Б.)*
3. Мына бул киши ким? 4. Мен аны тигил Каракол өрөөнүнөн көрдүм. 5. Базарлык эле керек болсо, мына, ушуну алгын. 6. Эсимди кудай алыптыр, колумдун чени ошондо, энеме кетип калыптыр. *(Т. Молдо.)* 7. Тигилердики чакырып жатат. 8. Мына ушундан кийин Жайнак менен Анаркүл бирге кетишти. 9. Ал бизди телмире карап турду.

10. Коюу түндүн кучагынан,
Тигил кайсы, үн салган?
Күткөн Жапар ошол болот,
Биз жалпыбыз нурданган. *(Ж.Б.)*

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**«Сөз берметтери»**

«Кылычтын мизи, найзанын учу менен аткарууга мүмкүн эмес болгон көп иштер жумшактык, кичипейилдик менен аткарылат. Каардануунун залалы каарданган адамдын өзүнө тийет».
*Шофий.*

**Текст менен иштөө**

## АНГЛИС ТИЛИ – ДҮЙНӨ ТИЛИ

### Ар бир жаңы чет тили – жаңы дүйнө, жаңы кадам

Биз үчүн ар бир жаңы чет тили – жаңы дүйнө, жаңы кадам жана жаңы жан дүйнөмдүн төңкөрүшү, өзгөрүүсү.

Чет тилдерин үйрөнүү менен өзүбүзгө руханий, маданий эркиндикти жана интеллектуалдык баалуулуктарды табабыз. Маалымат майданында керектүү жаңылыктарды, ачылыштарды, китептерди, илимий макала жана жазуу иштерин тоскоолдуксуз окуунун, билүүнүн жана үйрөнүүнүн негизги шайманы – бул биз билген чет тилдер. Демек, дүйнө биздин билим алуубузда жана коомго пайдасы тийген инсан болууга умтулуубузда чет тилдери бизге канат болуп, алдыбызга койгон максаттарыбызга жетүүдө чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачат.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Текстти окуп, мазмуну эмне жөнүндө экендигин байкагыла.
2. Чет тилдерди үйрөнүү биз үчүн кандай жолдорду ачат?
3. Чет тилдерин кандай үйрөнүү керек жана сен кайсы чет тилдерин билесиң?
4. Чет тилин билүү биздин жан дүйнөбүздө, дүйнөлүк көз карашыбызга кандай жаңылыктарды алып келет?
5. Силердин мектебиңерде кайсы чет тилин үйрөнүү боюнча кандай иштер жүргүзүлүүдө?

Эсиңерге сактагыла! Заттын аты-жөнүн, санын, катар тартибин, сапатын, ордун, мезгилин аныктап билүү үчүн суроо иретинде айтылган сөздөр **сурама ат атооч** деп аталат. Сурама ат атоочторго *ким? эмне? кайсы? качан? кайда? канча? кандай? кана? кайдан?* деген сөздөр кирет.

**Тапшырма 1.1.** Броундык кыймыл методу. Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Сурама ат атоочтордун астын сызып, уңгу мүчөгө ажыраткыла. Биринчи топтун окуучулары бул сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн (жөндөмө, таандык, көптүк, жак) кайсы түрү экендигин, экинчи топтун окуучулары кайсы сурама ат атоочтор жөндөлбөй тургандыгын аныкташып, алардын жазылыш өзгөчөлүгүнө көңүл бургула жана төмөнкү таблица боюнча сурама ат атоочтордун синтаксистик кызматын аныктагыла.

1. Экзаменди кимдер тапшырат? 2. Сыйлыктар кимдерге берилди? 3. Айылдан качан кайттыңар? 4. Эгемендүүлүктү ылдамдаткан факторлор эмнелерде көрүндү? 5. Ата Мекенибиз – Өзбекстан кандай мамлекет? 6. Дүйнөдөгү эң чоң байлык эмне? 7. «Бир жигитке жетимиш өнөр аздык кылат» деген макалдын маанисин кандай түшүнөсүң? 8. Сен бош убактыңда эмнелер менен алектенесиң?

| Сурама ат атооч | Ээлик | Баяндоочтук | Аныктоочтук | Толуктоочтук | Бышыктоочтук |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Топтор менен иштөө

Биринчи топтун окуучулары кана деген сөздү сурама ат атоочтук мааниде, экинчи топтун окуучулары модалдык мааниде колдонуп, сүйлөмдөр түзгүлө.

Ү л г ү : ***1-топко:*** *Балдар кана?*
***2-топко:*** *Кана, калайыктан бата алалы.*

> Эсиңерге сактагыла! Жалпыланган заттык, сын-сыпаттык, сан-өлчөмдүк маанини тануу же жокко чыгаруу иретинде айтылган ат атоочтор **тангыч ат атооч** деп аталат. Аларга ***эч ким, эч нерсе, эч бир, эч качан, эч кандай, эч канча***, ***эчтеме, эч кайсы*** деген сөздөр кирет.

**1.2. Өз алдынча иштөө.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, алардын кандай жасалгандыгын аныктап, аларды уңгу мүчөгө ажыраткыла, бул кандай мүчөлөр экендигин талдагыла.

1. Бул сөздөн Айткулу эч нерсени түшүнгөн жок. 2. Үй ичиндегилер эч кандай дабыш чыгарбады. 3. Күндүн батканы менен чыкканы эч кимге билинбейт. 4. Эч качан калп айтып көргөн жан эмесмин. 5. Даниярды мындай деп, эч убакта ойлогон эмесмин. 6. Бул сүрөттү эч нерсе менен теңештире албайм жана эч кимге бербейм. 7. Эч ким токтото албаган Жамийла Даниярдын обонунун алдында майышып турду.

## Топтор менен иштөө

Төмөнкү берилген таңгыч ат атоочторду катыштырып сүйлөмдөр түзгүлө жана төмөнкү таблица боюнча тапшырманы аткаргыла.

***1-топко:***

Эч кимге, эч кандай, эчтеке, эч качан, эч кайдан, эч кимдин

***2-топко:***

Эч кимде, эч кандай, эчтеке, эч качан, эч нерсеге,эчтекенин

| Таңгыч ат атоочтор | Кайсы сүйлөм мүчөсүнүн аткарышы |
|---|---|
| | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## САЯКАТЧЫЛАРГА «ГИД»ДИК КЫЛСАМЧЫ?

Гиддин эң башкы куралы – бул тил. Гиддин милдети – бир гана жол көрсөтүп коюу эмес, Алар өз жерин башка элдин адамдарына жакшы жактан таанытып, көз карашын туура багытка буруусу керек.Туристтер келгенде биздин жер тууралуу кайдан маалымат алганына кызыгып сурайбыз. Алар көпчүлүк учурда интернеттеги блогерлер жүктөгөн сүрөттөр ажайып кооз жерлер тууралуу жазгандарын окуп,анан силердин өлкөңөрдү тандап келдик деп айтышат.Ошол себептен келген туристтин көз карашы бирден-бир гиддин берген багытынан көз каранды болот.

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Тексттин негизги идеясы эмне жөнүндө?
2. Гиддин эң башкы милдети эмнеде?
3. Гид өз алдына кандай максаттарды коюу керек?
4. Өз мамекеттин кооз жерлерин туристтерге тааныштырууда гиддер кандай жөндөмдүүлүккө ээ болуусу керек?
5. Блогерлердин милдеттери эмнеде деп ойлойсуңар?
6. «Мен блогер болуп калсам» деген темада эссе жазгыла.
7. Төмөнкү берилген сүрөттөгү өлкөбүздүн кооз жерлери боюнча гиддин ролун аткарып, туристтерге баяндап бергендей презентация даярдагыла.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# Грамматика боюнча тапшырмалар

Эсиңерге сактагыла! Заттын сандык жалпылыгын же жекелигин аныктап, тактап көрсөтүүчү ат атоочтор аныктама ат атоочтор деп аталат.

Аныктама ат атоочторго төмөндөгүдөй сөздөр кирет:

**Тапшырма 1.1. Өз алдынча иштөө.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла, аныктама ат атоочторду таап, аларды уңгу жана мүчөгө ажыратып, мүчөлөрдү талдагыла жана кандайча жасалгандыгын аныктагыла. Алардын жазууда кандай колдонулгандыгын айтып бергиле.

1. Бул окуяны ар ким ар кандай айтып жүрөт. 2. Ар бир ишин кунт менен аткарат. 3. Баарыбыздын көздөгөн максатыбыз ишке ашсын. 4. Айылы бүтүн аман жүрөт. 5. Ар бир иштин да бүтөр убактысы бар. 6. Тынчтыктын ишине бүткүл дүйнөнүн эмгекчилери катышууда. 7. Биз, ар бир адам, жакшы ой, жакшы санаа менен жашайбыз. 8. Аны ар кандай жумушту так аткарарына мен ишенем. 9. Тоодо ар түрдүү дары чөптөр көп. 10. Коноктор ар тараптан келишти. 11. Баарына, баарына күнөөлүү мен.

**Тапшырма 1.2.** Бумеранг методу. Ишке ашыруу.

***1-топко:*** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып. аныктама ат атоочторду таап, алардын морфологиялык белгилерин айтып бергиле.

***2-топко:*** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, аныктама ат атоочтун синтаксистик белгилерине карай астын сызгыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Өз тууганын кордогон, душманына кор болот. 2. Кылычты ар ким байланат, чабарына келгенде, кандай жигит шайланат. 3. Тазалыгы жагынан, карап турсаң баарынан, улук болот аккан суу. 4. Аккан, аккан, аккан суу, бардыгына жаккан суу. 5. Ар кайсынысынан бирден алдым. 6. Ар нерсеге кезигип, уруна берет турбайбы. 7. Атадан алтоо болсоң да, ар жалгыздык башында, атадан жалгыз болсоң да, бул жалгыздык башында.

Эсиңерге сактагыла! Заттардын, кубулуштардын жана алардын ким, эмне экендигин, сан-өлчөмүн, сын-сыпатын, ордун, мезгилин так көрсөтпөстөн, болжолдоп, бүдөмүк, күдүк көрсөтүүчү ат атоочтор белгисиз ат атоочтор деп аталат.

Белгисиз ат атоочторго: кайсы бир, кимдир бирөө, алда кандай, алда эмне, алда ким, качандыр бир, кандайдыр бир, бир нерсе, кай бир, кээ бир, бирдеме, балан-түкүн, баланча-түкүнчө деген ж.б. сөздөр кирет.

**Тапшырма 1.3.** Жогоруда берилген белгисиз ат атоочторду катыштырып, «Менин саякатым» деген темада текст түзгүлө. Белгисиз ат атоочторду уңгу жана мүчөгө ажыратып, кандай мүчөлөр жалгангандыгын түшүндүрүп бергиле.

1. Кеч кирерде үйгө келип, алда эмнеге күйкөпөңдөп, тынчтык таба албадым. 2. Дал ушул учурда бийиктен кандайдыр күркүрөгөн добуш чыкты. Ажар анча-мынча баскандан кийин, артынан бир нерсенин улуганы угулду. 3. Алда кайдан гүүлдөгөн үн угулат. 4. Кайсы бир жылы айылга өтө калың кар жаады. 5. Ошол кезде эшикти кимдир бирөө черткендей болду. 6. Кээ бир адамдар өздөрүнүн кылган жакшылыктарын эстеткиси келбейт. 7. Энем бирдемелерди айтып жаткан Орозматка тиктеди. 8. Кандайдыр бир шумдук болорун кайдан билдик, Жер-Эне.

## Топтор менен иштөө

Сүйлөмдөрдөн белгисиз ат атоочторду көчүрүп жазгыла. Ага кандай сөздөр кирерин жана кандай жолдор менен жасаларын түшүндүргүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***1-топко:*** Белгисиз ат атоочтордун морфологиялык белгилерин түшүндүрүп бергиле.

***2-топко:*** Белгисиз ат атоочтун синтаксистик кызматын түшүндүрүп бергиле.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| (жашыл) | (сары) | (кызыл) |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |



**«Сөз берметтери»**

«Кырсыкка акыл чыдайт, кайрат аны менен күрөшүп, жеңип чыгат».

*М. Севинье.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# VIII БӨЛҮМ. ТАРЫХ КАЗЫНАЛАРЫ



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Текст менен иштөө



### МУЗДУК ДООР

Байыркы заманда, мындан бир нече миллион жыл мурда азыркы биз жашаган жерлерде калың чытырман токой өскөн. Бул токойлордо жүздөгөн жаныбарлар жашаган. Көл менен суулардын жээгинде миңдеген чоң-кичине канаттуулардын үнү жаңырып турган. Аба ырайы ошол кезде өтө жылуу жана дайыма бир калыпта болгон. Кийинчерээк суук улам катуулап, кар узакка жаай баштады. Түндүктө жааган кар калың муз катмарына айланды. Байыркы муздуктар түндүктү көздөй жыла берди. Муз тоолордон суук шамал согуп турду. Ошентип, мындан 10 мин, жыл мурда Европада, Азиянын түндүгүндө, Түндук Америкада муз доору башталды.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Текстте негизинен эмне жөнүндө маалыматтар берилген?
2. Муздук доор кандайча пайда болгон?
3. Кайсы мезгилдерде жер шарында муздук доор өкүм сүргөн?
4. Муздук доордо адамдын, айбанаттар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн жашоосу жана турмуш-тиричилиги кандай болот деп ойлойсуңар?
5. Азыркы кезде кайсы материкте муздук доор өкүм сүрүүдө?
6. Сен жашап турган өлкөнүн климаты кандай? Ал жөнүндө эмнелерди айтып бере аласыңар?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Грамматика боюнча тапшырмалар

Эсиңерге сактагыла! Мен, сен, ал деген ат атоочтор иликте *-ын (-ин),* барыш жөндөмөсүндө *-а,* табышта *-ы (-и)* болуп жөндөлөт.

Шилтеме ат атоочтор жекелик сандагы жактама ат атоочтор сыяктуу жөндөлөт.

Зат атоочтун суроосуна жооп берген сурама атооч (ким? эмне?) зат атооч сыяктуу, сын атоочтун суроолоруна жооп берген ат атоочтор (кандай? кайсы?) сын атооч сыяктуу, сан атоочтун суроолоруна жооп берген ат атоочтор (канча? нече?) сан атооч сыяктуу жөндөлөт.

### Топтор менен иштөө

Окуп чыгып, жактама ат атоочторду тапкыла. Алардын кайсы жөндөмөдө турганын аныктап, кандай өзгөчөлүктөргө ээ экенин айтып бергиле. *Анда* деген сөздүн качан ат атоочтук, качан тактоочтук мааниде колдонуларын далилдегиле.

1. Сен мага канча таасир этериңди
Сынайм деп, ага-буга карабастан.
Билбепмин мынча терең кетериңди,
Али да мен өзүңдү барам издеп. *(М.И.)*

2. Сен менин жазылбаган ырларымсың, сен менин айтылбаган сырларымсың. 3. Менин китебим анда. 4. Сенин айтканың чындыкка чыкты. 5. Биз анықын бүтүрүп, сеникине жардамдашабыз. 6. Анда сиздин мени таанybагандыгыңыз чын экен. 7. Сиздердин келгениңерге бүгүн туура тогуз күн. 8. Мындай чатак иштин мага да, сага да, ага да кереги жок. 9. Анын үнү, анын обону менин кулагыма сиңип, бассам-турсам кошо ээрчигенсийт. 10. Меникине келгиче, мектепке бара кел. 11. Байкап турсам Сарала, мага ылайык жылкы экен.

**Тапшырма 1.1.** Бумеранг. Ишке ашыруу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***1-топко:*** жактама ат атоочторду жөндөп, алардагы өзгөчөлүктөрдү айтып бергиле.

***2-топко:*** Шилтеме ат атоочторду жөндөп, алардагы өзгөчөлүктөрдү айтып бергиле.

**1.2. Өз алдынча иштөө.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү окуп чыгып, сурама ат атоочтордун жөндөлүшүнө көңүл бургула. Алардын кайсы жөндөмөдө экендигин аныктагыла.

1. Бул оюмду кайда, кимге барып айтуум керек? 2. Кээ бири окуп жатат китеп, гезит, билбейсиң кимисинде кандай кесип. *(Ж.Т.)* 3. Курбум ай, биздин шайыр кыздар кандай, Жайдары, ачык мүнөз, жазы маңдай. *(Ж.Т.)* 4. Мен сенден сурайын деп жүрөм, сен ар дайым эле эмнени окуп жүрөсүң? 5. Алардын кимдикинен келе жатканын биле албадык. 6. Канчоонун келип, канчоонун кеткенин аныктагыла.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| (жашыл) | (сары) | (кызыл) |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Жашоодо жакпайт мага жалгыз адам, ичи чаар, сырты жылма жалтылдаган».

*Шекспир.*

**Текст менен иштөө**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## АЛ ДҮЙНӨНҮ ӨЗГӨРТКӨН

Лионардо ди сер Пьеро да Винчи 1452-жылы 15-апрелде туулган. Анын туулган жери Флоренцияга жакын жайгашкан Винчи сепили же анын энеси жашаган Тоскана аймагында болгон чарба болушу мүмкүн. Да Винчинин үй-бүлөсүндө жүргөндө, жаш Леонардо эң негизги расмий эмес билим алган. Ал окуганды, жазганды жана арифметиканын негизги түшүнүктөрүн үйрөндү. Бирок ал латын тили же илим изилдөө боюнча билимин тереңдете алган жок. Жаш кезинен эле Леонардо көркөм карьераны улантууга чакырылгандай сезилген. Анын алгачкы көркөм талантынын кеңири жайылган анекдотторунун арасында дыйкан жаш Леонардо тарткан сүрөт менен калкан сураган деп айтылат. Натыйжа ушунчалык жакшы болгондуктан, Пьеро аны бир соодагерге сатууга жетишкен, ал Милан Герцогу менен дагы ушундай кылган. Анын ордуна, баланын атасы дыйканга жаш да Винчинин чыгармасынан түшкөн каражаттын бир бөлүгүнө сатып алган башка ишти тапшырган.

Ошол мезгилде Леонардо жаратылыш менен үзгүлтүксүз байланышта болгон деп эсептешет, бул анын кийинки чыгармаларында аны чагылдыра алышы үчүн анын маңызын ачууга мүмкүндүк берген.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Леонардо да Винчинин таланты өзүнүн курагындагы жигит үчүн укмуштуудай болгон. Бул анын атасын Флоренциядагы досу башкарган эң маанилүү семинарлардын бирине келип, бул баланын жөндөмүнө ылайыктуу кесип болгонун билүүгө түрткү берген. Пьеронун аракети менен 14 жаштагы өспүрүмдү Италиядагы ошол мезгилдеги эң белгилүү сүрөтчүлөрдүн бири Андреа Веррокчио гарзон катары кабыл алган. Чындыгында, мугалимге Леонардо да Винчинин чеберчилиги жагымдуу таасир калтырды.

1469-жылы гана жигит шакирт болуп көтөрүлгөн. Ал жерден мугалиминин устаканасында иштеген айкел, живопись, жыгач устачылык, сүрөт тартуу сабактарын терең үйрөнө баштады.

Ошол сыяктуу эле, да Винчи жыгач, булгаары жана металл боюнча иштей баштаган. Ошондой эле, инженерия сыяктуу иш-аракеттердин негизи болгон химия жана механикага байланыштуу башка техникалык кесиптер жөнүндө билди.

Леонардо да Винчи ар кандай авторлор тарабынан кең пейил, боорукер адам катары мүнөздөлөт, ал көп өтпөй аны тааныган адамдардын, алар башка сүрөтчүлөрбү же ак сөөктөрбү, же ак сөөктөрдүн мүчөлөрүбү, айтор, алардын мээримине бөлөнө алышкан.

Джорджио Васари Леонардо жөнүндө мындай деди: «Жаратылыш сейрек учурларда адам баласына өзүнүн денесинде жана рухунда ушундай ырахат, гений жана сулуулук боюнча өзүнүн мыкты белектерин берип жатканда, Кудайдын колу көрүнүп тургандай кылып жаратат. Флоренциялык сүрөтчүдөн мен кам көрөйүн деп ушуну байкадым».

Бул Ренессанс чебери ал мезгилдин эң момун сүрөтчүлөрүнүн бири болгон. Бирок, ал өз ишин баалоодо ушунчалык катуу болгон, ал башкалар болсо да, чын жүрөктөн мактаган, ал тургай, ал орто болсо да. Анын бул боорукерлиги, сүрөтчүлөр арасындагы табигый жөнөкөйлүктөн келип чыккан.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Текстте ким жөнүндө маалыматтар берилген?
2. Леонар да Винчинин балагы кандай шартта өткөн?
3. Анын сүрөтчүлүк өнөрүнө кызыгуусуна эмне түрткү болду?
4. Ар бир адамдын өз кесибинин устасы болуусу үчүн жакшы устат болуу керекпи же өзүнүн кызыгуусуна, жөндөмдүүлүгүнө да тиешелүүбү?
5. Жакшы сүрөтчү болуу жаратылыштын сулуулугу да таасир кылабы?
6. Леонар да Винчи дүйнөдөгү эң улуу сүрөтчү катары жетишүүсүнө анын боорукерлиги, кичипейилдиги, адамгерчилиги жана сулуулукту баалай алышы да таасир эткенби? Бул боюнча өз пикириңерди билдиргиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Грамматика боюнча тапшырмалар

Эсиңерге сактагыла! 1. Тангыч ат атоочтор да сурама ат атоочтор сыяктуу эле жөндөлөт. 2. *Баары, бардыгы, өзү, ар бири* деген жактама ат атоочтор III жактын таандык мүчөсү жалганган зат атоочтор сыяктуу жөндөлөт да, *бүткүл, бүтүн, ар качан* деген аныктама ат атоочтор жөндөлбөйт. 3. *Бир нерсе, алда ким, бир канча* деген белгисиз ат атоочтор эч өзгөрүүгө учурабастан жөндөлөт. 4. *Кээ бир, кайсы бир* деген белгисиз ат атоочтор үчүнчү жактын таандык уландысы уланганда гана жөндөлөт.

**1.3. Өз алдынча иштөө.** Тексттен таңгыч, аныктама, белгисиз ат атоочторду аныктап,алардын кайсы жөндөмөдө экендигин айтып бергиле.

**Тапшырма 1.4.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдөгү таңгыч, аныктама жана белгисиз ат атоочтордун кайсы жөндөмөдө экендигин аныктап. кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткаргандыгы жана жөндөлүш өзгөчөлүгүн түшүндүрүп бергиле.

1. Уулум эч кимди тилдебейт, бирок өзүмдөн башка эч кимге жакпайт. 2. Бороон баягысындай эле көздү ачырбайт, бир аттам жерден ары эч нерсенин карааны көрүнбөйт. 3. Ал эчтекени аяп, эчтекени жашыргысы келбеди. 4. Ар биринин маанайлары жарык, көңүлдөрү көтөрүңкү. 5. Ажар өзүнүн ишине өзү ыраазы болгондой. 6. Уулум, турмушта жаман иштер көп болот, бирок анын бардыгына чыда. 7. Ар кимге көз каранды боло берсең, турмушуң өтпөйт. 8. Алда кандай заман болот, эл көчүп калса, Ажарды көк өгүзгө мингизип, кимдир биреөлөргө жармакташ. 9. Эсенбектин жүрөгү бир нерсени сезгендей болду. 10. Кээ биринин айткандарына караганда Каныбек бүгүн келет. 11. Жашар бирдемелерден шекшигендей отурду.

### Топтор менен иштөө

Үч топко бөлүнүп, төмөнкү сөздөрдү жөндөгүлө жана жөндөлүш өзгөчөлүктөрүн айтып бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эч ким, эч нерсе, эч бир, эч канча, эчтеме, эч кайсы

Бардык, баары, ар ким, ар кайсы, ар бир

Кайсы бир, кимдир бирөө, алда эмне, бир нерсе, кээ бир, бирдеме

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Эки жүздүү адам өзүн да, өзгөнү да сыйлай албайт».

*Ж. Лабюйер.*

**Текст менен иштөө**

## УЛУУ ЖИБЕК ЖОЛУ

«**Улуу**» сөзү жолдун абдан узун жана өтө көп элдердин тагдырына таандык болгонун билдирет. Ал эми «**жибек**» сөзү болсо жолдун негизинен жибек соодасына кызмат кылгандыгын билдирет**.** Соода-сатык иштери бардык мезгилдерде адамдардын жашоосунда өзгөчө мааниге ээ болгон.Ал мамлекеттин экономикалык өнүгүшүнө да чоң таасир көрсөткөн. Ушул себептүү да түрдүү мамлекеттер өз ара пайдалуу соодадан кызыкдар болушкан. Бул болсо байыркы замандарда маанилүү соода жолдорунун ачылышына алып келген. Өз аймагынан соода кербендери өтө турган мамлекеттер жолдордун бойлоруна соодагерлер үчүн бардык зарыл шарттарды, мүмкүнчүлүктөрдү жаратып беришкен.

Улуу Жибек жолу б.з.ч. 2-кылымынан орто кылымдардын ортосуна чейин өкүм сүргөн эл аралык соода жана маданий карым-катнаш жолунун аталышы болуп саналат. Ал Азия менен Европаны байланыштырган соода тармактарынын жыйындысы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

болгон. Бул жол бир гана соода жолу гана болбостон, дүйнө элдеринин ортосунда маданий жана мамлекеттер аралык байланыштар жолу катары да кызмат кылган. Жол Кытайдын Хуанхэ дарыясынын боюнда жайгашкан Циан шаарынан башталып, эки багыттуу болгон.

Биринчи багыт Кытайдан Самаркандга чейин болгон. Самаркандда ал дагы экиге бөлүнгөн. Бири Иран аркылуу Жер Ортолук деңизине чейин, экинчиси Түндүк Кавказ аркылуу Кара деңизге чейин жетип барган.

Экинчи багыт Кытайдан башталып, Памир – Тянь-Шань тоо кыркаларынан өтүп Ооганстанга, андан Индияга алып чыккан.

Жибек продукциялары Европа элдерин абдан суктанткан. Ал кездерде Европа жибек эмнелигин билбеген. Биздин бабаларыбыз жана кытайлыктар жибектен ажайып кездемелер токушкан. Бул кездемелер европалыктарды таң калтырышкан. Кээ бир жазма булактарда жазылышынча, бир Улуу жибек жолу журтубуздун тарыхында да чоң из калтырган. А түгүл бир мезгилдерде жибек кездемесинин орому акча ордунда да иштетилген.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Текстте соода жолдору жөнүндө кандай маалыматтар берилген?
2. Соода-сатык иши адам турмушунда өзгөчө мааниге ээ боло алабы?
3. Соода-сатыксыз да адамдар жашай алабы?
4. Соодагерлер өздөрүнүн товарларынын коопсуздугун сактоо үчүн кандай иштерди жүргүзүшкөн?
5. Улуу Жибек жолу жөнүндө текстте кандай маалыматтар берилген?
6. Улуу Жибек жолунун ачылышы жана анын дүйнө элдеринин турмушунда кандай орду бар?
7. Азыркы күндөгү Улуу Жибек жолу жөнүндө эмнелерди билесиңер?

## Грамматика боюнча тапшырмалар

### Топтор менен иштөө

Тексттен ат атоочторду көчүрүп жазып, алардын кандайча жазылгандыгын түшүндүрүп бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.5.** **«Даймонд» стратегиясы менен иштөө**. Бул метод боюнча ат атоочтун жазылышына мисалдар келтирип, эрежелерин түшүндүрүп бергиле.

Ү л г ү : **Эреже:** **Мисалдар:**

1. Эки түрдүү жазылган шилтеме ат атоочтор;
2. Күчөтүлүп айтылган сурама ат атооч:
3. Татаал ат атоочтор:
4. Бир сөзү маанисин жоготкон ат атоочтор:
5. Өз деген аныктам ат аточ кайталанып берилсе:
6. Таңгыч ат аточтор:

**Тапшырма 1.6.** Бумеранг усулу. Ишке ашыруу.

Сүйлөмдөгү ат атоочтордун морфологиялык белгилерин түшүндүргүлө, жазылыш эрежесин айтып бергиле.

Сүйлөмдөгү ат атоочтордун синтаксистик милдетин аныктап, астын сызгыла, жөндөлүш өзгөчөлүгүн айтып бергиле

1. Ал бизди жерге төшөлгөн саманга отургузуп, ар бири-бизге кичинекей тактай берди. 2. Муну силер тизеңерге коюп кат жазасыңар, – деди. 3. Анда да дубал боорундагы ар кайсы сүрөттү көрсөттү. 4. Анын ошондогу сүрөтү бүт өмүр бою эсимде калды. 5. Менин тилегим силерде. 6. Силер кайдасыңар? 7. Алар биздикине келишти.

Эсиңерге сактагыла! Ат атоочко морфолгиялык талдоонун үлгүсү: Биздин мында келгенибизди ал билген эмес.

О о з е к и бул сүйлөмдөгү биздин, мында жана ал деген сөздөр – ат атооч, себеби алар затты же анын белгилерин атабай, жалпылап көрсөттү. Биздин деген сөз мааниси боюнча жактама ат атооч, көптүк санда, биринчи жакта турат, уңгусу – биз, мүчөсү – дин, бул илик жөндөмөсүнүн мүчөсү, алгачкы формасынын түзүлүшүнө карай жөнөкөй, бир гана сөздөн турат, аныктоочтук милдет аткарды;

**1.7. Өз алдынча иштөө.** Текстте берилген ат атоочторго морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# IX БӨЛҮМ. ИСКУССТВО ЖАНА МАДАНИЯТ



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Текст менен иштөө**

## МИНИАТЮРА ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНЧӨ
## КАМАЛИДДИН БЕКЗАТ

Өз доорунун улуу сүрөтчүсү Камалиддин Бекзат Алишер Наваийнин замандашы эле. Ал Алишер Наваийнин колдоосу менен улуу миниатюрачы сүрөтчү болуп жетишкен. Баалуу жөндөм ээси болгон Бекзат Хусейин Байкаранын мамлекеттик китепканасына башчы кылып дайындалган. Бул китепкана өз мезгилинин көркөм академиясына айланган. Академияга кийинчерээк «**Бекзат академиясы**» деп ат берилген.

Бекзат Шарафиддин Али Яздийдин «Зафарнаама», Жаамийдин «Саломон жана Абсол», Саадийдин «Бостон», Хатифийдин «Темурнаама» чыгармаларына, ошондой эле Алишер Наваийнин китептерине кайталангыс миниатюралар сызган. Султан Хусайн Байкаранын жыйындары сүрөттөлгөн миниатюраларды жараткан.

Султан Хусайн, Алишер Наваий, Шайбанийхан жана башка мамлекеттик ишмерлер менен улуу инсандардын сүрөттөрүн да сызып калтырган. Камалиддин Бекзаттын чыгармалары сулуулукка суктангандарды дагы эле таң калтырып келүүдө.

Эгемендүүлүк жылдарында Бекзаттын атын түбөлүктөштүрүү боюнча ири иштер жасалды. Алсак, Ташкенттеги Улуттук сүрөтчүлүк жана дизайн институтуна Камалиддин Бекзаттын ысымы берилген. 2000-жылда журтубузда ЮНЕСКОнун колдоосу менен Бекзаттын 545 жылдык юбилейи белгиленди.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Текстте ким жөнүндө ой төгүндөлдү?
2. Миниатюра жөнүндө текстте кандай түшүнчө берилген?
3. Өз доорунун улуу сүрөтчүсү Камалиддин Бекзат кандай чыгармаларды жараткан?
4. Хусайн Байкара аны кандай кадырлаган?
5. Мыкты сүрөтчү болуу үчүн адамда кандай сапаттар болуу керек деп ойлойсуңар?
6. Элге таанылган, эл кадырлаган инсандарды кандай элестетесиңер жана алар ушундай урмат-сыйга кантип жетишишет?
7. Азыркы күндө Журтубузда Камалиддин Бекзаттын эмгеги кандай кадырланууда?
8. «Эл кадырлаган инсан» деген темада эссе жазгыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Грамматика боюнча тапшырмалар

**Тапшырма 1.1.** Бумеранг усулу. Ишке ашыруу. Текстти окуп, этиш сөздөрдү аныктап, төмөнкү тапшырмаларды аткаргыла.

***1-топко :*** Этиштин лексикалык жана морфологиялык белгилерин түшүндүргүлө .

***2-топко:*** Этиштин түзүлүшүнө карай түрлөргө ажыратып, синтаксистик кызматын айтып бергиле.

***3-топко :*** Этиштин жакталышы жана кайсы чактары жөнүндө айтып бергиле.

Эсиңерге сактагыла! Кыймыл-аракеттин чындыкка карата болгон мамилесинин (буйругунун, каалоо-тилегинин, максат-ниетинин, шартынын) сүйлөп жаткан адамдын өзү тарабынан белгилениши *этиштин ыңгайлары* деп аталат.

Этиштин ыңгайлары төмөнкүдөй болуп, беш топко бөлүнөт: *баяндагыч ыңгай, буйрук ыңгай, шарттуу ыңгай, каалоо-тилек ыңгай, максат-ниет ыңгай* кыймыл-аракеттин ошол учурда болуп жатканын, же келечекте болорун, же болуп өткөнүн чындык катарында жайынча баяндаган этиштер *баяндагыч ыңгай* деп аталат.

**Тапшырма 1.2.** Тексттен баяндагыч ыңгайды таап, аларды «Даймонд» стратегиясы боюнча иштегиле.

Ү л г ү : **Шарты:** **Мисалдар:**
1. Өткөн чактагы баяндагыч ыңгай:
2. Учур чактагы баяндагыч ыңгай;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3. Келер чактагы баяндагыч ыңгай:
4. Кайсы жакты билдириши:

**1.3. Өз алдынча иштөө.** Көп чекиттин ордуна этиш сөздөрдү коюп, көчүрүп жазгыла. Алардын кайсы чакта турганын тапкыла. Баяндагыч ыңгайдын эрежесин айтып бергиле.


1. Абдылда менен Ракыя ушул кыштактагы айылдык мектепте ... 2. Кечээтен бери саалган сүттүн көп болушу Бурулду ... 3. Эшикке чыгып, эки жакты карасам, эч ким ... 4. Ат көнгөн жерине ..., азамат туулган жерине ... 5. Улуу кишини сыйлагандан бой ... 6. Эртең менен Керездин келгенин уккан Кычан менен Атай ...

Колдонулуучу этиш сөздөр: *окушкан, көрүнбөйт, чуркап келишти, кичирбейт, кубандырды, качат, шашат.*


Эсиңерге сактагыла! Ишти аткаруу үчүн сүйлөп жаткан адамдын үч жактын (I, II, III) бирине берген буйругун, сунушун, өтүнүчүн билдирген этиш сөздөр *буйрук ыңгай* деп аталат.

**Тапшырма 1.4.** «Кластер » методу менен иштөө. Биринчи топтун окуучулары тубаса этиштен этиш жасоочу мүчөлөр аркылуу, ал эми экинчи топтун окуучулары атоочтон этиш жасоочу мүчөлөр аркылуу буйрук ыңгайды жасагыла жана аларга сүйлөмдөр түзүп, синтаксистик кызматын айтып бергиле.

***1-топко:***




***2-топко:***




**Тапшырма 1.5.** Сүрөттөр менен иштөө. Төмөнкү берилген Камалиддин Бекзаттын миниатюралык сүрөттөрү боюнча буйрук ыңгайды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| Жашыл | Сары | Кызыл |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Колумдагы нерселерге топук кылып, менде жок нерселерди ойлобосом, өзүмдү бактылуу сезем».

*Л.Н. Толстой.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Текст менен иштөө**

## АКСАРАЙГА СИҢДИРИЛГЕН АКЫЛМАНДЫК

1404-жылы Амир Темурдун энеси Некузбибинин урматына курулган, кооздугу теңдешсиз Аксарай испан элчиси Рю Гонсалес де Клавихо 1403-жылы бул жерден Самарканд жакка карай бара жатканда бүтө элек эле. Бирок, ага карабастан ал өз эскерүүлөрүндө Аксарайдын кооздугуна суктангандыгын жана таң калганын мындай деп жазат: «Бүт имарат алтын жана лажуард (лажуард – *лапис лазули – химиялык минерал таш*) менен капталган, ал жерде сарайдын көптөгөн бөлмө жана эс алуучу жайлары жөнүндө абдан узак сөз кылууга болот. Сарайдын оймо жасалгалары алтындан жана башка түстөрдөн кереметтүү жасалган. А түгүл чебер усталары менен дүйнөгө атагы чыккан Парижде да бул эмгек эң сонун деп бааланмак».

Амир Темур тарабынан курулган бул сарайдын дагы бир өзгөчөлүгү сарайдын чатырында көлмө болуп, ага Тахтакарача ашуусунан – тоодон коргошун куурлар аркылуу суу алынып келинген. Албетте, Амир Темур биринчи кезекте борбор шаар Самаркандды дүйнөдөгү эң кооз жана өнүккөн, көрктүү жана символикалык шаарлардын бирине айландырууну өзүнүн башкы милдети деп эсептеген. Ал ишти алгач моңголдор басып алгандан кийин 150 жыл бою талкаланып, кароосуз калган шаардын коргонуу дубалдарын калыбына келтирүүдөн баштаган. Асма суу жолу (Жуйи Арзиз)нун талкаланышы себептүү суусуз калган Самарканд көчөлөрүнө Зарафшан дарыясынан суу алып келтирген.

Амир Темур өз падышалыгынын коргону – Арккаала, андагы уникалдуу жана кооз имараттарды курдурган. Көксарай жана Бостонсарай деп элге таанымал болгон бул имараттар шаардын көркү эсептелген. Шаар аркасынын ичинде бул имараттардан тышкары мечит, чоң китепкана, кооз үйлөр, Амир Темурдун казынасы жана тактысы, акча жасала турган жай, курал-жарак устаканалары, мончо жана зындан болуп, айланасы калың жана бийик дубалдар менен курчалган.

Амир Темур Индия сапарынан кайтып келип, кооз мечит (Бибиханум деп аталган мечит) курууга буйрук берет. Темур мечиттин курулушуна жеке өзү кызыкдар болуп, согуштук аракеттер менен алек болсо да, аны көз жаздымда калтырган эмес. Мечит өз убагында бүтөт.

Амир Темур атактуу Шахизинда көрүстөнүн да өзүнүн курч акылы, билгичтиги менен көңүл жаздымынан четте калтырбайт («Шахизинда» – «тирүү падыша»). Андагы күмбөздөрдүн эң эски-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

си Кусам ибн Аббастын күмбөзү. Кусам ибн Аббас ислам дининин негиздөөчүсү, пайгамбарыбыз эле. Кусам ибн Аббас Исламды жайылтууда чоң эмгек кылган улуу инсандардын бири болгон.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Тексттин негизги маанайы эмне жөнүндө берилген?
2. Амир Темур Аксарайды кимге арнап жана эмне максатта курдурган?
3. Испан элчиси Рю Гонсалес де Клавихо Аксарай курулушу көрүп, эмне себептен мынчалык таасирленип чоң баа берген?
4. Амир Темур биринчи кезекте борбор шаар Самаркандды дүйнөдөгү эң кооз жана өнүккөн, көрктүү жана символикалык шаарлардын бирине айландырууну өзүнүн башкы милдети деп кандай иштерди аткарган?
5. Амир Темур жана кандай имараттарды курдурган?
6. Бибиханым мечитин кайсы убакта курдурууну баштаган?
7. Азыркы күндөгү Темурий архитектурасынын көрүнүшү кандай?
8. Силер жогоруда айтылган имараттардын кайсы бирин барып көрдүнөр жана андагы архитектуралык өнөргө кандай баа бердиңер?

## Грамматика боюнча тапшырмалар

Эсиңерге сактагыла! Кыймыл-аракеттин аткарылышы же аткарылбай калышы үчүн коюлган шарты билдирген этиштер шарттуу ыңгай деп аталат.

Шарттуу ыңгайды *-са* мүчөсү уюштурат.

**Тапшырма 1.1.** «Даймонд» стратегиясы менен иштөө. Шарттуу ыңгай этиштеринин төмөндөгүдөй маанилерин аныктап, аларга сүйлөм түзүү менен мисалдар келтиргиле.

Үлгү: **Шарты:** **Мисалдар:**

1. Шарттык маанини:
2. Мезгилдик маанини:
3. Өтүнүү, сурануу маанисин:
4. Карама-каршылык маанисин:
5. Себеп маанисин:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.2.** Төмөнкү берилген накыл сөздөрдү көчүрүп жазып, алардын текст түзүүдөгү мааниси жөнүндө айтып бергиле. Накыл сөздөрдө шарттуу ыңгайдын кандай формада колдонулуп жаткандыгын түшүндүргүлө.

1. Ач көздүн өзү тойсо, көзү тойбойт. 2. Казаным толуп кайнаса, чырагымдын балдары, чымчыктай чуулдап сайраса. Чоң эне болсо балдарга, өтүп кетсе бир күнү, өкүнүч болбойт жалганга. 3. Ийри жыгач түз болот, тезге салып оңдосо. Душманына кор болот, өз тууганын кордосо. 4. Тузду мээнет чырмаса, даты чыгып, шор болот. 5. Манапты мээнет чырмаса, түбү менен кор болот.

Эсиңерге сактагыла! Кыймыл-аракеттин иштелиши, аткарылышы үчүн болгон тилекти, каалоону билдирген этиш сөздөр *каалоо-тилек ыңгай* деп аталат. Каалоо-тилек ыңгай аркылуу берилген кыймыл-аракеттин али иш жүзүнө ашышы же ашпай калышы сүйлөгөн адамга так, ачык болбойт, ошонун ишке ашышын тилейт.

**Тапшырма 1.3.** Төмөнкү таблицада берилген мүчөлөр аркылуу каалоо-тилек ыңгай этишти жасап, аларга сүйлөмдөр түзгүлө.

Үлгү:

| -айын | -алы(к) | -айлы(к) | -гай+эле | -са+э-кен | -гы+жак, таандык мүчөлөр |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

**Тапшырма 1.4.** «Ташкенттин азыркы көрүнүшү» деген темада азыркы күндөгү архитектура жөнүндө каалоо-тилек ыңгай этиштерди катыштырып,презентация даярдагыла.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| (жашыл) | (сары) | (кызыл) |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**«Сөз берметтери»**

«Биз эмнени көп ойлосок, ойлонуп отуруп, аларды жашообузда ишке ашырабыз».

*Р. Бах.*

**Текст менен иштөө**

## УЛУТТУК МУЗЫКАЛЫК АСПАПТАР
## КЫРГЫЗДЫН МУЗЫКАЛЫК АСПАПТАРЫ

### Темир комуз

Темир комуз–тилдүү какма музыкалык аспап. Узундугу 6–7 сантиметр. Ал жаак жана тилден турат. Жаагы темир, жез, күмүштөн жасалат.Темирди көөкөр формасында ийип, ортосуна курч болоттон тил жасайт. Тил добуштуу болгондой кылып сугарылат. Жаагын маңдайкы тиштерге кыпчып, оң колдун сөөмөйү менен тилин кагып, күү чыгарат.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Кыл кыяк

Кыл кыяк – кылдуу, жаалуу музыкалык тартма аспап. Ал негизинен тулку, кулак, моюн, чара, каптама тери, кайыш, куткун, тээк, кыл, жаа, жыгачынан турат. Булар өзүнчө даярдалып, бир тутумга керней бириктирилет.

## Комуз

Комуз – элибиздин музыкалык аспаптарынын эң байыркысы. Анын үнү мукам, назик, угуучулар арасында эң кеңири тараган аспап. Бул аспап өрүктөн, алмуруттан, жапайы жыгачтардан: карагай, арча, талдардан жасалат. Комуз төмөндөгүдөй бөлүктөрдөн турат: комуз башы, тулкусу, чарасы, моюну, капкагы, куткуну, тепкеги (тээги), үч кулагы (өрүктөн, арчадан, мүйүздөн), үч кылы.

Ал эми кылдары койдун кургатылган ичегисинен даярдалат. Музыкалык маданиятыбызда комуз күүлөрүн элибиз урматтап угушкан.

Комуз күүлөрүндө элибиздин бүткүл турмушу, элге, жерге болгон сүйүүсү, эрдиги, эмгекчилдиги, тилеги, кубанычы жана кайгы-капасы камтылган.

Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз,
Чертилбейт, күүгө келбейт чебер колсуз
Опоңой, көргөн көзгө жөп-жөнөкөй,
Бирок да өнөрү бар айтып болгус.
Кылымдан кылым санап көксөй-көксөй,
Жыргалдуу биздин ушул күндү көздөй.
Бул комуз көп сууларды кечип келген,
Эли да комузундай жөп-жөнөкөй.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Музыкалык аспап дегенди кандайча түшүнүүгө болот?
2. Кыргыз элинин кандай музыкалык аспаптарын билесиңер?
3. Комуз кандай бөлүктөрдөн турат?
4. Комуз күүлөрүнүн жаралышы жөнүндө эмнелерди билесиңер?
5. Күүлөр, обондор кандайча жаралат жана аларда адамдын кандай сезимдери берилет?
6. Алыкул Осмоновдун «**Берчи мага, берчи мага, жарым кашык музыка**» деген ыр саптарын кандай түшүнөсүңөр?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Грамматика боюнча тапшырмалар

Эсиңерге сактагыла! Кыймыл-аракеттин аткарылышы же аткарылбай калышы үчүн сүйлөп жаткан адамдын максатын, ниетин билдирген этиш сөздөр *максат-ниет ыңгай* деп аталат.

*Максат-ниет ыңгайды -мак, -макчы* мүчөлөрү уюштурат.

**Тапшырма 1.1.** Кластер методу менен иштөө. Биринчи топтун окуучулары -мак мүчөсүнүн максат-ниет ыңгайды жасаган түрдө, экинчи топтун окуучулары бул мүчөнүн кыймыл атоочту жасаган түрдө колдонулган сүйлөмдөрдү түзүп, алардын ортосунда кандай айырмачылыктар болгондугун түшүндүрүп бергиле.

***1-топко:***




***2-топко:***




Ү л г ү : *Бүгүн Шаршендин өзү келмекчи. Алмактын бермеги бар.*

**1.2. Өз алдынча иштөө.** Төмөнкү берилген сөздү максат-ниет ыңгай этиш сөздөргө жак мүчөлөрдү жана *эле, экен, бол, беле, эмес* деген көмөкчү этиштерди кошуп жазып сүйлөмдөр түзгүлө. Бул этиш сөздөрдүн морфологиялык жана синтаксисик белгилерин айтып бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Салмакчы, келмек, тазаламак, экмек, термекчи, текшермек, түзмөкчү, иреттемек;

Эсиңерге сактагыла! Этиштин ыңгайларын морфологиялык жактан талдоонун тартиби:

Талдоонун үлгүсү:

Силер, балдар, ар дайым сабагыңарды жакшы окугула!

О о з е к и:

Бул сүйлөмдөгү *окугула* деген сөз – этиш, буйрук ыңгай, сүйлөөчү адамдын үч жактын бирине карата болгон буйругун, талабын, өтүнүчүн билдирди. Уңгусу – *оку,* мүчөсү – -гыла, буйрук ыңгайдын мүчөсү.

**Тапшырма 1.3.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдөгү максат-ниет ыңгай этиштерге морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

Бурулча сатып келген буюмдарын сандыкка салды да, үйдүн ичин бир аз желдетмекчи болду. 2. Арстандын бул сөзүнө Бурулча жакшы түшүнө албаса да, анын сөзүн коштомокчу, эки ортого сөз катыштырмакчы болду. 3. Керез, Кычан, Атай – үчөө кеңешмек, Майрыктыкына сөзсүз токтошмок. 4. Акын Током келмек, касташкандар өлмөк.

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| (жашыл) | (сары) | (кызыл) |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Турмушта кыйынчылыкты жеңүүнүн эң оңой жолу – аны кыйынчылык катары көрбөй, жакшылыкка жеткирүүнүн бир баскычы катары кароо».

*Б. Акунин.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# X БӨЛҮМ. УКУГУБУЗ – СЫЙМЫГЫБЫЗ




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Текст менен иштөө**

## КОНСТИТУЦИЯ – ӨЛКӨНҮН НЕГИЗГИ МЫЙЗАМЫ, МАМЛЕКЕТТИН ӨЗГӨЧӨ УКУКТУК ДОКУМЕНТИ

Конституция ар бир мамлекеттин негизги мыйзамы. Анын нормалары мамлекет курулушу, башкарууну куруу принциби жана адам, коом, мамлекет мамилелерин тартипке салат.

Конституцияда бекемделген эрежелер юридикалык пайдубал жаратат, ага таянып укуктун бардык тармактары – жарандык, финансылык, кылмыштык, эмгек жана башкалардын нормалары жаратылат. Бардык нормативдик-укуктук документ (мыйзамдар, указ, токтомдор ж,б,) Конституцияга негизделет. Ал бардык мыйзам документтеринин негизги булагы эсептелинет.

Конституцияда бардык сунушталган мыйзамдар үчүн негизди түзүүчү идеялар жана уставдар бекемделген. Ар бир мамлекеттин укуктук системасында Конституциянын актуалдыгы менен белгиленет.

Конституциянын жетекчи орду ошондо көрүнөт, ушул мамлекеттин жарандары менен бирге мамлекет жана анын органдары да амал кылууга милдеттүү. Укук жана мамлекеттин ушундай тууралуулугу коомдо Конституция жана мыйзамдардын чыныгы аткарылуусун камсыздайт.

Адам турмушунда мыйзам менен тыгыз байланышта болот. Адам самолётто учканда, кемеде сүзгөндө, үй сатып алганда, машина айдаганда, үй-бүлө курганда же иштегенде ушул сыяктуу бардык абалдарда ал же бул мыйзамдарга иши түшөт.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Конституциябыздагы алгы сөзүнүн максатын айт.
2. Конституциянын нормалары мамлекетибизде укуктук тартибини кандай белгилеп берет?
3. Конституциялык укуктун башка укук тармактары арасындагы жетекчи орду эмнеде көрүнөт?
4. Укук нормалары адамдар арасында жалпы кабыл алынган кандай мамилелерди тартипке салат?
5. Тексттен укук нормалары жөнүндө кандай маалыматтар алдыңар?
6. Эмне үчүн укук инсанды өз эркиндиктерин чектөөгө мажбурлайт?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Грамматика боюнча тапшырмалар

Эсиңерге сактагыла! Кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан адамдын өзү же башка бирөөлөр тарабынан аткарылгандыгын билдирген этиш сөздөр этиштин мамилелери деп аталат. Этиштин төмөндөгүдөй беш мамилеси бар: негизги мамиле, кош мамиле, өздүк мамиле, туюк мамиле, аркылуу мамиле.

Кыймыл-аракет сүйлөп жаткан адам тарабынан аткарылгандыгын билдирген этиштер негизги мамиле деп аталат.

**Тапшырма 1.1.** Тексттен негизги мамиле этишти аныктап, көчүрүп жазгыла жана уңгу, мүчөгө ажыратып, лексикалык маанисин түшүндүргүлө.

**Тапшырма 1.2.** Негизги мамиле этишти катыштырып «Журтубуздагы майрамдар» темасында макала даярдагыла.

Негизги этишке *-ыш* мүчөсүнүн уланышы аркылуу жасалып, кыймыл-аракеттин бир нече киши тарабынан биргелешип, кошулуп аткарылгандыгын, иштелгендигин билдирген этиштер кош мамиле деп аталат.

Кош мамиле этишти *-ыш (-иш, -уш, -үш, -ш)* мүчөсү уюштурат.

**Тапшырма 1.3.** Төмөнкү берилген таблица боюнча - ыш мүчөсүнүн кош мамиле жана кыймыл атоочту түзүшүнө карай сүйлөмдөр түзгүлө жана мындагы айырмачылыктарды түшүндүргүлө.

Үлгү:

| Кош мамиле | Кыймыл атооч |
|---|---|
| Алар барышты. | Барыш менин милдетим. |
| | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.4.** Сүрөттөр менен иштөө. Берилген сүрөт боюнча «Биздин өлкөдө бардык элдер тең укукта» деген темада кош мамиле этиштерди катыштырып, дилбаян жазгыла.



**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

**«Сөз берметтери»**

«Жогорку зат берген адамдын жогорку жөндөмү – аң-сезим».

*Руми.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДЕ ИШ ЖҮРҮТҮҮНҮ ҮЙРӨНӨБҮЗ

Эсиңерге сактагыла! Т и л к а т – иш кагаздарынын бир түрү. Ал башка кишиден, мекемеден ж.б. бир нерсе алгандыгы натайын күбөлөндүрүү үчүн жазылган кат – тил кат деп аталат.

***Тил кат***

*Мен, Бекмуратов Бакыт Бөкө районундагы №35 орто мектебинин мугалими Куттубаев Өктөмдөн убактылуу 500000 (беш жүз миң) сом карыз алдым. Аны үч айдын ичинде төлөп берем. Карыз алгандыгым үчүн эки тараптын макулдашуусу боюнча кошумча акы (процент) төлөбөймүн.*

*2021-жылдын 18-ноябры (колу) Бекмуратов Бакыт.*

***Тил кат***

*Мен, Паркент районундагы № 34 орто мектебинин мугалими Алымова Гүлзат, биздин мектептин чарба иштеринин башчысы Мусаев Бектурдан класстык бөлмөнү жабдуу үчүн 3 (үч) стол, 10 (он) отургуч, 5 (беш) метр материал, 3 (үч) метр жерге төшөөчү килемче алдым. Себепсиз жоготсом, өз наркын төлөп берем.*

*Датасы, айы, жылы. (колу) Алымова Г.*

**Тапшырма 1.5.** Жогорудагы тил каттардын жазылыш өзгөчөлүгүн түшүндүрүп бергиле. Тил кат түзүлүшү жактан кайсы бири татаал жана кайсы бири жөнөкөй экендигин аныктагыла.

Тил каттын текст сыяктуу маанилик бүтүндүгүн аныктап, алардын үч бөлүгүн ажыратып бергиле. Эгерде тил кат өтө маанилүү болсо, кайдан тастыкталат?

**Тапшырма 1.6.** «Даймонд» стратегиясы менен иштөө. Үлгү боюнча тил катты талдагыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| Э р е ж е с и: | Ү л г ү: |
|---|---|
| 1. 1 сөз зат атооч | 1. Арыз |
| 2. 2 сөз сын атооч | 2. Жөнөкөй, татаал |
| 3. 3 сөз этиш | 3. Жазат, суранат, өтүнөт. |
| 4. Сүйлөм | 4. Арыз кеңири тараган иш кагазы. |
| 5. 3 этиш сөз | 5. Аткарылат, тиркелет, колдонулат. |
| 6. 1 сөз зат атооч | 6. Кыска, көлөмдүү |
| 7. 1 сөз зат атооч | 7. Документ |

**Тапшырма 1.7.** Жогорку тил каттын үлгүсүнө салып, өзүңөр тил кат жазгыла. Аны жазуунун схемасын оозеки айтып бергиле. Эмне үчүн тил кат иш кагаздарынын түрүнө кирерин далилдегиле.

**Тапшырма 1.8.** Жогорку көрсөтүлгөн эки тил каттын үлгүсүн окуп чыгып, анын түзүлүшү боюнча кандай тил кат экенин аныктагыла. Тил кат качан, кайсы убакта жазыларын түшүндүргүлө. Тил каттын кандай сүйлөмдөр менен башталып, кантип өнүккөндүгүн (татаалдангандыгын) жана кандай сүйлөмдөр менен бүткөнүн айтып бергиле.

Эсиңерге сактагыла! Ишеним кат – адамдын колу бошобой, зарыл иши болгондуктан, же убактысынын жоктугунан, же башка себептерге байланыштуу айлык акысын, же болбосо өзүнө тиешелүү болгон башка нерсени (буюмду) алуу үчүн башка бирөөгө ишеним көрсөтүлүп, адамдын өз колу коюлган кат.

***Ишеним кат***

*Мен, Бостондук районундагы № 36 орто мектебинин мугалими Пардабаева Назира, райондук билим берүү бөлүмүнүн башкы бухгалтериясынан май айы үчүн 2800000 (эки миллион сегиз жүз миң) сом айлык акымды ушул эле мектептин мугалими Казакбаева Гүлнаранын алышына ишеним көрсөтөм. Дареги: Чимган айылы, паспорт 1-ГС N196146, Бостондук район ички иштер бөлүмү тарабынан 1988-жылдын 19-ноябрында берилген. Бул дарекке 1988-жылдын 25-ноябрына катталган.*

*2021-жылдын 25-январы (колу) Пардабаева Н.*
*Пардабаева Назиранын бул ишеним катын күбөлөндүрөм.*

*Мектептин директору*
*2003-жылдын 25-январы (колу) Каюмов М.*
*(мөөрү)*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***Ишеним кат***

*Бул ишеним кат №35 орто мектебинин чарба иштери боюнча директордун орун басары Ниязов Таалайбекке берилет, себеби бул адам райондук билим берүү бөлүмүнөн мектепке бөлүнгөн 15 (он беш) жуп лыжа, 20 (жыйырма) жуп конъки, 10 (он) жуп мээлей алат. Паспорту П-ГС N699871. Бөкө райондук ички иштер бөлүмү тарабынан 1980-жылдын 14-мартында берилген.*

*Мектептин директору (колу) Каюмов Т.*
*2003-жылдын 18-сентябры*
*(мөөрү)*

**Тапшырма 1.9.** Жогоруда берилген ишеним каттарда эмнелер чагылдырылган жана ким тарбынан жазылышы керектигин, шарттары жөнүндө түшүндүрүп берип талдагыла.

Үлгү: 1) Ишеним катта берилген Ниязов Таалайбек кандай кызматта иштейт?
2) Ишеним кат ким тарабынан жазылды?

**Тапшырма 1.10.** «Кластер» ыкмасы боюнча ишеним кат иш кагазын талдоо, жалпылоо.

**Ишеним кат боюнча суроолуу кластер түзүү:**

Үлгү: Суроолуу кластер

| | |
|---|---|
| Кандай иш кагазы? | Башка иш кагаздарынан айырмасы? |
| Качан колдонулат? | Кандай түрлөрү бар? |
| Канча белгиси бар? | Кандай формада жазылат? |

**Тапшырма 1.11.** Жогорку ишеним каттын үлгүлөрүн окуп чыгып, ага кандай талаптар коюларын айтып бергиле. Иш кагаздарынын түрлөрүн санагыла. Иш кагаздарынын стили менен көркөм стилдин айырмачылыгын түшүндүргүлө.

**Тапшырма 1.12.** Китеп стилине кайсы стилдер кирерин түшүндүргүлө. Жогорку үлгүгө салып, ар бириңер ишеним кат жазгыла. Кандай башталып, кандай өнүккөнүн, кандай аяктаганын айтып бергиле. Жөнөкөй жана татаал ишеним катка мисал келтиргиле, алардын айырмасын далилдегиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эсиңерге сактагыла! Түшүнүк кат бир адам тарабынан анын суроо-талабын канааттандыруу, же тигил, же бул окуя, иштин себебин билдирүү максатында мекеменин же уюмдун жетекчисинин наамына багытталып жазылат

*Бахмал районундагы № 2 орто*
*мектебинин окуу бөлүмүнүн*
*башчысы Усаров Айбекке ушул*
*мектептин орус тили мугалими*
*Кушбакова Фаридадан*

***Түшүнүк кат***

*Мен райондук билим берүү башкармалыгы тарабынан өткөрүлгөн (2021-жылдын 20-ноябры) семинар-тренингге катыша албай калдым. Себеби кызым Куттубаева Айгүлдүн окуган лицейине шашылыш чакырышып, ошол жерде кармалып калдым. Мындай көрүнүш экинчи кайталанбайт, семинардын бардык материалдарын кесиптештеримден аламын жана таанышып чыгамын.*

*2021-жыл 21-ноябрь (колу) Кушбакова Ф.*

**Тапшырма 1.13.** Жогоруда жазылган түшүнүк катты окуп чыгып, жазуу тартиби, жазуу тили жөнүндө түшүндүргүлө.

**Тапшырма 1.14.** Сабак калтырган, кечигип келген же ийримге катышпай калган жана башка дагы бир себепти түшүндүргөн түшүнүк катты класс жетекчиңердин наамына карата жазып, машыккыла.

## Текст менен иштөө

### МАМЛЕКЕТТИ КИМ БАШКАРАТ?

Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлиси.

Эгемендүүлүктүн баштапкы күндөрүндө эле Өзбекстанда Демократияны өнүктүрүү үчүн заманбап дүйнөлүк стандарттарга жооп бере алган натыйжалуу жана ишчил парламентти калыптандыруу зарылчылыгы туулду.

Демократиялык принциптер жана Өзбекстан Республикасы Конституциясынын үчүнчү принциби – мамлекеттик бийликтин үч тармакка бөлүнүшү боюнча Өзбекстандын мамлекеттик бийлик



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

системасы мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийликтерине бөлүнүшү мыйзамдаштырылды.

Президент

Олий Мажлис | Министрлер кабинети | Сот

Бийликтердин ар бири бири-биринен көз карандысыз болгон түрдө өз ара тыгыз байланышта иш жүргүзөт. Ал эми Президент үч бийликтин тең ишкердигин жөнгө салган көз карандысыз орган болуп саналат.

2005-жылдан баштап өлкөбүздүн тарыхында алгачкы жолу Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлиси эки палата – Мыйзам чыгаруучу (төмөнкү) жана Сенат (жогорку) болуп иш баштады.

Парламентте 250 адам, ошонун катарында, төмөнкү – Мыйзам чыгаруучу палатада 150 депутат, Сенатта Каракалпакстан Республикасы, облустар жана Ташкент шаарынан 6 дан, бардыгы болуп 84 адам шайланат. Президент тарабынан дайындалган эл-журттун урматына татыктуу 16 адам Сенаттын мүчөсү болот.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Текстте эмне жөнүндө маалыматтар берилди?
2. Мамлекеттик башкарууда бийликтин бөлүнүшү кандай мааниге ээ?
3. Өзбекстанда аткаруу бийлигине кайсы мамлекеттик органдар кирет?
4. Өзбекстанда сот иштери кайсы тилдерде жүргүзүлөт?
5. Өзбекстан Республикасынын Олий мажлиси канча палатадан турат жана алар жөнүндө айтып бергиле.

## Грамматика боюнча тапшырмалар



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эсиңерге сактагыла! Негизги мамиле этишке -ын мүчөсүнүн уланышы аркылуу жасалып, кыймыл-аракет иштөөчүнүн өзүнө багытталгандыгын же өзү үчүн иштелгендигин билдирген этиш сөздөр өздүк мамиле деп аталат.

Өздүк мамилени *-ын (-ин, -ун, -үн, -н)* мүчөсү уюштурат.

Мисалы: *ач+ын, кий+ин, көр+үн, жуу+н, тара+н, бас+ын, ула+н, бак+ын (багын), кир+ин, өт+үн, каран.*

**1.1. Өз алдынча иштөө.** Берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, өздүк мамиле этишердин астын сызгыла, аларды жасоочу *-ын* мүчөсүнөн кийин кандай мүчөлөр улангандыгын аныктагыла. Бул сөздөр кандай синтаксистик милдет аткарды?

1. Ак жолборс келсе, тартынба, алтын башың барында. 2. Бакта булбул таңшыгандай таранып, күндөй күлүп, айдай нуру таралып. 3. Калыстык кылган кишилер, пара бер деп суранды. 4. Арамдык менен ырыскы тапканына кубанды. 5. Жаш келиндерче кийинип, элечек оронуп, сур жоргону минип келаткан – Атабектин зайыбы. 6. Ичигин жамынып, анда-санда теминип, кээде кымтыланып Ажар келе жатат.

**Тапшырма 1.2.** Төмөнкү берилген мүчөлөргө этиш сөздөрдү улап өздүк мамиле этишти жасап, аларга сүйлөмдөр түзгүлө жана синтаксистик милдетин айтып бергиле.

| -ын | -ин | -ун | -үн | -н |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

**Тапшырма 1.3.** Тексттен туюк мамиле этиштерди көчүрүп жазып, аларды уңгу жана мүчөгө ажыраткыла.

**1.4. Өз алдынча иштөө.** Төмөнкүдө берилген сүйлөмдөрдү окуп чыгып, таблица кара тамга менен жазылган сөздөрдү таблица боюнча мамиле этишти этиш же мамиле эмес экенин аныктап, бөлүштүрүп жазгыла. Морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

1. Көөдөндө дартым **арылды**, көксөгөнүм **табылды**. 2. Абыл издеп келгенде, кардыккан үнүм **басылды**, каткан черим **жазылды.** 3. Көзүмдүн жашы **басылды**, көңүлүм жарк деп **ачылды.** Тал-тал болуп **өрүлгөн**, саамайыңдан **кагылам**.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

4. Издесеңиз тоосунда, толуп жатат **табылгы.** 5. **Созулганың** Букардын, жибегиндей жан-жан ай. 6. Катарлап тиккен **айыл** ким, карыя айтчы, дайның ким? 7. Дениң соодо эринбе, бекерликке **берилбе.**

| Мамиле этиш | Мамиле этиш эмес |
|---|---|
| | |
| | |

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |



**«Сөз берметтери»**

«Атак жыттуу ууга окшош, анткени ал жүрөктүн рухий кубатынан ажыратат».

*Курманжан датка.*

**Текст менен иштөө**

## ӨЗ ДЕПУТАТЫҢДЫ БИЛЕСИҢБИ?

Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин Мыйзам чыгаруучу палатасына шайланган жана «Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисине шайлоо жөнүндө»гү Өзбекстан Республикасы мыйзамына карай Өзбекстан Республикасы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан тизмеге алынган Өзбекстан Республикасы жараны депутат эсептелинет.

Өзбекстандын Борбордук шайлоо комиссиясы 2019-жыл 22-декабрда Олий Мажлиске шайланган 125 депутаттын тизмесин жарыялады. Алардын ичинде улуттук парламентке биринчи жолу шайланган этникалык кыргыздардын бир өкүлү бар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жаныбекова Надира Абдусаломовна Өзбекстандын Сырдарыя областынын Янгиер шайлоо округунан шайланды. Ал 1973-жылы Ташкентте төрөлгөн, 1985-жылы Гулистан мамлекеттик университетинин мамлекет жана укук негиздери адистиги боюнча окуп бүтүргөн. Азыркы учурда ошол эле университетте улук окутуучу, Сырдарыя областындагы кыргыздардын улуттук маданий борборун жетектейт.

Жаныбекова Надира Өзбекстанда Олий Мажлиске шайланган биринчи кыргыз болуп калды. Ага чейин Өзбекстан эгемендик алгандан кийинки доордо бир да кыргыз улуттук парламентке депутат болгон эмес.

Шайлоодо электораттын активдүүлүгү БШКнын маалыматы боюнча 71% түздү. Шайлоочулар мыйзам чыгаруучу палатага 750 талапкердин ичинен тандап 128 депутат шайлашты.Бул Өзбекстанда Мирзиёев президент болгондон кийинки биринчи парламенттик шайлоо.

Бул шайлоо июнда кабыл алынган жаңы шайлоо кодексинин негизинде өттү.

**?! Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Депутат ким жана анын милдети жөнүндө тексттен кандай маалыматтар алдыңар?
2. Мамлекетибизде депутаттар кандай шайланат?
3. Депутаттардын кандай укуктары бар жана алар элдер үчүн кандай кызматты аткарышат?
4. Жаныбекова Надира Абдусаломовна ким жана ал жөнүндө текстте кандай маалыматтар берилген?
5. **«Биздин айылдын депутаты»** деген темада макала жазгыла.
6. Депутаттык шайлоо Жаныбекова Надира Абдусаломовнанын алдына кандай милдеттерди коёт?

Эсиңерге сактагыла! Кыймыл-аракеттин башка бирөөлөр тарабынан иштелгендигин, аткарылгандыгын билдирген этиш сөздөр ар кылуу мамиле деп аталат.

**Тапшырма 1.1.** Кластер методу менен иштөө. Төмөнкү берилген мүчөлөрдү этиш сөздөргө улап, аркылуу мамиле этиштерди жасагыла, аларга сүйлөмдөр түзгүлө жана лексикалык жана морфология белгилерин айтып бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


***1-топко:***



***2-топко:***








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1.1. Өз алдынча иштөө.** Окуп чыгып, андан аркылуу мамиле этишти көчүрүп жазгыла. Эмне үчүн аркылуу мамиле экендигин аныктап, эрежесин айтып бергиле. Мүчөсүн ажыраткыла.

1. Сакалын куудай агартып, саяпкор, тапкор сынчы өткөн. 2. Дөбөт менен мышыкты кабыштырган балалык. 3. Алты жашка барганда, ата-энесин коркутуп, ыйлап турган балалык. 4. Түнөрөт күндү көргөзбөй, карагай, арча, кайың чер. 5. Эстелигин тургузуп, эл-журтуна дүң кылды. 6. Эгер жакшы иш болсо, аны ого бетер өөрчүт. 7. Эл менен эл болоюн десең, сөзүңдү дайыма аткар.


**Тапшырма 1.3.** «Даймонд» стратегиясы менен иштөө. Төмөнкү берилген тапшырма боюнча этиштерди туура жазууга аракеттенгиле.

Ү л г ү : **Шарты:** **Мисалдар:**

1. Болгон экен, ойноп жатат;
2. Бараар эмес барар, кеээр эмес келер;
3. Берер-бербес, алар-албас;
4. Келген бейм, алган го;
5. Бар+га+мын, бар-га-мын, бар+гам;
6. Ойноп-күлүп, сүйлөй-сүйлөй;
7. Бара жатат-баратат, келе жатат-келатат.

**Тапшырма 1.4.** Топтук ыкма. Төмөнкү этиш сөздөрдү орфография эрежелери негизинде туура жазгыла жана сүйлөмдөр түзгүлө.

***1-топко:***







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***2-топко:***




**Тапшырма 1.5.** Төмөнкү берилген этиш сөздөрдү окуп, алар кайсы мамиле этишке таандык экендигин аныктагыла. Алардын айрымдарына сүйлөмдөр түзгүлө.

Жеткир, алдыр, атказ, эмиз, көрсөт, билгиз, окут, коштош, жуун, чачыл, көрүн, жай, бер, оку, жаз, ачын, таран, көрүн, оңол, кесил, чечил, алыш, көрүш, санаш, алдыр, отургуз, жеткир.

| Негизги мамиле | Кош мамиле | Өздүк мамиле | Туюк мамиле | Аркылуу мамиле |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |

**Тапшырма 1.6.** Окуп чыккыла, этиштин мамилелерин таап, кайсы мамиле экендигин, кандай мүчөлөрдүн жардамы аркылуу жасалганын далилдегиле. Ар бир мамиленин эрежелерин айтып бергиле.

1. Дүйшөн мугалим болуп жүрүп, билимим аз деп өкүнөр эле. 2. Аккан сууну бойлошот, кой дегенге болбостон, балчык кечип ойношот. Атчан адам көрүнсө, үркүтмөккө жол тосот. 3. Сизге баян кылайын, китептерде сөзү бар, ынанбасаң табайын. 4. Адамдын акын жегенди, акыретте текшерсе, бейишке чыгам дегенди, алла таала текшерсе. 5. Эне сүтү бойду өстүрөт, эне тили ойду өстүрөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Этиштин мамилелерин морфологиялык жактан талдоонун тартиби:

Талдоонун үлгүсү:

Келишти, өчүр, берилди, кийин, бийлет, жуунушту.

О о з е к и:

Келишти – этиш, заттын кыймыл-аракетин билдирди. Бул сөз – туунду этиш, *–ыш* мүчөсүнүн жардамы менен жасалды.

Кыймыл-аракеттин бир канча адам тарабынан биргелешип, кошулушуп аткарылгандыгын, иштелгендигин билдирди.

У ң г у с у – кел, мүчөлөрү – *ыш, -ты*.

Мындагы - ыш мүчөсү кош мамиле этишти уюштуруучу мүчө, *-ты* – өткөн чактын мүчөсү.

Жуунушту – этиш, кыймыл-аракетти билдирди, өткөн чак, туунду этиш, *-ын (-н), -ыш, -ты* мүчөлөрү аркылуу жасалды. Уңгусу – жуу, мүчөлөрү – *-ын, -ыш, -ты; -ын* – өздүк мамиленин; *-ыш* – кош мамиленин мүчөсү; *-ты* – өткөн чактын мүчөсү, мында этиштин мамилелери айкалышып айтылды.

**Тапшырма 1.7.** Берилген сүйлөмдөрдү окуп чыгып, этиштин мамилелерине морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

1. Бышты чыккан кезинде,
   Улакка сурап миништи.
   Укмуштугун билишти.
   Арага ар ким кириšти.
2. Калкымдан аздым көрүнбөй, кайгы жеп ичтен бөлүнбөй.
3. Сууларга канал курулду, таштак жерге бурулду.
4. Асыл кийим кийгизем, Аккуланы мингизем.

5 Сандыргалуу сандыгым, сары алтынга толтурду, санаам менен болтурду.

6. Бай манапка жегизип, бачагар кедей дегизип, башымдан далай күн өттү.

7. Кудай алган бөктөргү, чалынып жатып калды дейт. Чыгарып тордон алды дейт.

8. Байдын кооз буюмдары ичкериден алдырылды.

9. Депутаттар бизден көрсөтүлүштү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЖЫЛ БОЮНЧА ӨТҮЛГӨНДӨРДҮ КАЙТАЛОО ЖАНА ТЕКСТТЕРДИ ЛОГИКАЛЫК ЖАКТАН ТАЛДОО

## 1. Кесип жөнүндө

1. Кесип тандоодогу маанилүү өзгөчөлүктөр.
2. Түрдүү кесип ээлери.
3. Кесип тандоодогу маанилүү сапаттар.

**Тапшырма 1.1.** Төмөнкү сөздөргө *-чы* мүчөсүн улап жазгыла. Схеманы пайдаланып, топторго бөлүштүргүлө.

***о, у -чу***
***ө, ү -чү***
***а, ы- -чы***
***э, и -чи***

Котормо … , ыр … , китепкана … , укук … , куруу … , сатуу … ,
тигүү … , эсеп … , тергөө … , кызмат … , окуу … , жумуш…, сак-
тоо … , жазуу … , уйку … , өрт өчүрүү … , жылкы … , тарбия … , айдоо … , кароол … , ширетүү …

**Тапшырма 1.2.** Сүрөттү карагыла. Кандай кесиптин ээлерин көрүп турасыңар? Төмөнкү көрсөтмөнүн негизинде жооп берип, жуптарда ой бөлүшкүлө.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE















*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Көрсөтмө.* Бул – ... , себеби ал ... .

**Тапшырма 1.3.** Төмөнкү сөздөр кайсы кесипке тиешелүү?

Окутат, тамак бышырат, кыш куят, эт туурайт, укугун коргойт, ийне саят, дарылайт, суу кайнатат, мыктайт, куурат, өлчөйт, тергейт, чач кыркат, жасайт, кездеме кесет, сакайтат, тарбиялайт, кийим бычат, кездеме тандайт, сабиз аарчыйт, сурайт, чач тарайт, кийим тигет, чиет, үйрөтөт.

| Кесиптер | Тиешелүү сөздөр |
|---|---|
| Дарыгер | |
| Укук коргоочу | |
| Ашпоз | |
| Куруучу | |
| Мугалим | |
| Чачтарач | |
| Тигүүчү | |

**Тапшырма 1.4.** Жогоруда берилген сүрөттөр боюнча кесип ээлерине байланыштуу сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө жана төмөнкү суроолорго жооп бергиле .



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Айбек ким болуп иштейт?
2. Элдиярдын кесиби эмне?
3. Аселдин кесиби изилдөөчү, бирок ал ким болуп иштейт?
4. Кимдин кесиби котормочу?
5. Асел сүрөтчүбү?

**Тапшырма 1.5.** Кесип тандоодо кайсы эң маанилүү өзгөчөлүктөргө таянасыңар? Өз алдынча ойыңарды жазгыла. Жуптарда ой бөлүшүп, идеяларды тизмектегиле.

**Тапшырма 1.6.** Текстти инсерт ыкмасын колдонуп окугула.

### Кесип тандоо

Адамдар кесиптерин түрдүү кырдаалга жана жеке түшүнүктөрүнө жараша тандашат. Себеби кесип жөнүндө толук маалыматка ээ болбогондуктан, алардын ойлору өзгөрүүгө учурап турат. Андыктан кесип тандоодогу негизги өзгөчөлүктөр жөнүндөгү маалыматтарды берүүнү туура деп эсептедик. Кесип тандоодо төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр эске алынат.

**Жеке өзгөчөлүктөр:**

акылы
жөндөмдүүлүгү
кызыгуусу
кулк-мүнөзү
жынысы

**Физиологиялык өзгөчөлүктөрү: жаш, бой, салмак, ден соолугу ж.б.**

Үй-бүлөгө таандык өзгөчөлүктөр:
үй-бүлөнүн жашоо (экономикалык) деңгээли
маданий деңгээли
үй-бүлөнүн баладан күткөндөрү
ата-эненин, бир туугандардын кесиптери
авторитар ата-эне
кайдыгер ата-эне

**Чөйрөгө жараша өзгөчөлүктөр:**

аймактык өзгөчөлүктөр
технологиялык өнүгүүлөр
өлкөнүн экономикалык абалы
кээ бир аймакта маанилүү, барктуу болгон кесиптер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эми аталган өзгөчөлүктөрдүн таасирлерин тактап көрөлү.

**1.** Жеке өзгөчөлүктөр инсандын акыл-эсин, үйрөнүү жөндөмүн, түшүнүү,кабыл алуу деңгээлин көрсөткөн сапат болуп эсептелет. Кишилер өз ара акыл-эс деңгээлине,адамгерчилигине, мүнөзүнө жараша бири биринен айырмаланат. Бул кызыгуусуна, кабыл алуусуна, билимине да таасир тийгизет. Оңой үйрөнгүлө турган, ойлоо күчүн анча талап кылбаган кесипте иштегендер менен үйрөнүүсү оор жана акыл эмгегин, ойлоо күчүн көп талап кылган кесиптерде иштегендердин арасында айырма бар. Мисалы, заводдун цехинде ар дайым станоктон бир тетикти жасаган жумушчу менен ошол станоктун долбоорун чийген инженердин иштери түрдүү ойлоо күчүн талап кылат.Жөндөмдүүлүк – адамдардагы өзгөчө сапат. Белгилүү бир иш-аракетти жасоо үчүн тубаса талант менен кийин үйрөнгөн «жасай алуу» күчүн жөндөмдүүлүк дейбиз. Жөндөмдүүлүк адамдын кызыгуусуна жараша өзгөрөт. Мисалы, сүйлөө жөндөмү, эсептөө жөндөмү, искусствого болгон шыгы, музыкалык аспаптарда ойной алуу, сүрөт тартуу, жаңы моделдерди жаратуу ж.б.

**Кызыгуу** – бир ишке белгилүү бир убакыт ичинде алаксуу же жакшы көрүү. Кызыгуу көбүнчө белгилүү бир убакыттан кийин өзгөрүп, тарап кетиши, тескерисинче, өмүр бою калышы да мүмкүн. Башкача айтканда,ишке кызыгып кесип тандоо, убакыт өткөн сайын тандаган кесибинин ага төп келбегенин, жөн гана убактысын өткөрүп жатканын ойлоп,өзүн кызыктырган башка кесипти тандоо жөнүндө чечим чыгарышы керек болот. Ошондуктан жаштар да өз кызыгуусуна жараша кесип тандоосу, тандоодон мурун жакшылап ойлонуусу шарт. Кулк-мүнөз бир кишинин башкалардан айырмалаган өзгөчөлүктөрүн камтыйт. Жаштардын кесип тандоосу мүнөзүнө жараша деген ойлорго караганда бирөө кесип тандап жатып, ошол эле убакта өзүн бул жолго салып жаткандыр. Бул жагынан алып карасак, адамдын өзү жөнүндө ойлоосу, өзүнө берген баасы менен тандаган кесиби арасында кандайдыр бир байланыш бар. Мындан «кесиптик мен тууралуу» сөз кылууга болот. «Кесиптик мен» адамдын кайсы кесиптик ролду жактырып жана сыймык менен тандаганы жөнүндө ойлорун чагылдырат. «Кесиптик менде» кесипти сүйүп, ошол кесипте өзүн ойлойт, элестетет. Жаңылыштык менен туура эмес кесип тандоо адамдын мүнөзүнүн өзгөрүшүнө, ишине канааттанбоосуна түрткү болот, бат чарчайт ж. б. Мисалы, мугалим, доктур, инженер, ветеринар, адвокаттар кесиптерине ылайык мүнөздөрү менен бири-биринен өтө эле айырмаланып турушу мүмкүн.

**Жынысы.** Байыркы уруулар, элдер жашаган доорлордон бери эле адамдардын жынысы кесип тандоодо маанилүү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

роль ойногон. Байыркы замандарда да эркектерди аңчы, үй-бүлөсүн баккан; аялдарды болсо балдарды чоңойтуп, тарбиялоочу, үй иштерин жасаган үй бүлө катары көрүшкөн. Аялдын кесип тандоосу жана үйдөн алыс иштөөсү XX кылымга тиешелүү көрүнүш болуп эсептелет. Жыныска байланыштуу коомдук көз караштар, ишенимдер жана пикирлер кесип тандоого жол ачат.

Мисалы, кесиби архитектор, инженер болгон же иш сапарга көп чыга турган, нөөмөткө (күзөткө) көп кала турган аялдар үй-бүлө, турмуш шартына жараша иштей албаган учурлар көп болот. Ушул себептен кыз балдардын туура кесип тандоосуна жол көрсөтүп, коомдо эркектер үчүн да, аялдар үчүн да кесиптер бар экендигин айтып, анда иштеп кете алаарын түшүндүрүп, бул кесиптин жакшы-жаман, каалаган жана каалабаган жактарын ачык айтып, үйрөтүү зарыл. Азыр да мурунку убактагыдай эле кесип тандоодо жыныстын ролу бар. Кыздар көбүнчө үйгө тиешелүү же болбосо социалдык тармактарда кишилер менен,- же компьютерде иштей турган кесиптерди тандашса, эркек балдар көпчүлүк учурда үйдөн алыс сыртта же илимий изилдөөлөр менен алышып, техника менен иштей турган, саясатка байланыштуу болгон, же күч эмгегин талап кылган кесиптерди тандашат. Азыр Германияда жана Европанын айрым өлкөлөрүндө, Японияда жалаң гана «айымдарга ылайык» болгон, үй экономиясы, токуучулук, тигүүчүлүк, дизайн, ашпоздук, балдар бакчасында тарбиячы, башталгыч класстын мугалими сыяктуу кесиптер берилет. Кесип тандоодо да маанилүү роль ойногон башка бир фактор – физиологиялык өзгөчөлүк болуп эсептелет. Мисалы, кээ бир кесиптерде бою, салмагы, туюу органдарынын бешөөнүн тең чың болушу, шамдагайлык ж. б. талап кылынат. Алсак, космонавт же учкучтарда көзү курч, ден соолугу чың болушу керек. Музыканттарда манжаларынын узун болушу, балерондордо атайын окуу жайын бүтүргөнү, артисттерде, мугалимдерде, кабарчыларда,кээде саясатчыларда, айрыкча, дикторлордо дикциясынын так, үнү жагымдуу болушу талап кылынат.

**2.** Үй-бүлөгө таандык өзгөчөлүктөр. Үй-бүлөнүн коомдо өзгөчө мааниси бар. Баланын кесип тандоосунда ар кандай таасири болот. Анын дүйнөгө көз карашы, кулк-мүнөзү, баалуулуктары, кызыгуусу, кесиптер жөнүндөгү түшүнүктөрү алгачкы ирет үй-бүлөдө калыптанат. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн кесипке болгон көз карашы абдан маанилүү. Үй-бүлөнүн экономикалык жашоо шарты баланын кесип тандоосуна таасир этет. Анткени бала мындай учурда өзү каалабаган кесипти тандап, кийин өмүр бою кыйналышы мүмкүн. Андыктан, үй-бүлөнүн экономикалык абалы жакшырышы ыктымал деген ишенимди пайда кылуусу зарыл. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн билим деңгээли. Ата-эне жана бир тууган балага өз таасирин тийгизбей койбойт. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн билим деңгээли, алар-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

дын келечек жөнүндө ой жүгүртүүлөрү, кыялдануусу балдардын ойлоруна да таасир тийгизет. Ата-энени балдарга кесип тандоодо жардамдашуусу, алар менен кеңешүүсү зарыл. Бул жардам бала үчүн өтө маанилүү. Кээ бир ата-эне жоопкерчиликтен качып,«өзүң бил» деп, баланы өтө зарыл убакта жалгыз таштап койсо, кээде баласынын эмнеге шыгы бар экенин жакшы билбегени үчүн туура эмес көз караштар пайда болобу деп чочулашат. «Өзүң бил» деп балага ушундайча жардам берип жатабыз, тоскоол болбодук деп ойлошот.

Аймактык өзгөчөлүктөр. Кесип тандоодо жашаган жер, айлана-чөйрөнүн ролу чоң. Үй-бүлөнүн, тааныштарынын, тууган-туушкандардын кесиптери,баланын жолдошторунун каалаган кесиптери, жашаган жери, району,техникалык жетишкендиктер, радио, телевизор, басма сөз ж.б. баланы ойлондурат. Техникадагы жетишкендиктердин натыйжасында кол менен жасалган көп иштердин автоматтык, жарым автоматтык түрдө оңой жана бат жасалуучу иштер, кесип тандоодо белгилүү деңгээлде ойлонтот. Аймактык айырмачылык чоң ролго ээ. Мисалы, ошол аймакта шахта болсо, же башка иш бар болсо, бөлөк жерге барбай эле ошол жерде иштөө ыңгайлуу. Аймакка жараша тамеки иштетүү, мал чарбачылыгы боюнча адистерге иш оңой табылышы мүмкүн.

**Тапшырма 1.7.** Эки бөлүктүү күндөлүктү толтургула. 3 цитата тандагыла. Ар бир цитатага пландын негизинде комментарий бергиле.

| Цитата | Комментарий |
|---|---|
| **План:**<br>1. Цитатаны эмне үчүн тандап алдың?<br>2. Автордун оюн өз сөзүң менен жаз.<br>3. Эмне үчүн автор ушул ойду айткысы келген?<br>4. Жыйынтык чыгар | Үлгү: 1. Мен бул цитатаны тандап алдым, себеби |

**Тапшырма 1.8.** Жогорку «Кесип тандоо» тексти боюнча тесттик тапшырмаларды аткаргыла.

**1. «Тубаса талант» деген сөз кандай маанини туюндурат?**
а) туулгандан кийин пайда болгон талант
б) кимдир бирөөдөн үйрөнгөн талант



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

в) ген аркылуу берилген талант
г) өзү кызыгып үйрөнгөн талант

**2. Аймактык өзгөчөлүктөр деген абзацта эмне** жөнүндө **сөз болду?**
а) аймактын өзгөчөлүгүнө карай кесип тандоо тууралуу
б) аймактагы өзгөчө кесиптер тууралуу
в) ошол аймакта иштөөгө ыңгайлуулугу тууралуу
г) аймактын өзгөчөлүгү тууралуу

**3. Төмөндөгү ырастоолордун кайсынысы тексттин темасы боло алат?**
а) кесип тандоодо маанилүү өзгөчөлүктөр
б) кесип тандоодо жаңылышпайлы
в) кесип тандоонун сырлары
г) кесиптин түрлөрү жана милдеттери

**4. Кара менен белгиленген сүйлөмдөгү берилген негизги ой кайсы?**
а) Япониядагы кыздарга ылайык кесиптер жөнүндө
б) кыздарга ылайык сунушталган кесиптер жөнүндө
в) токуучулук, тигүүчүлүк, мугалимдик кесиптер жөнүндө
г) Европа өлкөлөрүндөгү кесиптер жөнүндө

**5. Тексттин мазмунунан кандай тыянак чыгарууга болот?**
а) «Жети өлчөп, бир кес».
б) «Билим алуу – ийне менен кудук казгандай».
в) «Ар бир кесип ардактуу».
г) «Жашыңдан өнөр үйрөн, мыкты кесиптин ээси бол».

**6. Кесипти туура тандоонун максаты эмнеде?**
а) үй-бүлөсүндө балага татыктуу тарбия берүү
б) сүйгөн кесиптин ээси болуу
в) келечекте жакшы жашоого умтулуу
г) бактылуу жашоо

**Тапшырма 1.9.** Топтук ыкма. Берилген тексттен биринчи топтун окуучулары атоочтон атооч жасалган сөздөрдү, ал эми экинчи топтун окуучулары атоочтон этиш жасалган сөздөрдү аныктап көчүрүп жазгыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| Атоочтон атооч жасалган сөздөр | Атоочтон этиш жасалган сөздөр |
|---|---|
| | |

**Тапшырма 1.10.** Текстти окуп чыгып, төмөнкү берилген таблица боюнча этиштен атооч жана этиштен этиш жасалган сөздөрдү аныктап көчүрүп жазгыла.

| Этиштен атооч жасалган сөздөр | Этиштен этиш жасалган сөздөр |
|---|---|
| | |

**Тапшырма 1.11.** Төмөнкү кесиптерди тематикалык топторго бөлүштүргүлө.

Аудитор, адвокат, бухгалтер, укук коргоочу, журналист, кассир, сценарист, дизайнер, маркетолог, тигүүчү, тергөөчү, сот, лингвист, англис тилчи, медэксперт, менеджер, продюсер, экономист, кыргыз тилчи, режиссёр, чачтарач, сүрөтчү, косметолог, логопед, массажист, психиатр, психолог, фармацевт, кардиолог, программист, оператор ПК, интернет-маркетолог, веб-аналитик, окутуучу, тарбиячы.

| Экономика | Укук таануу | Сулуулук жана дизайн | Маалымат технологиясы | Медицина | Кино жана телекөрсөтүү | Окуутуучулук жана тилдер |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

**Тапшырма 1.12.** Кичи топтордо иштеп, төмөнкү таблицаны толтургула. Презентациялагыла.

| Ким? | Кандай милдет аткарат? | Кайда иштейт? |
|---|---|---|
| Үлгү: *Тарбиячы* | *Балдарга тарбия берет, окутат, үйрөтөт.* | *Бала бакчада, мектепте иштейт.* |
| | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


**Тапшырма 1.13.** Текстти окуп, зат атоочтун жөндөлүшү боюнча төмөнкү таблица менен иштегиле.

| Атооч жөндөмөдөгү зат атооч сөздөр | Илик жөндөмөдөгү зат атооч сөздөр | Барыш жөндөмөдөгү зат атооч сөздөр | Табыш жөндөмөдөгү зат атооч сөздөр | Жатыш жөндөмөдөгү зат атооч сөздөр | Чыгыш жөндөмөдөгү зат атооч сөздөр |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

### Кесип тандоодогу маанилүү сапаттар

– Кесип тандоодо кайсы сапаттар маанилүү деп ойлойсуңар? Эмне үчүн?
– Ал маанилүү сапаттар силерде барбы?
– Үнөмчүлдүк деген эмне?
– Үнөмчүлдүк маанилүү сапат болуп эсептелеби?
– Эмнелерди үнөмдөсө болот? Эмнелерди үнөмдөсө болбойт?
– Үй-бүлөлүк бюджетке үнөмчүлдүк сапаты канчалык деңгээлде пайдалуу деп ойлойсуңар?
– Эмне үчүн үнөмдөш керек?

**Тапшырма 1.1.** Сүрөттү карагыла. Бул сүрөттөрдү байланыштырган эмне деп ойлойсуңар? Жуптарда ой бөлүшкүлө.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**Тапшырма 1.2.** Текстти тыным менен окугула.

## ҮНӨМЧҮЛ БОЛГОН ПАЙДАЛУУ

### I

Ата-энем мага **күнүмдүк** майда чыгымдарга акча берип турушат.Ал акчаларды үнөмдөп, досторум менен киного барам. Ашыкча чыгым кылып, ата-энемди кыйнагым келбейт.

Апама 8-март майрамына **кооз** гүлдесте белек кылсам, апам аябай таң калды. Үнөмдөгөн акчама сатып келдим десем, апам сүйүндү.Менин досторум ата-энем көп акча бербейт, кымбат кийим сатып бербейт деп арызданышат. Өздөрү колундагы акчасын **керексиз** буюмдарды сатып алып коротушат. Мен досторумду акчаны үнөмдөп колдонууга чакырам. Себеби биз өзүбүз иштеп, акча таба элекпиз. Акчаны жөн эле коротсок, анда ата-энебиздин эмгегин сыйлабаган болобуз. Ал эми **үнөмчүл** болгонду үйрөнсөк, бул келечегибизге **пайдалуу**.

**1-тыным** – Силер ал акчаларды кантип колдоносуңар? Эмне үчүн?

– Эгерде акчаны үнөмдөбөсө, эмне болот?
– Үнөмчүл болгон жакшыбы? Эмне үчүн?
– Бул баланын жоруктары силерге жактыбы? Эмне үчүн?
– Ушул бала сыяктуу силер апаңарга белек кылдыңар беле?

### II

Үнөмчүлдүк – бул жакын туугандарыңа да, **тааныш эмес** адамдарга да кам көрүү. Ал бала кезде **майда** нерселерден башталат да, **мамлекеттик** масштабдагы мааниге ээ болот.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мисалы, окуучу тапшырма аткарып жатып, туура эмес жасап алды дейли. Ал каталарды сызып өчүрдү, дептердин бетин булгады! Анан **жаңы** дептер баштады, булганган дептердин барактарынын жарымы таза бойдон ыргытты. (Кээ бир гана окуучулар дептердин таза барактарын черновикке колдонушат.) Класста 30 окуучу бар, алардын он беши дептеринин таза барактарын көп бойдон ыргытып салышат. Беш сабактан эле ушинтип 15 дептерден ыргыта беришсе, мектеп боюнча 20 класс бар болсо, анда 1 500 дептер ыргытылат. Ал эми биздин өлкөдө канча мектеп бар, билесиңерби? Бул эмне, болбогон эле нерсеби, азбы?

**2-тыным** – Үнөмчүлдүк деген эмне?

– Силер бул айтылгандарга кошуласыңарбы? Эмне үчүн?

– Терс сапаттардан кантип арылыш керек?

### III

Ал эми **эски** кийимдерчи? Модадан чыкса эле жаңы пальто, көйнөк,юбка, шым сатып алышат. Ойлоп тапкычтык менен ал кийимдерди жаңыласа болот. Өз үйүңөрдү карап көргүлөчү: ашканада суунун чоргосун жапканда көңүл бурбай чала жаап, суу тамчылай берет. Биздин өлкөдө таза сууну колдонуу үчүн болбогон акча төлөйбүз, ал эми Европада таза суу жетишпегенден аны сатып алышат. Үйлөрдө электр жарыгын өчүргөндү унутуп коюшат, бул бүт өлкө үчүн ири өлчөмдөгү чыгаша. Суу түтүгү, электр жарыгы, нан, подъезддин дубалдары, лифт, китептер, дептерлер, отургучтар, кийимдер – мунун баары көптөгөн адамдардын эмгеги жана убактысы. Эгерде биз аларды, өзүбүздү сыйласак – булардын баарын сактайлы.

**3-тыным** – Модадан чыккан пальто, көйнөк, юбка, шым силерге жагабы? Кийимдериңер жаңы кезинде эле кийилбей калган учурлар болобу? Ал кийимдерди кантип жаңылап кийсе болот? – Силер суунун чоргосун жакшылап жабасыңарбы? Үйдөн чыкканда электр жарыгын өчүрөсүңөрбү? Бул нерселер маанилүүбү? – Тексттен оюңардын туура экенин далилдеген сүйлөмдөрдү тапкыла.

### IV

Илимий-техникалык революциянын мааниси адамдардын күчүн жана эмгегин үнөмдөө болуп эсептелет. Илимпоздор, инженерлер жүк ташуунун ылдамдыгын чоңойтуп, унааларды жакшыртып жатышат. Мурун жумалап, айлап жүргөн алыс жактарга учактар азыр бир нече саатта жеткирет.

Почтанын ордуна мобилдик телефондор, радио, телевидение алмашты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бирок машиналар баарын жасай алышпайт. Аларга адамдардын үнөмчүлдүгү, кылдат мамилеси керек.

**Тапшырма 1.1.** Тексттин ар бир абзацына тема тандагыла.

### Тандооңорду негиздегиле

**Тапшырма 1.2.** Кайсы кесиптин ээлери үнөмчүлдүк жөнүндө өзгөчө көп ойлонушат деп ойлойсуңар? Эмне үчүн? Жуптарда кеңешкиле, жалпы топто ойлоруңар менен бөлүшкүлө.

**Тапшырма 1.3.** Текстти окуп чыгып сапаттык жана катыштык сын атоочторду аныктап көчүрүп жазгыла жана аларга сүйлөмдөр түзгүлө.

| Сапаттык сын атоочтор | Катыштык сын атоочтор |
|---|---|
| | |
| | |

**Тапшырма 1.4.** Төмөнкү эссени окугула, суроолорго жооп бергиле.

Мен чоңойгондо кайсы кесипке ээ болууну чече элекмин. Кесип тандоо – жөнөкөй иш эмес. Себеби дүйнөдө абдан кызыктуу кесиптер көп да. Балким мен врач болуп, эң жаман ооруларды айыктырам. Же космос мейкиндигин аралап, ааламга саякаттайм. А балким, биздин планетанын сырдуу жерлерин изилдейм, же болбосо буудай өстүрүп, нан бышырам. Илимпоз болуп, энергиянын жаңы түрүн табам, же апамдын ордуна ашканада тамак жасай турган роботту ойлоп табам.Мен азыр болгону … класстын окуучусумун, келечекте кандай кесипке ээ болоорумду айтуу мен үчүн кыйын. Бирок мен адамдарга пайдалуу эмгектенем, ошондо мектептен алган билимим мага жардам берерине ишенем.

– Кесипти тандоо чын эле оорбу? Эмне үчүн?

– Врач эмне кылат? Илимпоз эмне кылат? Космонавтчы?

– Эгерде окуучу мектепте жакшы окуса, анда келечекте мыкты эмгектене турганына кошуласыңбы? Эмне үчүн?

– Бул окуучу канчанчы класста окуйт деп ойлойсуң Эмне үчүн?

**Тапшырма 1.5.** Мен кайсы кесипти тандайм? Суроолорго жооп бергиле, чакан текст түзгүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сен кайсы сабактарды өзгөчө жакшы окуйсуң?
Келечектеги кесибиң ошол предметтерге байланыштуубу?
Кайсы кесипти тандадың? Эмне үчүн?
Өзүңө кыскача мүнөздөмө бер. Сенде кайсы сапаттар бар?

Текст түзүүдө төмөнкү баалоо критерийлерин пайдалангыла:
1. Мазмуну так, толук ачылган.
2. Текстте каталар жок же каталар тексттин мазмунун түшүнүүгө тоскоолдук кылбайт.
3. Көлөмү 8–10 сүйлөмдөн ашпаган.

**Тапшырма 1.6.** Текстти окуп, кара тамга менен берилген сын атооч сөздөрдүн синтаксистик кызматын аныктагыла.

| Аныктоочтук | Баяндоочтук | Бышыктоочтук |
|---|---|---|
| | | |

**Тапшырма 1.7.** Тексттеги кара тамга менен берилген сын атооч сөздөрдү заттык мааниде колдонтуп жазгыла жана аларга сүйлөмдөр түзгүлө.

Искусство жана маданият
1. Музыка
2. С. Каралаев – улуу манасчы

**Тапшырма 1.8.** Сөздөрдү жана сөз айкаштарын окугула. Түшүнүксүз сөздөрдүн маанилерин аныктагыла. Төмөнкү сөздөрдү тематикага бөлүштүргүлө.

Сөздөр: калем, аңгеме, эстелик, живопись, акын, спектакль, бийчи, автор,
– галерея, ооз комуз, драматург, айкел, ырчы, симфония, сүрөтчү, пейзаж,
– комуз, жазуучу, портрет, обон, аткаруучу, күү, режиссёр, актёр, оркестр,
– картина, көргөзмө, көшөгө, повесть, поэма, коюучу-режиссёр, оператор

**Тапшырма 1.9.** Кимди жактырасың?

Мен ---- сүрөтчүнү...
музыкант...
балерина...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

актёр....
бийчи...
ырчы...
комузчу – жакшы көрөм. Анткени ...

**Тапшырма 1.10.** Маектешиңер менен аңгемелешкиле. Маектешиң эмнеге кызыгарын сурагыла. Төмөнкү суроолордон пайдалангыла.

1. Музыканын кайсы түрүн жактырасың? Классикалык, заманбап музыканыбы же элдик музыканыбы? Концертке барып турасыңбы?
2. Кинону жакшы көрөсүңбү? Кандай фильмдер жагат? Жакында кайсы фильмди көрдүң? Анын эмнеси эсиңде калды?
3. Белгилүү сүрөтчүлөрдү билесиңби? Сен сүйгөн сүрөтчү ким? Портреттер жагабы же пейзажбы?
4. Театрга баргансыңбы? Сага балет, опера, драма, комедиялар жагабы?
5. Эл кайсы театрга көбүрөөк барышат. Эмне үчүн?

**Тапшырма 1.11.** Маанилерди тиешелүү сөздөр менен туташтырып, искусство темасы боюнча чакан текст түзгүлө.

| | |
|---|---|
| **Адабиятчы** | – чындыкты көркөм образдарда чыгармачылык менен көрсөтүү; көркөм чыгармачылык өнөрү; көркөм чыгармачылыктын бир тармагы. |
| **Бедизчи «скульптор»** | – белгилүү бир музыкалык ыргакты сактагандагы үн. |
| **Күү** | – скульптура жасоого адистешкен сүрөтчү. |
| **Обон** | комузда чертилүүчү же башка музыкалык аспаптарда аткарылуучу музыкалык чыгарма, обон. |
| **Жазуучу** | поэзиялык чыгарма жараткан автор, ыр жазган адам. |
| **Акын** | – көркөм-адабий кара сөз чыгармаларды жазган адам. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| | |
|---|---|
| **Көргөзмө** | – көпчүлүккө көрсөтүлүүчү ар кандай нерселердин жыйындысы жана аларды коюучу жай, орун. |
| **Театр** | – адамдын ички сезимдерин жана идеяларын ритмикалык жана интонациялык түрдө бириккен үндөр менен берүүчү искусство жана ошол искусствонун чыгармасы. |
| **Музыка** | драма, опера, балет сыяктуу сахналык оюндарды актёрлор аркылуу көрүүчүлөргө элестүү кылып көрсөтүү искусствосу. |
| **Кино** | тилдин, көркөм сөз каражаттарынын жардамы менен адабий образдарды түзүүчү искусствонун бир түрү. |
| **Искусство** | кинематография, киноискусство, кинофильм, кинотеатр деген түшүнүктөрдү билдирүүчү жалпы ат. |

**Тапшырма 1.12.** Сөздөрдү тиешелүү жерге коюп, сүйлөмдөрдү толуктагыла. Сүйлөмдөрдөгү ойду өз сөзүңөр менен айтып бергиле.

| Сүйлөмдөр | Сөздөр |
|---|---|
| Байыркы гректер ырчы … жөнүндө миф чыгарышкан. Анын ыры … жараткан.<br>Ал кифарасын … алып, … коштоп ырдай баштаганда шамал … шуудуратпай тык токтоткон.<br>Булардын бардыгын кереметтин керемети – … арбап, өзүнө баш ийдирген.<br>Байыркы мезгилдерде … мына ушундайча жогору баалашкан. | жалбырактарды<br>колуна<br>Орфей<br>музыканы<br>күүнү<br>музыка<br>кереметтерди |

**Тапшырма 1.13.** Текстти окуп, белгиленген фразалардын маанилерин түшүндүргүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МУЗЫКА

Байыркы гректер ырчы Орфей жөнүндө миф чыгарышкан. Жебе же кылыч коргой албаган, күч же тайманбастык жардам бербеген учурларда Орфейдин ыры кереметтерди жараткан. Ал кифарасын колуна алып, мукамдуу күүнү коштоп ырдай баштаганда шамал жалбырактарды шуудуратпай тык токтотуп, алыстагы аскалар аны утурлай жылып, деңиз мемиреп, жапайы айбандар ийиндеринен чыгып, ажайып ырчыны ээрчиген. Булардын бардыгын кереметтин керемети – музыка арбап, өзүнө баш ийдирген. Байыркы мезгилдерде музыканы мына ушундайча жогору баалашкан.

Эмне үчүн гректер ырчы Орфей жөнүндө миф чыгарышкан? Оюңарды үч-төрт мисал менен далилдеп жазгыла.

Төмөнкү таянычты пайдалангыла: *Гректер Орфей жөнүндө миф чыгарышкан, себеби ... .*

Орфейге мүнөздөмө бергиле. Төмөнкү таянычты пайдалангыла:

*Орфей – ... Ал ... болуп эсептелген.*
*Орфей – керемет музыкант, анткени ... .*
*Орфей кифарасын колуна алганда ... .*
Орфей – ажайып ырчы, себеби ... .

**Тапшырма 1.1.** Аралашкан сүйлөмдөрдү логикалык жактан байланыштырып, текст формасына келтирип, тизмектеп чыккыла. Талкуулагыла.

### Саякбай Каралаев – улуу манасчы

**Тапшырма 1.2.** Чачылган сүйлөмдөрдөн текст түзгүлө.

1. С. Каралаев «Манас» эпосун бир нече айлар бою тынымсыз аткарган.
2. Аны 1936-жылы Кыргыз мамлекеттик филармониясына «Манас» айтуучу катарында кабыл алышкан.аткарган.
3. Аны XX кылымдын Гомери деп аташкан.
4. С. Каралаевдин манасчылык таланты балалык кезинде чоң апасы Дакиштин таасири астында ойгонгон.
5. 1918-жылдан баштап С. Каралаев «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү өз алдынча айта баштаган.
6. Улуу манасчынын айтуусу боюнча «Манас» эпосу жазылып алынган.
7. Ошондой эле Акылбек манасчыдан да таалим алган экен.
8. «Манас» айтууну белгилүү манасчы Чоюке Өмүровдон үйрөнгөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

9. Саякбай Каралаев Тоң районунун Семиз-Бел айылында 1894-жылдын 7-сентябрында туулган.

**Тапшырма 1.3.** Текстти окуп, өзүңөр түзгөн текст менен салыштыргыла.

## САЯКБАЙ КАРАЛАЕВ – УЛУУ МАНАСЧЫ

Саякбай Каралаев Тоң районунун Семиз-Бел айылында 1894-жылдын 7-сентябрында туулган. Анын манасчылык таланты балалык кезинде чоң апасы Дакиштин таасири астында ойгонгон. 1918-жылдан баштап С. Каралаев «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү өз алдынча айта баштаган.1924- жылы ал белгилүү манасчы Чоюке Өмүровго жолугуп, бир нече жылдар ичинде андан «Манас» эпосун айтууну үйрөнгөн. С. Каралаев өзүнүн эскерүүлөрүндө белгилүү манасчы Акылбек жөнүндө дагы өзүнүн устаты катары эскерген. 1930-жылдан көрүнүктүү манасчы болуп эсептелген. Аны 1936-жылы Кыргыз мамлекеттик филармониясына «Манас» айтуучу катарында кабыл алышкан. Улуу манасчынын айтуусу боюнча «Манас» эпосу жазылып алынган. С. Каралаевдин толук варианты боюнча «Манас» эпосун жазуу иши 1935-жылы башталып, 1937-жылы үчилтиктин биринчи бөлүгү, кийин «Семетей», «Сейтек» жазылып алынган. Мурда белгисиз болгон Кенендин, Алымсарыктын жана Кулансарыктын окуялары эпостун уландысы болгон.«Манас» эпосунун бул вариантынын жалпы көлөмү 500553 ыр саптарын түзгөн. Дүйнө элдеринин эпостору менен салыштырганда көлөмү боюнча Гомердин «Илиада» жана «Одиссеясынан» 20 эсе, «Шахнамеден» 5 эсе,«Махабхаратадан» 2 эсе чоң.

С. Каралаев «Манас» эпосун бир нече айлар бою тынымсыз аткара алган. Аны XX кылымдын Гомери деп аташкан.

**Тапшырма 1.4.** С. Чокморов тарткан улуу манасчы С. Каралаевдин портреттеринен бештен кем эмес окшоштуктукту, бештен кем эмес айырмачылыкты тапкыла.

| Окшоштуктар | Айырмачылыктар |
|---|---|
| Үлгү: 1-окшоштук. С. Каралаев – улуу манасчы, эки сүрөттө тең ал отурган калыбында тартылган. | Эки сүрөттүн айырмачылыгы: С. Каралаев биринчи сүрөттө отурат, ал эми экинчисинде «Манас» айтып жатат. |
| | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.5.** Топтук ыкма. Текстти окуп чыгып, сан атоочторду аныктагыла . Биринчи топтун окуучулары жөнөкөй сан атоочту, экинчи топтун окуучулары татаал сан атоочту көчүрүп жазгыла.

***1-топко:***



***2-топко:***



**Тапшырма 1.6.** Тексттеги сан атоочторду аныктап, аларды таблица боюнча түрлөргө ажыраткыла.

| Эсептик сан атооч | Иреттик сан атооч | Жамдама сан атооч | Топ сан | Чамалама сан атооч | Бөлчөк сан |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |

## ЖООМАРТ ШООЛАЛУУ ЖЫЛДЫЗДАР, ЖЕ БИР УУЧ ТОПУРАК

**М. Шаханов**

XX кылымдын ушул улуу феномени кандай жагы менен эсиңизде калды? Ч. Айтматов.

1959-жылы Москвадан окууну бүтүрүп, элге жаңыдан кайткан кезим. Партия мектебинин угуучулары Саякбай Каралаев, Карамолдо Орозов сыяктуу кыргыздын аты уулу алптарын чакырып,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

атайы жолугушуу өткөрүштү. Угуучулар жалаң кыргыздар эмес, арасында орус, немец аралаш түрдүү улуттун өкүлдөрү бар эле. Ал эми манасчылар менен өнөрпоздордун көпчүлүгү орусча билишпейт. Эки ортодо котормочу болдум. Кезек Саякбайга келди.– «Манасты» канча жашыңыздан баштап айта баштадыңыз? Алгачкы устатыңыз ким? Бир кишинин башына ушунча ташкындаган ырлар кантип баткан? – дешип жыйындагылар суроону үстөккө-босток жаадырып жатышат. – Бала кезимде кой кайтарып жүрүп бир теректин түбүнө уктап калыпмын, – деп баштады аңгемесин С. Каралаев. – Бешим ченде ат дүбүртүнөн ойгонуп кеттим. Уйкулуу көзүмдү ачсам, туура мага карай аргымакчан бир зор алыбеттүү киши чымын-куюн болуп келе жатат. Колундагы найзасы күнгө чагылышып, жарк-журк этет. Тулпарынын эки көзү оттой жанып, ооздугун карс-курс чайнайт. Омуроолотуп келип тизгин тартты. Ашыкпай атынан түштү да:

– Эй, бала, бул жатышың кандай? – деди.

– Уктап калыпмын.

– Сенин оозуңа зор бакыт куюлат. Мындан ары сен «Манасты» айтасың. Кана, ач оозуңду! – Оозумду ачсам, алиги адам заарын бүркүп жибергени. Ак маржандай куюлган көбүктүн оозумда буркураганы ушунчалык, тумчугуп кала жаздадым... А-бу дегиче аттуу киши көздөн кайым болду. Мага жолуккан адам арбак, балким, кыдыр чыгар, ошондон баштап «Манасты» айтып кеттим.... С. Каралаев аңгемесин токтотор эмес, мен айткандарын калтырбай которуп олтурдум.Окуянын так ушул жерине келгенде чекем тердеп, буйдалдым. Сөзмө-сөз которсом, көпчүлүктүн ичинде аялдар да отурушат. Башка улуттун өкүлдөрү «арбак», «кыдыр» дегендердин маанисин анча түшүнө бербеши ыктымал. Айлам кетип, акыры окуянын күчөгөн жерин «оозума түкүрдү» деп котордум. Мунун өзү да угуп отургандарга оңой таасир эткен жок. Андан бери канчалаган жылдар өттү. Бул тууралуу эч кимге ооз ачкан эмесмин. Жөн гана жакында өткөн Белгиядагы бир жолугушуу учурунда С. Каралаевге байланыштуу окуяны ошол болгон абалында баяндап бердим. Бир француз калемгери: – Муну неге айтпай жүргөнсүз? Эң керемет жери ушул эмеспи? – деп айран таң калбаспы.

*(Ч. Айтматов «Аскада калган аңчынын ыйы»)*

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп чыгып, ат атоочторду аныктап көчүрүп жазгыла жана алардын морфологиялык маанисин айтып бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.2.** Топтук ыкма. Тексттеги ат атоочторду түзүлүшүнө карай топко бөлүп көчүрүп жазгыла.

***1 топко:*** ***2 топко:***





**Тапшырма 1.3.** Тексттеги ат атоочторду маанисине карай ажыратып жазгыла жана аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

| Жактама ат атооч | Шилтеме ат атооч | Сурама ат атооч | Тангыч ат атооч | Аныктама ат атооч | Белгисиз ат атооч |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |

**Тапшырма 1.4.** Тесттик тапшырмаларды аткаргыла

**1. Текстке мүнөздөмө болууга ылайыктуу фразаны белгилегиле:**

а) Белгиядагы жолугушууда француз калемгеринин абалы тууралуу;

б) Каралаевдин манасчы болуп калышынын себептери тууралуу;

в) С. Каралаевге орус, немец улутунун окүлдөрү суроолорду жаадырышы тууралуу;

г) С. Каралаевдин аңгемесине котормочу болгондугу тууралуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**2. Партия мектебинин угуучулары кимдер?**
а) Саякбай Каралаев, Карамолдо Орозов
б) кыргыздар, орустар, немецтер
в) манасчылар менен өнөрпоздор
г) белгиялыктар, францыялыктар

**3. 8-саптагы «чулу алптарын» деген сөз айкашты кандай түшүнөсүңөр?**
а) чулдурап такыр тынбаган адамдар
б) бир жаагы чулчуюп калган адамдар
в) чулгоосун башына чулгап алган адамдар
г) мыкты, күчтүү улуу адамдар

**4. 41-саптагы «көздөн кайым болду» деген фразаны кандай түшүнөсүңөр?**
а) тез убакыттын ичинде көз алдына пайда болуу
б) тез убакыттын ичинде көз жаздым кылуу
в) тез убакыттын ичинде көзгө көрүнбөй жок болуп кетүү
г) тез убакыттын ичинде көзгө сайса көрүнгүс караңгы болуу

**5. С. Каралаевдин айтканы боюнча, анын бала кезинде көргөн түшүнөн улам кандай өзгөрүү болгон?**
а) атчан адам оозуна түкүрүптүр
б) жолуккан адамды тааныбай калган
в) «Манас» айтып баштаган
г) бала ошол түштөн чочуп калган

**6. 47-саптагы «буйдалдым» деген сөздү кайсы сөз менен алмаштырсак мааниси өзгөрбөйт.**
а) сүрдөдүм
б) тайсалдадым
в) санааркадым
г) кыйналдым

**7. 53–55-саптарда «Мунун өзү да угуп отургандарга оңой таасир эткен жок» деп эмне жөнүндө айтылды?**
а) арбак, кыдыр
б) оозума түкүрдү
в) окуя
г) аңгеме

**8. 44–51-саптардын мазмунан кандай тыянак чыгарууга болот?**
а) сөзмө-сөз которуу түшүнүксүз
б) котормочулук да оңой эмес
в) бардык сөздөрдүн котормосу боло бербейт
г) котормонун таасири зор



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Өзбекстандын жаратылышы жана өсүмдүктөрү жөнүндө эмнелерди билесиңер?

Сүрөттөрдү карап, Өзбекстандын жаратылышы жөнүндө айтып бергиле.

**Өзбекстанда өсүмдүктөрдүн кайсы түрлөрү өсөт?**

**Тапшырма 1.5.** Сүрөттөгү бак-дарактардын аталыштарын жазгыла. Силер жашаган жерде кайсы бак-дарактар өсөт?



**Жардамчы сөздөр:** *терек, карагай, кызыл карагай, кайың, эмен, мажүрүм тал.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.6.** Жаңылмачты айткыла.

Бак – шагы менен бак,
Шак – багы менен шат.
Шаттуу бактын шагы көп,
Шактуу бактын баары көп.

**Тапшырма 1.7.** Табышмактарда кайсы бактар жөнүндө айтылган? Жообун тапкыла.

Жыл мезгилин ылгабас,
Кыштыр-жайдыр кургабас.
Жайында ысыкты дегдейт,
Кышында суукту сезбейт,
Кийгени жашыл жибек,
Жай-кышы түк чечпейт.
Сапаттык сын атоочтор:
Кандай? Арчанын белгиси:
жыттуу, пайдалуу
бийик, чоң арча сапаты
көк-жашыл бийиктиги, өлчөмү
коюу, суюк өңү-түсү
жакшынакай өзгөчөлүгү
сырткы көрүнүшү

**Тапшырма 1.8.** Үлгү боюнча Өзбекстанда өскөн бактар жөнүндө айтып бергиле.

*Үлгү:* Алмурут**тун** бийиктиги ... . Анын жашоосу**нун** узактыгы

| Бактын аталышы | Бийиктиги | Жашоонун узактыгы |
|---|---|---|
| Алмурут | 10-20 м | 200-300 жыл |
| Арча | 1-3 (18) м | 500 (800-1000) жыл |
| Жаңгак | 20-30 м | 150-200 жыл |
| Кайың | 20-30 м | 100-150 жыл |
| Карагай | 20-30 м | 250-300 жыл |

Сүйлөмдөрдү толуктагыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1. Арча – ..., .... дарак.**

а) жытсыз, пайдалуу
б) жыттуу, пайдалуу
в) көрктүү, пайдасыз
г) көрксүз, пайдалуу

**2. Ал дайыма ... болуп, жаратылыштын көркүнө көрк кошот.**

а) көк-жашыл
б) кочкул-сары
в) кызгылт-сары
г) кыпкызыл

**3. Арча жаратылыш шартка жараша бирде ..., бирде ... өсөт**.

а) калың, сейрек
б) коюу, суюк
в) жапыз, терең
г) бийик, төмөн

**4. Адамдар аны абаны ... жана дары-дармек жасоо үчүн колдонушат.**

а) жашартуу
б) тазартуу
в) жаңылантуу
г) өзгөртүү

**5. Элибизде байыртадан эле арчадан түрдүү ... буюмдарды (бешик, идиш-аяк ж.б.) жасашкан.**

а) жашоо-тиричилик
б) оокат-тиричилик
в) дүйнө-тиричилик
г) турмуш-тиричилик

**Тапшырма 1.9.** Сүрөттөр боюнча чакан аңгеме түзүп, бири-бириңерге окуп бергиле


**Таяныч сөздөр:** *абышка-кемпир, бала, арча, оору, дарыгер*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







**Тапшырма 1.10.** Уламышты тыным менен окугула.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## АРЧА

Илгери бир абышка-кемпир жашаган экен. Экөө көп жыл балалуу болбой жүрүп, карыганда уулдуу болушат. Баласына болгон мээримин берип чоңойтушат.

Бир күнү баласы отунга кетет. Үйүнө келсе, энеси катуу ооруп төшөктө жатып калган болот. Эненин оорусу күн сайын күчөп, өңүнөн кетип саргайып, күндөн-күнгө арыктап, кичирейип калат.

Уулу атасынын кеңеши боюнча бир дарыгерди таап келет. Дарыгер кемпирдин тамырын көрүп:

– Бул оорyга бир гана дары бар, ал – мүрөктүн суусу, ошону ичирсең энең айыгат, – дейт. Аны көп жерди кыдырып, бир булактан табарын айтат.

### *1-тыным*

*Абышка-кемпир жөнүндө эмне билдиңер? Энеси эмне болуптур? Дарыгер кандай кеңеш бериптир? Баласы эмне кылат деп ойлойсуңар?* Ошол күнү эле бала алыс сапарга аттанып, жер кезип, булакты издеп жөнөйт. Акыры табат. Сууну алып, үйүнө кайтат. Уйку бетин көрбөй чаалыккан бала чарчап, бир дарактын түбүнө келип, уктап калат. Энесине алып бараткан баягы өмүрдүн суусун байкоосуздан төгүп алат. Ал жерге сиңип, дарактын тамырына жетет. Мүрөктүн суусуна сугарылган арча дайыма жашарып, өлбөс даракка айланат.

### *2-тыным*

*Бала мүрөктүн суусун канча убакыттан кийин тапты? Эмне себептен аны төгүп алды? Мүрөктүн суусунан арча эмне болду? Андан ары эмне болот деп ойлойсуңар?*

Сууну төгүп алганын көрүп, бала аябай өкүнөт, бирок ушул суудан арчанын көгөргөнүн көрүп, анын бир бутагын үйүнө алып келет. Келсе, энесинин абалы мурдагыдан да начарлап, өлүм алдында турган экен.

Бала алып келген арчанын бутагын үйдүн ичине түтөтүп, энесине жыттатат. Мүрөктүн суусун ичкен касиеттүү дарактан даба таап, энеси тез эле айыгып кетет.

Ушундан улам адамдар түрдүү оору-сыркоолордон, капыстан келген кайгыдан, чертип келген кырсыктан алыс болсун үчүн арчаны түтөтүү салты калган экен.

*Бала апасына жардам бере алдыбы? Кантип? Адамдар арчаны эмне үчүн пайдаланып калыптыр?*

**Тапшырма 1.1.** Сүйлөмдөрдү ирети менен жайгаштырып, жупта салыштыргыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Бир күнү энеси катуу ооруп калат.
2. Мүрөктүн суусун ичкен арчанын бутагын түтөткөндө энеси оорудан тез эле айыгып кетет.
3. Илгери бир абышка-кемпир жашаган экен.
4. Алардын жалгыз баласы болот.
5. Баласы мүрөктүн суусун алып келе жатып, төгүп алат.
6. Дарыгер апасына мүрөктүн суусу гана жардам берет деп айтат.
7. Мүрөктүн суусуна сугарылган арча жашарып, өлбөс даракка айланат

**Тапшырма 1.2.** Ак кайыңды ыр боюнча кандай элестеттиңер?

## АК КАЙЫҢ

Жарашыктуу жаштайын
Жадыраган жаз сайын.
Жаш күнүмдөн тең өскөн,
Жакшынакай ак кайың.
Бутагыңа коноюн,
Кыштын жолун тороюн.
Жаштыгыңды менден ал,
Аккан сууң болоюн…

*А. Осмонов*

**Тапшырма 1.3.** Текстти окуп чыгып, этиштин ыңгайларын таап көчүрүп жазгыла.

**Тапшырма 1.4.** Тексттеги этиштин ыңгайларын түрлөргө ажыратkыла жана аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

| Баяндагыч ыңгай | Буйрук ыңгай | Шарттуу ыңгай | Каалоо-тилек ыңгай | Максат-ниет ыңгай |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

**Тапшырма 1.5.** Сапаттык сын атоочторду пайдаланып, арча менен кайыңды сүрөттөп бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| Арча | Кайың |
|---|---|
| | |
| | |

**Өз алдынча иштөө.** Текстти окугула. Негизги мазмунун түшүнүүгө аракет кылгыла. Текстке ат койгула. Жогорудагы шарттар боюнча текстти талдагыла.

Талаага ташталган туткундардын көпчүлүгү жан чыдагыс азапта Сары-Өзөктүн аптабын көтөрө албай өлүп кеткен. Тирүү калса беш-алты туткундан бирөө же экөө калган. Ачкадан же чаңдан өлсө бир жөн го, өлгөндөр төөнүн кам териси күндүн кактоосунда улам кургаган сайын кысылып отуруп, мээни баш сөөктөн сыгып чыккыдай абалга жеткирген азаптан өлгөн. Күн ысыган сайын темирдей кууураган шири жылаңач башты чемгер салгандан бетер кысат. Ал аз келгенсип, эки күн өткөн соң жылаңач куйкадан жаңы чач да баш багат. Азияттыктардын тикендей тик өскөн кайраттуу чачы шириге сайылып, аны тешип өтө албаган соң кайра кайрылып куйкага сайылат. Мунун кыйноосу ширинин азабын ого бетер күчөтөт. Ошентип бара-бара туткундар эс-акылын жогото баштайт. Беш күн өткөндөн кийин туткундардын кимиси тирүү калганын билүүгө айдар көкүлдөр келет. Кыйноого түшкөндөрдүн бирөөнү тирүү тапса,максатына жеткендей ыраазы болушчу. Тирүү калганды кыйноосунан бошотуп, суу берип, акырындап ал-күчүнө киргизип алышчу. Бирок ал эми адам эмес, эс-акылдан айрылган маңкурт кул – мындай кулдар эс-акылы ордунда он кулдан артык бааланат. Эгер кагылышта маңкурт кул өлсө, анын кунун соо туткундун кунунан он эсе артык кун алышчу. Маңкурт деген эс-акылдан ажыраган бир сөлөкөт: өзү ким, эл-жери кайда, ысмы ким, ата-энеси ким, кайда, качан чоңойгон, эчтеме эсинде калбайт, эчтемени билбейт, кыскасы, өзүн адам элем деп эсептебей калат. Өзүн-өзү таануудан калганы менен маңкурттун чарба-тиричиликте бир топ артыкчылыгы бар. Өзү аягы айры, башы кара, бир макулук болгон соң, айдаган жакка кыңк этпей басат, айткан ишти кыңк этпей аткарат. Качам – коём, каяша кылам деген ой түшүнө да кирбейт. Кул ээсин ар качан түпөйүлдөткөн нерсе кулдардын көтөрүлүшү болчу эмес беле. Кулдардан маңкурттун айырмачылыгы – ал каяша кылуу, каршылык көрсөтүү деген сезимден ажырап калган. Ошондуктан аны дайым көзөмөлдөп, кароол коюунун, бөтөнчө андан чочулоонун эч кереги жок. Маңкурт итке окшоп ээсин гана ээрчип калат, ээсин гана тааныйт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Башка эч жанды тааныбайт да, билбейт, ошол үчүн башка бирөө менен сүйлөшпөйт. Анын бар болгон ою – кара курсак. Башка эч камы жок. Бирок тапшырылган ишти жан-дили менен өчөшкөндөй берилип аткарат. Адатта маңкурттарды эң балит, оор же болбосо макоо жан да чыдай алгыс бир калыпта созулчу узак жумуштарга коюучу. «Жоо кыйнаса, төө кайтартат» дегендей, Сары-Өзөктүн мелмилдеген кенен, ысык, бук кылар тынчтыгында айылдан алыс жайытта жайдыр-кыштыр төө кайтарчулар маңкурттар болгон. Мындайда ал жалгыз өзү көп төөчүлөргө татыйт. Курсагын гана тойгузуп турса болду, жапайы болуп кеттим дебейт, зериктим дебейт, жайдыр-кыштыр төө артында жүрө берет. Ээсин көрсө, итинен бетер кубанат. Үстүндө эски-уску кийим болуп суукта үшүбөсө, курсагы тоюп турса, башка эчтеме сурабайт да кейибейт…*(Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романынан.)*

**Тапшырма 1.1.** Тесттик тапшырмаларды аткаргыла.

**1. Бул окуя … болгон.**
а) Сары-Өзөктө
б) Ысык-Көлдө
в) Бишкекте
г) Ат-Башыда

**2. Автор текстте эмне деген ойду айткысы келди?**
а) адамдарды эс-акылынан ажыраткан мыкаачылыкты
б) биздин арабызда да мыкаачы бар экенин
в) ошол кездеги жашоо шарттарды
г) тарыхты баяндап айтып берүү

**3. Шири – … .**
а) төөнүн терисинен жасалган топу
б) эркектерге тиешелүү баш кийим
в) өзгөчө коолдолгон баш кийим
г) төөнүн терисинен жасалган каптагыч

**4. Маңкурт кулдун куну өзгөчө эмнеси менен кымбат болгон?**
а) ээсин кыңк дебей уккандыгы үчүн
б) каршылык, каяша көрсөтпөгөндүгү үчүн
в) башкаларга окшобогон топусу үчүн
г) суукка чыдамдуу болгону үчүн

**5. Туткундар эмнеден каза болушкан?**
а) ысык күндөрдөн
б) ширинин кесепетинен



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

в) ачка калгандыктан
г) суу жетпегендиктен

**6. Маңкуртту ар дайым кайтарып турушчу__**
а) аны кээде кайтарышчу
б) аны байлап коюшчу
в) аны кайтарышчу эмес
г) аны дайыма кайтарышчу

**7. Маңкурт ээсин … .**
а) көрсө жини келчү
б) абдан жаман көрчү
в) салкын мамиле кылчу
г) абдан жакшы көрчү

**8. Маңкурттун эң башкы кайгысы – … .**
а) жери
б) курсагы
в) кийими
г) атасы

**9. Айдар көкүл жунгарлардын адам чыдагыс адилетсиздиги…**
а) адамды эс-акылынан ажыратуусу
б) тамакты ченеп берүүсү
в) төө кайтартып койгону
г) адамга болгон кыянатчылдыгы

**10. Маңкурт – … .**
а) ээсинин эң жакшы көргөн кулу
б) иттин бир түрү
в) эс-акылынан ажыраган сөлөкөт
г) дүйнөдөгү акылдуу адам

**Тапшырма 1.2.** Текстти окуп чыгып, этиш сөздөрдү таап, алардын кайсы чакта экендигин аныктагыла жана бул сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

| Өткөн чак этиш катышкан сүйлөмдөр | Учур чак этиш катышкан сүйлөмдөр | Келер чак этиш катышкан сүйлөмдөр |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.3.** Тексттеги этиш сөздөрдү аныктап, аларды этиштин мамилелери боюнча түрлөргө ажыраткыла жана алардын лексикалык жана морфологиялык белгилерин айтып бергиле.

| Негизги мамиле | Кош мамиле | Өздүк мамиле | Туюк мамиле | Аркылуу мамиле |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

**Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.**


| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |



**«Сөз берметтери»**

«Эгер мамлекет менин колумда болгон болсочу, адам баласын оңдоп болбойт деген адамдын тилин тыйып койгон болор элем».


*Абай Кунанбай.*







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*O'quv nashri*

# ONA TILI 6

Umumiy o'rta ta'lim maktablarining
6-sinf o'quvchilari uchun darslik

(Qirg'iz tilida)

Редактору *А. Юнусалиева*
Сүрөтчүсү *Б. Зоиржонов*
Көркөм редактору *Ш. Ходжаев*
Дизайнер *Б. Зуфаров*
Техникалык редактору *Е. Степанова*
Кичи редактору *М. Салимова*
Корректору *М. Сулайманова*
Компьютерде даярдаган *Б. Душанова*

да басууга уруксат этилди. Форматы 60 x $84^1/_8$.
Офсеттик кагаз. Арип түрү «Arial». Офсеттик басма.
Шарттуу басма табагы 26,04. Учёттук басма табагы 22,39.
Нускасы . Келишим № 22-37.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Уринбаева, Ш.К.**

У 69 Кыргыз тили [Текст]: 6-класс үчүн окуу китеби / Ш.К. Уринбаева, [жана башк.] – Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. – 224 б.

ISBN 978-9943-8174-0-1

**УЎК 811.512.154(075.3)**
**ББК 81.2(5Кир)я72**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал**

| № | Окуучунун аты, фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебин алган кездеги абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылып жаткандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкүчө баалоо критерийлери боюнча толтурулат.**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажыралган эмес. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эзилген, четтери жыртылган, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажыралуу абалы бар. Пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада иретке келтирилген. Кээ бир беттерине сызыган. |
| Канааттандырарлык эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүктөн ажыралган же таптакыр жок. Канааттандырарлык даражада калыбына келтирилбеген. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, чийип, боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE